# КЫРГЫЗ ТИЛИ

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби*

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен

*4-басылышы*

ТАШКЕНТ
«O'ZBEKISTON» БАСМА-ПОЛИГРАФИЯЛЫК
ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ҮЙҮ
2017

УЎК: 821.512.133-512.122
КБК 81.2 Кир
К 88

**С. Үсөналиев, Н. Дустов, А. Кабулов, А. Хамидов**

К 88 **«Кыргыз тили»:** Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби. /С. Үсөналиев, Н. Дустов, А. Кабулов, А. Хамидов/ -Т.: «O‘zbekiston» БПЧҮ, 2017. 208 бет.

I. Үсөналиев С, ж.б.

УЎК: 821.512.133-512.122
ББК 81.2 Кир-922

**Рецензенттер:**

**З.Каххарова** — Ташкент облусу Бөкө районундагы 33-мектептин кыргыз тили мугалими;

**Х.Усманов** — Ташкент облусу Паркент районундагы 33-мектептин кыргыз тили мугалими.

**Шарттуу белгилер:**

 — суроо жана тапшырмалар;

 — эсиңерге туткула!

 — үйгө тапшырма

Ушул басылмага тиешелүү болгон бардык укуктар коргоого алынат жана **«Mitti Yulduz» ЖЧК** га таандык. Коомдун уруксатысыз тексттерден жана сүрөттөрдөн көчүрүп пайдаланууга тыюу салынат.

***Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.***

ISBN 978-9943-01-420-6

© «O‘ZBEKISTON» БПЧ ҮЙУ, 2017
© «MITTI YULDUZ», ЖЧК, 2013,2017

***Жаңы окуу жылыңар куттуу болсун,***
***келечек ээлери!***



Кыргыз тили өзүм сүйлөп үйрөнгөн,
Абалтадан ата-бабам сүйлөгөн!
Сен бар кезде — мен тирүүмүн, мен бармын,
Сен жоголсоң — мен жоголом дүйнөдөн.
Эч бир жерде «мен кыргызмын» дебесин,
Ойлоп сенин тагдырыңа күйбөгөн!

Т.Үмөталиев

# ЛЕКСИКА, ФРАЗЕОЛОГИЯ ЖАНА ЛЕКСИКОГРАФИЯ

Бир тилдеги сөздөрдүн жалпы жыйындысы лексика деп аталат. Лексика гректин lexis — лексис — сөз (айтуу) деген сөзүнөн алынган. Ал эми сөздөр жөнүндөгү илим **лексикология** деп аталат. Мында сөздөрдүн калыптанышын жана байышын изилдейт.

Фразеология — гректин *phrasis* – туюнтма, кеп түрлөрү *logos* – илим, окуу деген түшүнчөнү берет. Ажырагыс, туруктуу тизмектерден туруп, бир гана маанини билдирген сөз айкаштарын үйрөтүүчү тил илиминин бир тармагы фразеология деп аталат.

## 1-§. КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗДҮК КУРАМЫ

Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн бардыгы биригип келип **сөздүк курам** деп аталат.

1. Жаңы сөздөрдү түзүүгө уютку, негиз болгон уңгу сөздөргө мисал: Мекен, аба, суу, жер, китеп, нан, баш, бала, кыз, гүл.
2. Сөз мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалган туунду сөздөр: жаз — жазуу — жазмак — жазгыч — жазма — жазуучу, оку — окуу — окулган — окуучу — окутуучу.
3. Сөздөрдүн айкалышы аркылуу жасалган татаал сөздөргө мисал: жол башчы, баш бол, баш кат, баш ал, башма-баш, темир жол, бака жалбырак, ата-эне, бала-чака, Ата журт ж.б. кирет.

**1-көнүгүү.** Берилген текстти окугула. Андан уңгу, туунду, татаал сөздөрдү тапкыла.

АТА МЕКЕН

Адам үчүн аба, суу, күн, нан, ата-эне канчалык азиз, ыйык болсо, мекен да ошончолук ыйык болуп эсептелинет.

Мекен туулган жерден башталат. Мекенге болгон сүйүү анын талаалары, кыр-адырлары, тоолоруна болгон сүйүүдөн башталат.

Биз жашап жаткан кооз мамлекет Өзбекстан деп аталат. Мекенибиз көркөм өрөөндөргө, жемиштери миң дартка дабаа болуучу эгинзарлар жана бактарга, сууларга бай өлкө.



**2-көнүгүү.** Төмөнкү берилген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

1-топко: эне, сөз, бал, жоолук, ага-ини.

2-топко: суу, сүт, мал, жумушчу, Бугу эне.

3-топко: китеп, калем, кол, кескич, бийик-бийик.

4-топко: журнал, аба, белек, созмо, бал челек.

## 2-§. КЕСИПТИК СӨЗДӨР

Ар кандай кесипчиликке байланыштуу жана күндөлүк турмушта анчалык кеңири колдонулбай турган сөздөрдү **кесиптик лексика** дейбиз.

Мисалы: **1. Килемге байланыштуу:** көк килем, түк килем, ай көчөт килем, табак көчөт килем.

**2. Килем согууга байланыштуу:** такта жыгач, күзүк жыгач, ача жыгач, чалыш токмок, аяк баш жыгач.

**3. Оюуларга байланыштуу:** ыскыт, жээк, жөрмөмө, терс кайык, чычкан изи, ит таман, комуз тил, токол мүйүз, чөмүч баш.

**4. Балыкчылыкка байланыштуу:** дегээ, тор, кайырмак, кадоо, ак чабак, ит чабак, көк чаар, чортон, алабуга, сазан.

**5. Медицинага байланыштуу:** шприц, система, укол, кальций хлор, анальгин, цитрамон, спирт.

**6. Мугалимдикке байланыштуу:** чейректик баа, экзамен, тест, журнал, дептер, сумка, карандаш.

**3-көнүгүү.** Төмөнкү берилген сөздөр кайсы кесипке таандык экендигин бөлүп жазгыла.

Поэзия, симфония, футбол, пейзаж, дирижёр, ийне, шприц, глюкоза, араа, кетмен, кайчы, класс, коон, кычкач, мык, торт, салат.



**4-көнүгүү.** Төмөнкүдө берилген белгилүү бир кесипке байланыштуу сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

1-топко: ыр, сүрөт, күн карама, дарбыз;
2-топко: пахта, пейзаж, нокто, балта;

## 3-§. ДИАЛЕКТИЛИК СӨЗДӨР

Ар бир элдин адабий тили анын диалектикалык байлыктарынын эсебинен да толук-

талып турат. Адабий жактан калыптанган улуттук тилдин бир нече диалектиси болот. Адабий тилдин нормасынан айырмаланып, белгилүү бир аймакка гана тиешелүү болуп турган сөздөр диалекти деп аталат.

Диалект деген сөз грекстин «*dialektos*» (диалектос) деген сөзүнөн алынып, жергиликтүү тилдин бөтөнчөлүктөрү деген маанини билдирет.

Диалектинин мүнөздүү белгилери:

1. Адабий тилден морфологиялык, фонетикалык, лексикалык жактан айырмаланат.
2. Жалпы элдик тилге кеңири тарабайт.
3. Адабий тилде колдонулбайт.
4. Ошол жергиликтүү элдин тилинде, аймактарында гана сүйлөнө берет.
5. Башка диалектилерге түшүнүксүз келет. Бир диалектиде колдонулган сөздөр экинчи дилектиде колдонулбайт же экөөндө тең тыбыштык жагынан өзгөрүүлөргө учурап колдонулушу мүмкүн.

Кыргыз тилинин үч диалектиси бар. Алар: түштүк-чыгыш, түштүк-батыш жана түндүк диалектиси. Мисалы:

| **Диалектилерде** | **Адабий тилде** |
|---|---|
| пакса | сокмо дубалдын катмары |
| папек | коон, дарбыздын сабагы |
| загара нан | жүгөрү унунан жасалган нан |
| азил | тамаша |
| пул | акча |
| пакиза | таза |

**5-көнүгүү.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү окугула. Диалект сөздөрдү тапкыла.

1. Ошол жылы он эки кыз 1-класстын астанасын бирге аттаган элек. (К.Боб.) 2. Пешайбандын кыбыла жак бурчундагы чарпаяда бостек төшөлгөн орун салынган. (Ш.А.) 3. Меймандыкта жүрүп каттама, чак-чак, жулкунтай жакшы эле жедик. 4. Той кызматындагы аялдардын экөө бир-бирден мис чылапчын, жаркыраган мис абдесте көтөрүп, кирип келишти. (М.Абд.)

**6-көнүгүү.** Өзүңөр жашаган аймакта колдонулган диалект сөздөрдөн мисалдар келтирип сүйлөмдөр түзгүлө. Ал сөздөрдүн орфографиялык сөздүктө кандай аталарын көрүп чыккыла.



**7-көнүгүү.** Төмөнкү берилген диалект сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Десте, гозо пая, каса, сыйыр, парасат, андава, чайла.

## 4-§. ТЕРМИНДЕР

Белгилүү бир түшүнүктүн атын атоо үчүн алынган, көбүнчө бир мааниде колдонулган сөздөр жана сөз тизмеги **термин** деп аталат.

Терминге төмөндөгүдөй сөздөр кирет:

**1. Мал чарбачылыкка байланыштуу:** музоо, торпок, кулун, тай, кунан, бээ, тайлак, инген, атан, козу, улак.

**2. Курулуш иштерине байланыштуу:** жер там, жер кепе, керече, уук, эшик, чий, там, боз үй, ички үй, уста, шыбакчы, жыгаччы, торсун, чот, балта.

**3. Коомдук-саясий терминдер:** жумушчу, демократ, газета, республика, мамлекет, борбор, шайлоо, айыл чарба, мал чарба, илимпоз, кызматкер, илимдер академиясы, коом, Олий Мажлис.

**4. Тил илимине байланыштуу терминдер:** тамга, тыбыш, кашаа, чекит, сызыкча, кош чекит, ээ, баяндооч, сөз түркүмү, сөз, мүчө, уңгу, жөндөмө, аныктооч, сүйлөм, жөнөкөй сүйлөм, татаал сүйлөм, жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, атооч, илик, барыш, тактооч.

**5. Өнөр жайга байланыштуу терминдер:** станок, текстиль, ийрүү, чыйратуу, токуу, фильтрлөө.

**6. Математика илимине байланыштуу терминдер:** кошуу, көбөйтүү, кемитүү, ондук, жүздүк.

**8-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү окуп чыгып, терминдердин кайсы илимге таандык экенин тапкыла.

1-топко: реакция, батыш, арык, сөз түркүмү, көбөйтүү.

2-топко: кислота, чыгыш, тыбыш, түз сызык, синтаксис.

**9-көнүгүү.** Ботаника, тил, адабият, география илимине, дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдөн таап, аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.



**10-көнүгүү.** Төмөнкү терминдерди окуп чыгып, семантикалык (лексикалык), морфологиялык, синтаксистик жол менен жасалган терминдерди тапкыла.

Ээ, мүчө, уңгу, басым, баяндооч, ташымал, сөз жасоочу мүчө, сөз өзгөртүүчү мүчө, жөнөкөй сөз, кызматчы сөз, дарбазачы, устачылык.

## 5-§. ЭСКИРГЕН СӨЗДӨР

Эскирген сөздөрдү архаизмдер жана историзмдер деп эки топко бөлүштүрүүгө болот.

**Архаизмдер** — колдонуудан биротоло чыгып калган түшүнүктөр болбостон, түшүнүгү бар, аталышы калган сөздөр: буурусун – соко, буулум — кымбат кездеме, аткаруу комитети — акимчилик ж.б.

**Историзмдер** же **тарыхый сөздөр** деп аталган катар коомдук тарыхый шартка карата келип, колдонулуш чөйрөсү зарылчылыкты түзбөй калганда колдонуудан чыгып кете берет. Алар колдонуудан биротоло чыгып, илимий изилдөөлөрдө, тарыхый чыгармаларда атайын каражат катары колдонулат: *удайчы — хан ордосун кайтаруучу, парваначы — хандын жарлыгын жарыялоочу, мударрис — медреседе сабак берүүчү, дарс — сабак, каракелтек — элден чогулган жардамчы күч, жааңгер — согушчул, жеңүүчү.*

**11-көнүгүү.** Төмөнкү ырдан эскирген, азыр тилибизде колдонулбай калган сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла.

**Он башылар** ороктоп,
**Чоң дүмпүлдөк** добулбас,
**Найзалары** короктоп.
**Чогоол** бала Семетей,
Адамдын башы кагышып,
Дүң дегизе урду эле. (*С.К.*)

**12-көнүгүү.** Өзүңөр каалаган эскирген сөздөрдөн төрт-бештен катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Аларды көчүрүп жазып, эмне үчүн эскирген сөз экендигин далилдегиле.



**13-көнүгүү.** Окуп чыгып, төмөнкү эскирген сөздөрдүн маанилерин түшүнгүлө. Эскирген сөздөрдөгү тарыхый жана архаизм сөздөрүн тапкыла.

**Ак бараң** (ак келте, көк келте, очогор, койчагыр, жазайыл) — эски мылтыктын түрлөрү.

**Айбалта** — мизи курч, сабы узун, болоттон жасалган курал.

**Сыр найза** — сабы узун, башына учтуу темир орнотулган найза.

## 6-§. ЖАҢЫ СӨЗДӨР

Коомдук өзгөрүүлөрдүн, илимдин, техниканын, маданияттын ж.б. өнүгүшүнө байланыштуу сөздүк курамга кирген сөздөр жаңы

сөздөр, башкача айтканда **неологизмдер** деп аталат.

Неологизм гректин neo (жаңы) жана *logos* (илим) деген сөзүнөн алынган. Бизге жаңыдан пайда болгон сөздөр деген түшүнүктү билдирет.

Жаңы сөздөр илимге, мекемелерге, окуу жайлары, ишканаларга, коомдук-саясий турмушка, өнөр-жайга, айыл чарбасына, кесипке ж.б. байланыштуу болушу мүмкүн.

Төмөндө бүгүнкү күндө көп жана активдүү колдонулуп жаткан жаңы сөздөрдөн үлгүлөр берилет: *космос, корабль, магистратура, дипломат, фирма, референдум, концерн, акимият, спикер, спонсор, парламент, бизнесмен, супермаркет, гипермаркет*.

**14-көнүгүү.** Кара менен басылган сөздөргө көңүл бургула. Маанисин айтып бергиле. Эскирген сөз болсо атагыла.

1. Облустар, райондор, шаарлар ортосунда Республикабыздын “O‘zko‘rgazmasavdo” комплексинде **аукцион** болуп өттү.

2. Бүгүн “Пахта банктан” **кредит** алган бир нече **фермерлердин** отчёту угулду.



**15-көнүгүү.** Төмөнкү неологизмдерди сөздүктөрдөн карап, маанисин түшүнүп, сүйлөмдөр түзгүлө.

1-топко: флешка, бакалавр, аукцион;
2-топко: интернет, тест, скотч;

## 7-§. ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Сүйлөгөн сөзүбүздө, адабий чыгармаларда эки же андан ашык сөздөрдөн куралып, белгилүү бир түшүнүктү билдирген сөз айкаштары көп учурайт.

Мындай сөз айкаштары эркин сөз айкашы жана туруктуу сөз айкашы болуп, эки топко бөлүнөт.

1. Эркин сөз айкашында ар бир сөз өзүнчө түшүнүктүү жана сүйлөмдөгү өздөрү менен бирге байланышта болуп айтылган сөздөр менен эмес, башка сөздөр менен эркин айкаша берет.

Мисалы: *Биз эртең экскурсияга чыгабыз* деген сүйлөмдөгү сөздөрдү төмөнкүчө сөз айкаштарына ажыратсак болот. *Биз чыгабыз, эртең чыгабыз, экскурсияга чыгабыз*. Бул эркин сөз айкаштары.

2. Ал эми туруктуу сөз айкаштарында сүйлөмдөр ушундай эркин түзүлө бербейт. Алар ажырагыс сөз тизмектеринен турат. Аларды ажыратып жиберсек, пайда кылган маанисин жоготот.

Мааниси жактан биримдикти түзгөн бир нече сөздөрдүн туруктуу айкаштары **фразеология** деп аталат.

Фразеологиялык туруктуу айкашуулар тилге тактык, ачыктык, көркөмдүк маанисин берет, көбүнчө өтмө мааниде колдонулат.

Мисалы: *кабыргасы менен кеңешүү, колу ачык, күлү додо болбогондор, суу жүрөк, үрүп чыгар ити жок, ийне-жибине чейин, таш боор, чычканга кебек алдырбаган.*

**16-көнүгүү.** Төмөнкүдө берилген фразеологизмдерди катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө.

Эки көзүм төрт, колу жука, бармагын кесе тиштөө, тишинин кирин соруу, ачуусу мурдунун учунда, бычакка сап боло албаган, ичи тар.

**17-көнүгүү.** Өзүңөр күндөлүк турмушта колдонулуп жаткан фразеологизмдерди байкап, жазып келгиле. Мында чоң ата, чоң эне, ата-энеңер менен да кеңешип көргүлө.

**18-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, эркин жана туруктуу сөз айкаштарын тапкыла. Эмне үчүн эркин жана туруктуу сөз айкашы экендигин түшүндүргүлө.

1. Бизге бүгүн көбүрөөк тапшырма берилди. 2. Анын сөзү жылаңач төөнү бучкакка чапкандай угулду. 3. Бүгүн эмнегедир жымжырт, кулак-мурун кескендей. 4. Душмандарды жер менен жексен кылуу керек.



**19-көнүгүү.** Төмөнкү фразеологизмдерди катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Анын синонимдерин тапкыла.

Колтукка суу бүркүү. Ак төөнүн карды жарылуу. Темирди кызуусунда согуу. Өз убагында иштөө. Бармагын кесе тиштөө. Үкүнүн уясын тапкандай. Билмексен болуу. Камырдан кыл суургандай. Төбөсү көккө жетүү.

# ЖЫЙЫНТЫКТОО, КАЙТАЛОО, БЫШЫКТОО САБАГЫ

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Тилдин сөздүк курамы деп эмнеге айтабыз?
2. Сөздүк курамды кандай сөздөр түзүшөт?
3. Диалект сөздөр деп эмнеге айтабыз? Алардын мүнөздүү белгилери кайсылар?
4. Кыргыз тилинин канча диалектиси бар? Кайсылар?
5. Кесиптик сөздөр деп эмнеге айтабыз?
6. Термин дегенибиз эмне? Мисалдар келтиргиле.
7. Терминдердин пайда болушундагы негизги булакты айтып бергиле.
8. Эскирген сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө. Оозеки мисалдар келтирүү менен далилдегиле.
9. Неологизмдер деп кандай сөздөрдү айтабыз? Алардын пайда болуу себебин айтып бергиле.
10. Эркин сөз айкашы менен туруктуу сөз айкашынын окшоштуктары жана айырмачылыгын айтып бергиле.
11. Фразеологизмдерге мисалдар келтиргиле.

**20-көнүгүү.** Берилген туруктуу сөз айкаштарын катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

1-топко: үйдүн кутун учуруу, кара кылды как жарган, тилин тишине басуу;

2-топко: ат тезегин кургатпай, кабагынан кар жаап, колу ачык;

**21-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн эскирген сөздөрдү жана неологизмдерди тапкыла. Эскирүүнүн себептерин түшүндүргүлө. Жаңы сөздөрдүн качан пайда болгондугун болжолдоп айткыла.

1. Ал кезде береги алп крандарды, кубаттуу экскаваторлорду, тигил агрегаттарды, топурак сузуп жүргөн грейдерлерди, чанда болсо да, көрчү эмеспиз. 2. Ордо тез арада Кожомуратты датка атыктырып, Кедейбайды Наменгенге бек кылып жиберди. 3. Азыркы базар экономикасынын шартында фирмалар, аукциондор, акционердик коомдор бизнесмендер пайда болду.



**22-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү окуп чыгып, кайсынысы эркин сөз айкашы, кайсынысы туруктуу сөз айкашы экендигин ажыраткыла. Туруктуу сөз айкаштарын катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Жалгыз аяк жол. Көздүн карегиндей сактоо. Ак жолуң ачылсын! Ыргыткан ташы өйдө кулоо. Куркулдайдын уясын тапкандай. Кыш камылгасын жайда көрүү керек. Ал майын чыгарып сүйлөп берет.

# ЛЕКСИКОГРАФИЯ

## 8-§. ЛЕКСИКОГРАФИЯ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Лексикография** — тилдеги сөздөрдү жана фразеологиялык түрмөктөрдү жыйноо жана системага салуу иши, сөздүктөрдү түзүү ишин уюштуруучу тил илиминин бир бөлүмү. Бул гректин *«lexis»* — сөз жана *«grafo»* — жазуу деген сөздөрүнөн алынган.

**Сөздүк** деп, бир тилдеги сөздөрдүн чогултулуп, жыйналып, алфавит тартибине келтирилип чыгарылган китепти айтабыз.

Кыргыз тилинде ар түрдүү сөздүктөр бар. Аларга төмөнкү сөздүктөр кирет.

**1. Котормолуу сөздүк** — бир тилдеги сөздөр башка тилдерге (орус, немис, англис, кыргыз) которулуп берилет.

Мисалы: *кыргызча-орусча, орусча-кыргызча (К. К. Юдахин), немисче-кыргызча, кыргызча-немисче, англисче-орусча, орусча-англисче сөздүктөр.*

**2. Түшүндүрмө сөздүк** — бир тилдеги сөздөрдүн маанисин ачып, ага грамматикалык мүнөздөмө берген сөздүк.

Мисалы: аарчы — *бет аарчы, жүз аарчы, бети-колду сүртө турган кол жоолук; сүртүү, тазалоо.* Агайын — *тууган-туушкан,*

*туугандыгы жакын адам, ага-ини*. Мээрим — *сүймөнчүлүк, жагымдуу мүнөз, күйүмдүүлүк, кайрымдуулук*. Мындай сөздөрдү «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн» кара, — Ф., 1969.

**3. Диалектологиялык сөздүк** — диалектилерде колдонулган түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин ачып түшүндүргөн сөздүк.

Мисалы: *калит* (түшт.) — *кулпу* (түндүктө), *сыйыр* (түшт.) — *уй* (түнд.), *бадыбот* (Ысык-Көл) — чоң чыны (адаб. тил), *муногу* (талас) — *мына бул* (адаб.т.) Кара: Ж. Мукамбаев. «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү», — Ф., 1976, 1978, I, II том.

**4. Орфографиялык сөздүк** — адабий тилдеги сөздөрдүн туура жазылышын көрсөткөн сөздүк.

Мисалы: *ата мекен эмес, Ата Мекен; азырак эмес, азыраак, мынтык эмес, мылтык*. Кара: Х.Карасаев. «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү», — Ф., 1966, 1983.

**5. Синонимдер сөздүгү** — тилдеги айтылышы ар башка, бирок мааниси бирдей сөздөрдүн жыйындысын берген сөздүк.

Мисалы: *көп — мол — арбын; алыс — ыраак — узак; бөрү — карышкыр*. Кара: Ш. Жапаров, К. Сейдакматов. «Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү», — Ф., 1984.

**6. Антонимдер сөздүгү** — тилдеги мааниси бири-бирине карама-каршы болгон сөздөрдүн жыйындысын берген сөздүк.

Мисалы: *аз — көп, жакшы — жаман, улуу — кичүү, узун — кыска.* Кара: «Кыргыз тилиндеги антонимдер сөздүгү», — Ф., 1988.

**7. Этимологиялык сөздүк** — тилдеги сөздөрдүн түпкү тегинин келип чыгышынан кабар берген сөздүк.

Мисалы: *апта* иранча *жети* деген санды түшүндүрөт, бизче жети күндүк убакыт (жума). *Кеткенине бир апта болду.*

*Улакол* — монгол тилинен кирген, *улан (улаан)* бизче *кызыл, гол (кол) өзөн, суу* деген мааниде.

*Байпак* — иранча *пай,* кыргызча *бут* деген, *пак* деген сөз бизче *кап* деген мааниде, демек буттун кабы. Кара: К.Сейдакматов. «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү», — Ф., 1988.

**8. Фразеологиялык сөздүк** — тилдеги туруктуу сөз айкаштарын, фразеологиялык бирдиктерди, түрмөктөрдү бир тартипке салган, алардын келип чыгышын, маанисин түшүндүргөн сөздүк. Кара: «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү», — Ф., 1980.

**9. Энциклопедиялык сөздүк** — тарыхый-коомдук, саясий-илимий мааниси бар айрым сөздөргө, терминдерге, түшүнүктөргө, тарыхый ири окуяларга, өлкөлөргө, географиялык аттарга, атактуу адамдарга кыскача баян берген сөздүк, сүрөттөр, карталар, эң зарыл ар түрдүү маалыматтар менен жабдылган сөздүк.

Мисалы: Өзбекстан Республикасынын энциклопедиялык сөздүктөрү.

**10. Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү** — сөздөрдү морфемаларга (уңгу, мүчөлөргө) туура ажырата алууну үйрөтүүчү сөздүк.

Мисалы: адамгерчилик, бил/им/дүү, тиле/к/теш/тик. Кара: Ж. Мукамбаев, А.Осмонкулов. «Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү»,— Ф., 1978.

**23-көнүгүү.** Окуп чыгып, мисалдар кайсы сөздүктөн алынгандыгын аныктагыла. Ал сөздүктөр жөнүндө кыскача кабар бергиле. Сөздүктөрдүн турмуштук маанисин түшүндүргүлө.

1. Грамматический анализ — грамматикалык талдоо. 2. Тукум — жумуртка, кулакчын — тумак, көрпө — жууркан. 3. Гласные звуки — үндүү тыбыштар. 4. Ава эмес, аба (ырайы); бүгүңкү эмес, бүгүнкү; ооз эки эмес, оозеки. 5. Карышкыр — бөрү, жакшы — сонун — мыкты — түзүк.



**24-көнүгүү.** Өзүңөр ар бир сөздүккө бирден мисал ойлоп тапкыла. Сөздүктөр жөнүндө өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

## СӨЗДӨРДҮН МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖОЛ МЕНЕН ЖАСАЛЫШЫ

### 9-§. АТООЧТОН АТООЧ ЖАСООЧУ МҮЧӨЛӨР

Уңгуга сөз жасоочу мүчөлөрдүн уланышы аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалышы **морфологиялык жол** (ыкма) деп аталат.

Мисалы: *окуучу, тарбиячы, аркылуу, шаардык, достук, сызгыч, өткүр, чене*. Мынды **-чу -луу, -лык, -гыч, -гыр, -а** деген мүчөлөрдүн уланышы аркылуу жаңы сөздөр пайда болду.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн төмөндөгүдөй төрт түрү бар:

а) атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр;
б) атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр;
в) этиштен атооч жасоочу мүчөлөр;
г) этиштен этиш жасоочу мүчөлөр.

Төмөнкү мүчөлөр атооч сөздөрдөн атооч сөздөрдү жасайт:

**-чы** — *өтүкчү, жумушчу, адабиятчы, ырчы, сынчы, тилчи.*

**-кер** — *жоокер, кызматкер, айлакер, боорукер, ишкер, дарыгер, кылмышкер, күнөөкөр.*

**-чылык** — *дыйканчылык, коомчулук.*

**-лаш** — *аталаш, энелеш, карындаш, сырдаш.*

**-сыз** — *баласыз, адепсиз, суусуз, бактысыз.*

**-лык** — *жаштык, айлык, достук, жолдоштук.*

**-луу** — *токойлуу, балалуу, малдуу, күчтүү.*

**-дай** — *тоодой, алтындай, суудай, күмүштөй.*

**-чыл** — *суучул, жаанчыл, динчил, ойчул.*

**-чан** — *атчан, тончон, кийимчен.*

**-дагы** — *элдеги, тоодогу, шаардагы.*

**-дак** — *кумдак, саздак, таштак, жайдак.*

**-кор** — *чайкор, малкор, дүйнөкор, камкор.*

**-кеч** — *арабакеч, кирэкеч, азилкеч.*

**-мак** — *ичмек, көлмөк.*

**-кана** — *мейманкана, ашкана, китепкана.*

**-стан** — *Өзбекстан, Кыргызстан.*

**-көй** — *намыскөй, тамашакөй, амалкөй.*

Атооч сөздөрдөн атооч сөздөрдү жасаган мүчөлөр **атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр** деп аталат. Буга жогорку мүчөлөр кирет.



**25-көнүгүү.** Окуп чыгып, атоочтон атооч жасаган мүчөлөрдү тапкыла. Эмне үчүн морфологиялык жол экенин аныктагыла.

1. Анын келгенине аз болсо да, өрнөктүктөр өз кишисиндей көрүшөт. (*К.Б.*). 2. Араңардан, кымбаттуу балдар, илимпоздор, өнөрпоздор да чыгат. 3. Жакшыраак окуп, тартиптүү болосоңор, кичи пейил өссөңөр, ата-эненин милдетин аткарган болосуңар.

## 10-§. АТООЧТОН ЭТИШ ЖАСООЧУ МҮЧӨЛӨР

Кээ бир мүчөлөрдүн жардамы менен атооч сөздөрдөн этиш сөздөр жасалат. Ага төмөнкү мүчөлөр кирет:

**-ла** — *иште, майдала, кайчыла, жакшыла, кооздо, сырда, эксөлө, үчөөлө, башта, кышта, жайла, араала, балтала.*

**-лан** — *намыстан, сыймыктан, капалан, суктан, эттен, сулуулан, сактан, кекечтен.*

**-а** — *сана, чене, көзө, ото, ойно, күчө, түнө, бошо, оңо, түзө, өөнө, сына, теңе.*

**-ар** — *агар, көгөр, карар, кызар, узар, түнөр.*

**-лаш** — *достош, сүйлөш, жардамдаш, иштеш, кезектеш, амандаш, элдеш, катташ.*

**-кар** — *башкар, аткар, откор.*

**-каз** — *атказ, откоз.*

**-ырка** — *таңырка, ташырка, санаарка, күчүркө.*

**-ай** — *чоңой, картай, жооной, кеңей, муңай, көбөй.*

**-ык** — *демик, оттук, бирик, ачык.*

**-сыра** — *алсыра, кансыра, уйкусура, этсире.*

**-ан** — *оозан, узан.*

**-ы** — *тары, байы, жашы.*

**-сын** — *баатырсын, мыктысын, улуусун, кемсин.*

**26-көнүгүү.** Жогорку мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган этиш сөздөрдү катыштырып, 6 сүйлөм түзгүлө. Атоочтон этиш жасоочу мүчөлөрдү санагыла жана үйрөнгүлө.

**27-көнүгүү.** Атооч сөздөргө этишти жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла.

Орун, сөз, кызыл, кат, ат, бүт, жарк, ата, от.



**28-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө атоочтон атооч жасаган мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Кызмат, шаар, мектеп, өнөр, жакшы, жаман, жүз кырк, уя, токой, алтын, күмүш, суу, алтымыш.

## 11-§. ЭТИШТЕН АТООЧ ЖАСООЧУ МҮЧӨЛӨР

Төмөнкү мүчөлөр этиштен атооч сөздөрдү жасайт:

**-ым** — *басым, билим, бөлүм, кийим, чечим.*

**-ма** — *сайма, басма, тосмо, кесме, түймө.*

**-мал** — *ташымал, оромол, ачымал, таанымал.*

**-мак** — *оймок, өрмөк, чертмек, куймак.*

**-гы** — *чалгы, шыпыргы, ачыткы, уютку.*

**-гыч** — *тангыч, ачкыч, сүзгүч, баскыч.*

**-ынды** — *чабынды, кесинди, таштанды, үзүндү.*

**-ык** — *айрык, жыртык, тешик, буйрук.*

**-мыш** — *турмуш, тушамыш, тарамыш, кылмыш.*

**-ыш** — *чабыш, уруш, согуш, этиш.*

**-уу (үү)** — *жазуу, окуу, чийүү, сүйүү, күйүү.*

**-ыч** — *кубаныч, өтүнүч, сүйүнүч, чөмүч.*

**-ылга** — *табылга, жасалга.*

**-дак** — *куурдак, шырдак, кыштак.*

**-гыр** — *алгыр, өткүр.*

**-гын** — *кыргын, чалгын, куугун, сүргүн.*

**-гак** — *соргок, тайгак, таңгак, тоңгок.*

**-лык** — *кестик, калдык, ойдук, чукулук.*
**-аак** — *ыйлаак, тердээк, сүйлөөк, ойноок.*
**-оо, -уу** — *жайлоо, кыштоо, шайлоо, жазуу.*
**-чаак** — *таарынчаак, унутчаак, урушчаак.*
**-ооч** — *тырмооч, баяндооч, айкындооч.*
**- аанак** — *кабаанак, тебээнек, сүзөөнөк.*
**-ын** — *жаан-чачын, үркүн, эгин-тегин.*
**-ак** — *күрөк, жүрөк, тарак, тилек.*
**-арман** — *чабарман, билерман, күйөрман.*
**-аша** — *чыгаша, киреше.*
**-га** — *тутка, тепке, табылга, камыл(н)га.*
**-ган** — *көбүргөн, чагылган, капкан.*

**29-көнүгүү.** Этиштен атооч жасоочу мүчөлөрдү санап бергиле. Бул мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалган сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

**30-көнүгүү. Бас, атат, куур, чык, үй** деген сөздөргө этиштен этиш жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла.



**31-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Этиштен жасалган атооч сөздөрдү тапкыла. Сөз жасоонун морфологиялык жолун айтып бергиле.

1. Ичи ооруган күлкү сүйбөйт, ит күлүгүн түлкү сүйбөйт. (*Макал*) 2. Илим — өнөр булагы, өнөр — өмүр чырагы. 3. Жумагүл оромолун колуна алып, келе жаткан автобусту карай чуркады. 4. Кубаныч көп, кайгыруу жок.

## 12-§. ЭТИШТЕН ЭТИШ ЖАСООЧУ МҮЧӨЛӨР

Төмөнкү мүчөлөр этиштен этишти жасайт:

**-ык** — *көнүк, бышык, тынык.*

**-ын** — *көрүн, билин, урун, басын.*

**-дыр** — *билдир, күлдүр, алдыр, аттыр.*

**-ар** — *чыгар, кайтар, багар, көрөр.*

**-ыр** — *бүтүр, кечир, качыр, ашыр.*

**-кар** — *өткөр, бүткөр, аткар.*

**-ыш** — *тийиш, бериш, алыш, көрүш.*

**-гыла** — *чапкыла, ургула, сүргүлө.*

**-мак** — *бармак, келмек, алмак.*

**-гыз** — *отургуз, билгиз, тургуз.*

**-кыр** — *жаткыр, жеткир.*

**32-көнүгүү.** Жогорку мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган этиш сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Эмне үчүн ал мүчөлөр этиштен этиш жасоочу мүчө экендигин аныктагыла. Сөз жасоонун жолдорун айтып бергиле.

**33-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөргө этиштен этиш жасоочу мүчөлөрдү улап, үлгү боюнча көчүрүп жазгыла.

Кел, бас, иште, кал, бүт, карма, жаз, бар, теп.

**Үлгү:** ал — алдыр — алыш — алгыла — алмак — алгыз.



**34-көнүгүү.** Сөз жасоонун морфологиялык жолу жөнүндө айтып бергиле. Бул аркылуу жасалган сөздөргө мисал келтирип, кайсы сөз түркүмүнөн кайсы сөз түркүмү жасалганын айтып бергиле.

## 13-§. СӨЗ ЖАСООНУН СИНТАКСИСТИК ЖОЛУ. ТАТААЛ СӨЗДӨР

Эки же андан ашык сөздөрдүн ажырагыс тизмегинен туруп, лексикалык жактан бир гана маанини билдирген, жаңы маанидеги сөздөрдү жасоо **синтаксистик ыкма** (жол) деп аталат.

Мисалы: *жол башчы, Ата Мекен, темир жол, ата-эне, бала-бакыра, Коргонтөбө, Жаңыбазар, ЖК, БУУ.* Булар *жол* жана *башчы, ата* жана *мекен, темир* жана *жол, ата* жана *эне, бала* жана *бакыра, Коргон* жана *төбө, жаңы* жана *базар* деген сөздөрдөн жана *ЖК, БУУ* толук маанилүү сөздөрдүн баш тамгаларынын кыскарышынан түзүлүп, бир жаңы маанини түшүндүрдү.

Татаал сөздөр синтаксистик жол менен жасалат. Эми төмөнкү мисал жана сүйлөмдөрдү карап көрөбүз:

1. Күн шооласы Кызылбел жайлоосуна чачырады. 2. Асмандагы булуттар уйгу-туйгу болуп, Ала-Тоонун башына жол тартты. 3. Коргонтөбө — Өзбекстан Республикасынын эң четки району. 4. Поезд өтпөй калган ара-чолодо талаа бети кулак-мурун кескендей, ың-жың тунжурап турат.

Эки же андан көп сөздөрдөн айкалышып, бир гана маанини, бир гана түшүнүктү билдирген сөздөр **татаал сөздөр** деп аталат.

Мисалы: *өнөр жай, таш бака, ак куу,*

*тоту куш, алпкаракуш, темир жол, жол башчы, калай кашык, алтын саат, орун басар; ата-эне, ага-тууган, жер-суу, эже-сиңди, бала-чака, ЖК (Жогорку Кеңеш), КМШ (Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги), АК (Акционердик коом).*

Татаал сөздөр төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилерге ээ:

1. Татаал сөздөрдүн курамындагы сөздөрдү бири-биринен ажыратып кароого болбойт: *Ата Мекен, ак чардак, таш көмүр, чек ара, агайын-тууган, жакшы-жаман, сак-саламат, Чолпоната, Карасуу.*

2. Татаал сөздөр биригип келип, бир затты, кыймыл-аракетти билдирет: *күч-кубат, жер-суу, келе жатат, чоң эне, көкбөрү, ат чабыш, бара жатат.*

Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр **кош сөздөр, кошмок сөздөр** жана **кыскартылган сөздөр** болуп үчкө бөлүнөт.

**35-көнүгүү.** Окуп чыгып, татаал сөздөрдү тапкыла. Татаал сөздөрдүн эрежесин, бөлүнүшүн, мүнөздүү белгилерин айтып бергиле. Эмне үчүн татаал сөздөр сөз жасоонун синтаксистик жолуна кирерин түшүндүргүлө.

1. Ала-Тоону карай жол кетет. Жол Тамга-Терек, Калмак Кырчын, Кап-Согоор, Как-Көл, Ничке, Доскана, Кызыл-Суу аркылуу өтүп отуруп, туптуура Тогуз-Торого жеткирет. 2. Жоро-жолдоштун көбөйүшүн кааласаң, ачык-айрым, калыс бол. 3. Кыргыздардын улуттук-боштондук

көтөрүлүшү бир миң тогуз жүз он алтынчы жылы болгон.



**36-көнүгүү.** Өзүңөр төмөнкү татаал сөздөрдү катыштырып, 6 сүйлөм түзгүлө.

Ата Мекен, өнөр-жай, чоң эне, Айдаркөл, Олий Мажлис, Алтынбел.

## 14-§. КОШ СӨЗДӨР

Төмөнкү берилген сүйлөмдү окуп чыгып, андагы жупташып келген сөздөргө көңүл бургула.

*Он бешинде толгон ай жердин ак-карасын дааналап, жылга-жыбытты, аң-дөңдөрдү, кокту-колотторду, бийик-бийик аска-зоолорду дапдаана кылып көрсөттү.*

Эки же андан көп сөздөрдүн туруктуу айкалышынан түзүлүп, жалпыланган бир түшүнүктү билдирген, жуп-жубу менен айтылган татаал сөздөр **кош сөздөр** деп аталат. Кош сөздөр маанисине карата төмөндөгүдөй **үч топко** бөлүнөт:

Кош сөздөрдүн бөлүнүшү

- Эки сөзү тең маани берүүчү кош сөздөр
- Бир сөзү маани берип, бир сөзү маани бербеген кош сөздөр
- Эки сөзү тең маани бербеген кош сөздөр

1. Эки сөзү тең маани берүүчү кош сөздөр. Буга: *ата-эне, эже-сиңди, жакшы-жаман,*

*оң-тетири, курбу-курдаш, кышты-кыштай, эл-жер, өйдө-ылдый, оң-тетири, илим-билим, бак-дарак, келим-кетим, сак-саламат, чымын-чиркей, козу-улак* ж. б. сөздөр кирет.

2. Бири маани берүүчү, бири маани бербөөчү кош сөздөр. Мисалы: *эт-мет, китеп-ситеп, мал-сал, бала-чака, кийим-кече.*

3. Эки сөзү тең маани бербеген кош сөздөр. Мисалы: *үрүң-бараң, быкы-чыкы, быт-чыт, кажы-кужу, акыр-чикир, ыпыр-сыпыр, уйгу-туйгу, чак-челекей, ың-жың.*

Кош сөздөр араларына дефис коюлуп жазылат: *ага-ини, өйдө-ылдый, азык-түлүк.*

**37-көнүгүү.** Төмөнкү кош сөздөрдү окуп чыгып, айрымдарын катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Кош сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле. Эмне үчүн кош сөздөр сөз жасоонун синтаксистик ыкмасына кирерин далилдеп түшүндүргүлө.

Күч-кубат, оң-тетири, аман-соо.

**38-көнүгүү.** Төмөнкү кош сөздөрдү сүйлөм түзүп көчүрүп жазып, анын кайсы сөзү маани берип, кайсы сөзү маани бербей жатканын далилдегиле.

Жарк-журк, дос-мос, кызыл-тазыл, нан-пан.



**39-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү окуп чыгып, кош сөздөрдү тапкыла. Кандай кош сөздөр экенин аныктагыла. Аларды катыштырып, сүйлөм түзүп келгиле.

Быкы-чыкы, ыңыр-сыңыр, кыжы-кужу, үрөң-бараң.

## 15-§. КОШМОК СӨЗДӨР

Эки же андан ашык сөздөрдүн туруктуу айкашууларынан түзүлүп, так бир түшүнүктү билдирген сөздөр же сөз айкашы **кошмок сөздөр** деп аталат.

Кошмок сөздөргө төмөнкүдөй сөздөр кирет:

Ар бир сөзү өз алдынча мааниге ээ болгон сөздөр. Мисалы: *боз үй, бел боо, кыркаяк, беш жылдык, ала карга, чек ара, Ата Мекен, өнөр жай, айыл чарба, күнкарама, бетмай.*

Кошмок сөздөргө эки же андан ашык сөздөрдөн куралган адам аттары да кирет.

Мисалы: *Темиркул, Кудайберген, Тоголок Молдо, Молдо Нияз, Жеңижок, Токтогул, Асанбай, Жетикашка, Бешкемпир.*

**40-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдө ажыратып көрсөтүлгөн кошмок сөздөрдү талдагыла. Көчүрүп жазып, ушундай мисалдардан дагы 6 сүйлөм түзгүлө.

1. Эмки сөз, кымбаттуу балдар, *Ата Мекен* жөнүндө болот. 2. *Амударыя менен Сырдарыя* сууларын Арал деңизине барып куят эле. 3. *Айыл чарбабыз, өнөр жайыбыз* тез өнүксө элдин кирешеси да көбөйө берет.



**41-көнүгүү.** Төмөнкү кошмок сөздөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп тапкыла. Тапкан сүйлөмүңөрдү көчүрүп жазгыла.

Он жылдык, Галларал, Тахир Малик, Саид Ахмад.

# 16-§. КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

Бир нече толук маанилүү сөздөрдү баш тамгаларынан, муунунан ж.б. кыскартылып алынышы **кыскартылган сөздөр** деп аталат.

**42-көнүгүү.** Төмөнкү мисалдарды окуп чыгып, кыскартылган сөздөрдү тапкыла. Баш тамгаларынан же муундарынан ж.б. кыскартылганын аныктагыла.

1. РББ — Республикалык Билим берүү Борбору.
2. БУУ — Бириккен Улуттар Уюму.
3. ЛДП — Либералдык Демократиялык Партия.

**43-көнүгүү.** Окуп чыгып, кыскартылган сөздөрдү тапкыла. Кандай жолдор менен кыскартылганын аныктагыла. Кыскартылган сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле.

1. Жолдоштор, бул ГЭС — биздин бактыбыз, биздин келечегибиз! 2. Өмүрбек Наваий МУнун тоо-инженердик факультетинде окуду. 3. Менин агам ЭД партиясына мүчө болуп кабылданды.



**44-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кыскартылган сөздөрдү тапкыла. Кандай жолдор менен кыскартылганын айтып бергиле. Аларды чечмелеп түшүндүргүлө.

1. КМШнын курамына кирген мамлекеттердин жетекчилеринин кезектеги жыйыны

болду. 2. АКШ — дүйнөдөгү эң ири өнүккөн өлкө. 3. ЖОЖ дон окуп, атайын кесипке ээ болуу — ардактуу жана жооптуу иш. 4. Өзбекстанда УТ партиясы уюшулган. 5. Өзбекстан Республикасы — БУУнун мүчөсү.

## 17-§. КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

**Кыскартылган сөздөр төмөнкүдөй жазылат:**

1. Башкы тамгаларынан кыскартылган сөздөр баш тамга менен жазылат: *АКШ, КМУУ, РФ, ЖК, КЭР, БУУ, ЖЧК, КМШ.*

2. Төмөнкү башкы тамгаларынан кыскартылган сөздөр жалпы ат катарында колдонулгандыктан, кичине тамга менен жазылат: *ЖЧК (Жоопкерчилиги чектелген коом).*

3. Башкы тамгаларынан кыскартылган сөздөргө мүчө уланганда эң аякки тамганын атына карай уланат: *АКШнын, КМУУнун, РФтин, ЖКнын, КЭРдин, ГЭСке.*

4. Эгер баш тамгаларынан кыскартылган сөздөрдүн тутумунда үндүүлөр болуп, ал бүтүн сөз катарында окулса, ага уланган мүчөлөр ошол үндүүлөргө карай жазылат: *БУУнун, ОРТнин, НАТОнун, АКнын, ГЭСтин.*

5. Толук маанилүү сөздөр муундарынан кыскартылганда же биринчи сөзү муунунан, кийинки сөзү толук алынса бирге жазылат: *профсоюз, агитпункт, облсот, райсот, райаким, райпрокуратура, телерадио, телебаян, телекөрсөтүү, радиоберүү.*

**45-көнүгүү.** Кош, кошмок, кыскартылган сөздөрдү катыштырып, 6 сүйлөм түзгүлө. Алардын жазылыш эрежелерин, аныктамаларын айтып бергиле.



**46-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн татаал сөздөрдү тапкыла. Татаал сөздөрдүн кайсы түрү экенин ажыраткыла, эрежелерин айтып бергиле. Жазуу эрежелерин түшүндүргүлө.

1. Биринчи байлык — ден соолук, экинчи байлык — ак жоолук. 2. Ачкөз бирөөнүн бактысына көз артат. 3. Жакшы болмок — аста-аста, жаман болмок — бир паста. 4. Анда-санда чыккан кондукторлордун ышкырыгы, каршы-терши жүргөн поезддердин үнү, кишилердин ызы-чуусу үстү-үстүнө күчөдү.

## 18-§. ОРФОГРАФИЯ ЖАНА ОРФОЭПИЯ. КЫРГЫЗ ОРФОГРАФИЯСЫНЫН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

Адабий тилдин жазууда колдонула турган бирдиктүү нормаларын туура сактап, атайын иштелип чыккан эрежелердин жыйындысы **орфография** деп аталат.

Сөздөрдү адабий тилдеги бирдиктүү норма боюнча айтууга жетектей турган жалпы эрежелердин жыйындысы **орфоэпия** деп аталат.

*Мисалы:* көрүнбөйт-көрүмбөйт, кечти-кешти, качты-кашты, көз сал-көссал

Кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн жана сөз мүчөлөрүнүн жазылышы төмөнкү эки түрдүү принципке негизделген:

**1. Морфологиялык принцип** — бул уңгу сөздөрдүн бир түрдүү жазылышын камсыз кылат. Башкача айтканда, уңгу сөздөрдүн ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап айтылышы боюнча эмес, алардын баштапкы түрдөгү тыбыштык көрүнүшү сакталып жазылат. Мисалы: комусчу эмес, комузчу кеш турду эмес, кеч турду

**2. Фонетикалык принцип** — кыргыз орфографиясында сөз мүчөлөрүнүн жазылышы фонетикалык уңгуга уланган мүчө кандай өзгөрүүлөргө учурап айтылса, ошол тыбыштын түрү жазууда толук сакталат.

Мисалы, көптүк мүчөнүн 12 варианты бар. Алар уңгу сөздөрдүн аяккы муунуна карата 12 түрдүү айтылат. Мынчалык көп вариантка ээ болгон мүчөлөрдү бир формага келтирип жазуу мүмкүн эмес. Ошондуктан кыргыз тилиндеги туунду сөздөрдү жазууда фонетикалык принцип колдонулат.

Мисалы: *ак куулар, тоолор, үйлөр, терезелер, гүлдөр, балдар, колдор, белдер, бактар, оттор, жемиштер, чөйчөктөр.*

Мында – **лар** мүчөсүнүн калган варианттары фонетикалык принциптин негизинде ишке ашты.

**47-көнүгүү.** Окугула. Туура эмес берилген сөздөрдү тууралап көчүрүп жазгыла.

Сарала, досторуңнун, актип, туралбайт, көрелек, ачулак, таабал, тамба, күштүү, карыммай, склат, кебук, тагайт.

**48-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн айтылышына жана жазылышына көңүл буруп көчүргүлө.

| **жазылышы** | **айтылышы** |
|---|---|
| качты | кашты |
| кечти | кешти |
| ишенбе | ишембе |
| көрүнбөйт | көрүмбөйт |
| бүгүнкү | бүгүңкү |
| нанга | наңга |



**49-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөгү кара менен басылган сөздөрдүн жазылышы менен айтылышындагы айырманы байкагыла. Көчүргүлө.

1. Анын жаш көңүлүнө белгисиз **коркунучтан** башка **эчтеме** сезилген жок. (*А.Т.*) 2. Айтикенин моокуму **канган** жок. Жапарын бооруна кысып, кобурай берди. (*А.Т.*) 3. Ак буудай сепсе **өнгөн** жер, Адамга бакыт берген жер. (*Т.Ч.*) 4. Мезгил учат, күндөр өтөт **көрүнбөй**, кербендердей тизмегинен бөлүнбөй.

## 19-§. КЫРГЫЗ ОРФОГРАФИЯСЫНЫН НЕГИЗГИ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Кыргыз орфографиясынын атайын иштелип чыккан эрежелеринин системасы негизинен төрт бөлүмдөн турат. Алардын бири:

Сөздөрдүн уңгусу жана сөз мүчөлөрүн жазуунун эрежелери болуп эсептелет.

Кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн жана ага жалганган мүчөлөрдүн жазылышы мор-

фологиялык жана фонетикалык принципке негизделген. Уңгу сөздөр морфологиялык принцип боюнча ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап айтылышы эсепке алынбастан, жазууда алардын уңгу түрүндөгү баштапкы тыбыштык көрүнүшү сакталат. Мисалы:

| **жазылышы** | **айтылышы** |
|---|---|
| жылан аяк | жыңайлак |
| жалгыз | жаңгыз |
| обон | абан |

Ал эми фонетикалык принцип боюнча ага уланган мүчөлөрдүн тыбыштык өзгөрүүгө учурап айтылышы (мүчөлөрдүн варианттары) боюнча жазылат. Мисалы: **-да** жатыш жөндөмөнүн мүчөсү уңгуга уланганда: *балада, энеде, үйдө, короодо, атта, китепте, өрүктө, отто* болот.

**50-көнүгүү.** Көптүк мүчөнүн 12 вариантын колдонуп, өзүңөр тандаган 3 сөзгө улап жазгыла (**-лар,-лор, -лер, -лөр, -дар, -дер, дөр, -тар, -тор, -тер, төр**).

**51-көнүгүү.** Төмөнкү берилген сөздөрдүн туура жазылышын жазгыла.

Ишембе, тумма, соссо, агүй, жооп пер, ала гарга, көб айт, түңкү, сиссиз.



**52-көнүгүү. -чы, -чыл, -чык, -сыз, -мак** мүчөлөрүнө тийиштүү уңгуларды коюп жазгыла:

Кой, жылкы, суу, көл, чын, калп, бала, ата, тоо, ойно, жаз, куй.

# 20-§. СӨЗДӨРДҮ БИРГЕ ЖАНА БӨЛӨК ЖАЗУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Сөздөрдү бириктирбей, ар бирин айрым-айрым жазуу айтылып жаткан ойду так, туура түшүнүүгө, сүйлөмдөрдөгү ар бир сөздүн чегин ажыратып таанууга толук мүмкүнчүлүк берет.

1. Кошмок сөздөрдүн түгөйлөрү бир маанини билдиришине карабастан, ар бири бөлөк жазылат: алтын саат, Ата журт, Ата Мекен, айылдык кеңеш, темир жол, таш көмүр, өнөр жай.

2. Татаал сан атоочтор бөлөк жазылат: жыйырма беш, бир жүз он эки, эки миң он экинчи, алтымыш беш, эки жүз элүү.

3. Татаал этиштердин түгөйлөрү да бөлөк жазылат: окуп жатат, иштеп келе жатат, жүгүрүп келе жаттым эле.

4. Өз аты менен катар колдонулган же ылакап катарында айтылган кээ бир кошмок сөздөр арасына дефис коюлбастан ар башка жазылат: Тоголок Молдо, Жаңыл Мырза, Молдо Кылыч, Мухаммад Юсуф, Абу Али ибн Сина, Акыл Карачач, Эр Табылды, Эр Төштүк.

5. Адамдардын кесибин, аткарган ишин, өнөрүн, бийлигин көрсөткөн сөздөр кичине тамга менен бөлөк жазылат: Курманжан датка, Чыңгыз хан, Орхон хан, Тагай бий, Кожожаш мерген.

Сөздөр төмөндөгүдөй учурда бирге жазылат:

1. Курамдык бөлүктөрү өз ара биригип, тыбыштык түрүн өзгөртүп жиберген сөздөр бирге жазылат:

Мисалы:
бүгүн (бу+күн)
быйыл (бу-жыл)
өйүз (ал+жүз)
унчук (үн+чык)
агайын (ага+ини)
каякта (кай+жакта)
бүрсүгүнү (бириси+күнү)
кантип (кандай+этип)
кайнене (кайын+эне)
келатат (келе жатат)
өгүнү (ал+күнү)
жылаңайлак (жалаң+аяк)

2. Бир компонентинин (жубунун) лексикалык мааниси жоголуп, өз алдынча колдонулбай, бир гана маани берип калган сөздөр бирге жазылат.

Мисалы: кечкурун, карамүртөз, карагат, акиташ, жайбаракат, ачкөз, чаржайыт.

3. Адамдардын, айбанаттардын, жаныбарлардын бир нече сөздөн биригип жасалган татаал энчилүү аттары бирге жазылат: Турдумамбет, Абылкасым, Төрөгелди, Сурэчки, Чалкуйрук, Гүлсары, Телтору.

**53-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп бергиле жана аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

Амир Темур, Ата Мекен, Эгемендүүлүк күнү, жыйырма бир, ырдап келе жатат, жардам көрсөт.

**54-көнүгүү.** Окугула. Бирге жазылган сөздөргө көңүл бургула.

Зардуштийлик окуусунун башкы китеби болгон «Авесто» мындан дээрлик үч миң жылдар мурда биздин өлкөбүздө, бүгүнкү Харезм жеринде жаралган. Бул китеп бүгүн биз жашап турган топуракта улуу мамлекет, улуу маданият, улуу руханият болгонунан күбөлүк берүүчү баа жеткис тарыхый документ экенин Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов «Авесто» китебинин 2100 жылдыгына арналган салтанаттуу маарекеде сүйлөгөн сөзүндө баса белгилеген.



**55-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Келатат, өгүнү, быйыл, теңтуш, байчечекей, Асанбай, Чалкуйрук.

## 21-§. БАШ ТАМГАЛАРДЫ ЖАЗУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Жазуу иштеринде баш тамгалар төмөнкү учурларда колдонулат:

1. Сүйлөмдүн башы ар дайым баш тамга

менен жазылат. Мисалы: Быйыл күз берекелүү келди. Эгиндер мол болду.

2. Ыр саптары баш тамга менен жазылат.

Эркиндик эшиктин баскычын,
Атайын бакыттын ачкычын.
Каректей аздектеп коргоюн,
Ата Журт өзүңө сакчымын.

3. Бардык энчилүү аттар баш тамга менен жазылат. Мисалы: Алишер Наваий, Ч.Айтматов, Т.Сатылганов, Ө.Умарбеков, Умай Эне, Баба Дыйкан, Хива ж.б.

**56-көнүгүү.** Өзүңөр төмөнкү сүрөткө карата чакан аңгеме жазгыла. Анда баш тамга менен жазылган сөздөр катышсын.



**57-көнүгүү.** Өзүңөр окуган көркөм адабияттардын аттарын, ошондой эле андагы каармандардын атын да жазгыла.

**58-көнүгүү.** Ташкент, Бухара, Хива, Кокон (мындай географиялык аттардын санын жыйырмага жеткиргиле).



**59-көнүгүү.** Дүйнөнүн картасы боюнча саякатка чыгабыз. Астана, Алмата, Бишкек, Түркмөнстан, Азербайжан, Иран, Түркия, Россия (мындай сөздөрдүн санын отузга жеткиргиле).



**Эсиңерге туткула!**

«Манас» эпосу, «Айчүрөк» операсы, «Чолпон» балети, «Алпамыш» дастаны, «Өз ДЭУ авто» заводу, «Темир аял» комедиясы, «Король Лир» трагедиясы.

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги, Низамий атындагы Ташкент Мамлекеттик педагогикалык университети, Ички иштер министрлиги.

Эгемендүүлүк күнү, Аялдардын эл аралык күнү, Жаңы жыл, Конституция күнү, Билим күнү, Достук ордени, Шухрат медалы ж. б.

## 22-§. СӨЗДӨРДҮ ТАШЫМАЛДАП ЖАЗУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Эгерде жазып келе жаткан сөз саптын аягына батпай калса, анын батпай калган бөлүгүн жаңы сапка ташып жазууга туура келет. Бирок сөздөрдү бир саптан экинчи сапка туш келди эле ташый берүүгө болбойт. Алар төмөнкүдөй жолдор менен ишке ашат:

1. Сөздөрдү ташымалдоо муун боюнча жүргүзүлөт: ба-ла, оюн-чук, би-лим-дүү-лөр.

2. Бир муундуу сөздөр ташылбайт: кар, ат, топ, беш, жаак.

3. Ташымалдоодо бир тамга же бир тыбыш саптын этегинде, ошондой эле башында да калтырылбайт. Ы-сык, э-шик, ө-мүр, уу-ру. Ошондой эле йоттошкон тамгаларды жалгыз бөлүп ташууга болбойт. я-щик, ю-мор, сы-я.

4. Баш тамгаларынан кыскартылган сөздөрдү ташууга жол берилбейт. БУУ, ГРЭС, АКШ, ЖОЖ.

5. Ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилери өзүнөн мурунку үнсүз тыбыштан бөлүп ташылбайт: Ошондуктан паль-то, факуль-тет, подъ-езд, консуль-тация, болуп ташылат.

6. См, м, км, г, кг, ц, өңдүү кыскартылган сөздөр өзүнөн мурдагы цифра же сөздөн бөлүнүп ташылбайт. Мисалы: 100 км, 10 м, 90 кг, 5 ц, 6 т, 25 см.

7. Эгер эки үндүүнүн ортосунда бир үнсүз келсе, ал үнсүз кийинки муунга кошулуп ташылат.

Мисалы: Ка-сым, би-лим, би-ри, ма-га, са-мын, суу-нун, ки-ши, де-пу-тат, ба-кыт.

8. Эгер эки үндүүнүн ортосунда эки үнсүз келсе ал тең ортосунан бөлүнөт:

Мисалы: Мек-теп, деп-тер, кыз-дар, кыш-так, Таш-кент, Бек-тур, жак-шы, кым-бат, дос-тор.

9. Эгер эки үндүүнүн ортосунда үч үнсүз катар келсе, эки үнсүз биринчи муунга калган бир үнсүз кийинки муунга кошулуп ташылат.

Мисалы: цент-нер, даңк-туу, алп-тар, ант-кени, тарт-кан, Өз-бекс-тан.

**60-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү окуп чыгып, ташымалдап көчүрүп жазгыла.

Мекен, Мамлекет, Президент, Самарканд, Фергана, Хива, Андижан, Чырчык, университет, лицей, коллеж, бакалавр, магистратура, интернет, баатыр, талаа, алма, сонун, эстүү, дениз, материк, Айсберг, кемелер, океандар.



**61-көнүгүү.** Берилген макалдарды окуп, маанисин чечмелегиле. Ар бир сөзүн ташымалдагыла.

1-топко: Жолдош күтсөң тандап күт, доого

алдырбайт тар жерде. Дүйнөнүн шамы — билим, жашоонун шамы эмгек.

2-топко: Жөндөмсүз адам — мөмөсүз дарак. Өнөрү жок кишинин, өнүмү жок ишинин. Сабырсыздын иши тамырсыз.

**62-көнүгүү.** Бул сүйлөмдөрдөн ташымалдап жазууга болбой турган сөздөрдү таап жазгыла.

1. — Ооба, байчечекей жайнаган көктөмдө жаңыдан гана кош чыгарган мезгил эмес беле. Күн тийбеген кемерлерде күрткүлөр али да жондонуп, бугуп жаткан. Анткен менен төмөнтөн сары жел жүрүп, топурак тоборсуп, чөп кылтыйып, жаз иши улам илгерилей берген. (*Ч.А.*) 2. Суунун астында бөгөлгөн баягы казандай таштар, эми сыртка чыгып, алардын үстүнө жапжашыл, сапсары тукайга өңдүү эңилчектер оюу жүргүзгөн.

## Орфографиялык талдоо

Орфографияны жакшы өздөштүрүү үчүн көнүгүү иштерин, текст окуу иштерин да жүргүзүү керек. Китепти канчалык көп окусаңар, орфографиялык жактан сабаттуу жазууга жетишесиңер.

Орфографиянын материалын грамматиканын материалы менен тыгыз байланыштыруу силерди сабаттуу жазууга жетиштирет. Грамматикалык орфографиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби:

1. Талдоо жүргүзө турган тексттин мазмунун так ажыратуу.

2. Сүйлөмдүн кандай түрү экенин билүү.

3. Кайсы сөз түркүмү экендигин билүү.

4. Кандай формада тургандыгын билип, ар бир сөздү талдоого киришүү.

5. Сөздүн курамы боюнча талдоо, уңгу, куранды же уланды мүчөнүн туура жазылгандыгы.

6. Жоон же ичке үндүүнүн, жумшак же каткалаң үнсүздүн туура колдонулгандыгын ажыратуу.

## Машыгуу жана көнүгүү иштери

**63-көнүгүү.** Ушул сөздөрдүн туурасын дептериңерге көчүрүп жазгыла. Күмөн санаган жериңерди орфографиялык сөздүктөн карагыла.

Лайык — ылайык, лакап — ылакап, раазы — ыраазы, ирет — рет, раттуу — ырааттуу, уруксат — руксат, иликтр — электр, режим — ирежим, бычак — пычак, резина — ирезина, быяз — пияз.



**64-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, туура жазылганын дептериңерге көчүргүлө.

Абзас — абзац, лексия — лекция, сирк — цирк, сентнер — центнер, офисер — офицер, сифра — цифра, конференсия — конференция.

# МОРФОЛОГИЯ ЖАНА ОРФОГРАФИЯ

Грамматика эки бөлүктөн турат. Биринчиси — **морфология**, экинчиси — **синтаксис**.

Морфология гректин **морфе** (форма) жана **логос** (окуу, илим) деген сөздөрүнөн алынган.

**Морфология** — сөздөрдүн курулушун, топторго бөлүнүшүн, сөздөрдүн өзгөрүү, жасалуу жолдорун, сөз составын окутуу грамматиканын бир бөлүмү. Же сөз түркүмдөрүн үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү.

## 23-§. ЗАТ АТООЧТУН V КЛАССТАГЫ ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДАРЫН КАЙТАЛОО



1. Кандай сөз түркүмүн зат атооч деп айтабыз? Эрежесин айтып берип, оозеки мисал келтиргиле.
2. Зат атооч сөздөр кандай суроолорго жооп берет?
3. Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө: бала, мал, таш, атам.
4. Кыргыз тилинде канча жөндөмө бар экенин айтып бергиле.
5. Жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүн жана кандай суроо берилерин түшүндүргүлө.
6. Эмне үчүн сөз түркүмдөрүнүн маани берүүчү, кызматчы жана өзгөчө сөз түркүмдөрү болуп бөлүнөрүн эсиңерге салгыла.
7. Энчилүү жана жалпы аттарды айтып берип, оозеки мисал түзгүлө.

**65-көнүгүү.** Окуп чыгып, тексттеги зат атоочторду тапкыла. Алардын энчилүү же жалпы ат экенин далилдегиле. Кара тамга менен терилген сөздөрдү талдагыла.

1. Алымкул — **Сагындын** жакыны жана байы. Сагын жалаң гана Алымкул эмес, **Алымкулга** окшогон өзүнө жакын далай **бай-манаптардын балдарын** четке чыгарткан жок. (*К. Б.*) 2. Бала чөккөн төөгө окшогон ташты Төөташ деп атап алган. Дагы бир корум **Ээрташ** деп аталат. Мобу суута **тумшугун** малып, токтоп калган **Таңкеташ.** 3. Мүйүздүү-Эненин балдары болобуз. **Умай-Энебиз** тукумум бу дүйнөдө, а дүйнөдө ынтымагын жазбасын деп, осуят таштап кеткен.



**66-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Зат атооч сөздөрүн таап, алар кандай суроолорго жооп берип турганын далилдегиле.

Кыргыздар — жаратылышынан сезими сергек, кыялга бай, чабыты чалкар, ачык көңүл, кең пейил, акын жандуу, зерделүү журт. Ал миллион саптуу залкар «Манасты» берди. Аны айлап айтса бүтпөгөн, Балык, Музооке, Келдибек, Тыныбек, Акылбек, Назар, Дыйканбай, Суранчы, Калмырза, Доңузбай, Чоюке, Шапак, Тоголок Молдо, Багыш, Мамбет, Молдобасан, Сагынбай, Саякбай сыяктуу манасчылардын улуу тобун берди. (*А. Т.*)

# 24-§. ЖӨНДӨМӨЛӨР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Биз айылда жашайбыз. **Биздин** үй эки кабаттуу. **Үйүбүздүн** биринчи **кабатында** ашкана, коридор жана чоң зал бар. Бул **бөлмөдө** үй-бүлөбүз менен эс алабыз, чогуу кино көрөбүз.

Бул текстте **айыл**, **биз**, **үйүбүз**, **кабат**, **бөлмө** деген сөздөр *-да*, *-дин*, *-нда*, *-да* мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу башка сөздөр менен байланышып, ойду айкын, так билдирди.

Демек, белгилүү суроолорго жооп берип, сүйлөм ичиндеги сөздөрдү башка сөздөр менен байланыштырып турган **-нын, -га, -ны, -да, -дан** мүчөлөрү жөндөмө мүчөлөр деп аталат. Ушул мүчөлөрдүн маанисин белгилөө үчүн алынган сөз жөндөмө деп аталат.

**67-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө **-нын, -га, -ны, -да, -дан** деген мүчөлөрүн улап, сүйлөм ойлоп жазгыла.

Шаар, кыз, бала, дептер, мектеп, көчө.

**68-көнүгүү.** Ар бир жөндөмөнүн суроолорун берүү аркылуу төмөнкү сөздөрдү оозеки жөндөгүлө.

Мугалим, доска, окуучу, сумка, кагаз.

**69-көнүгүү.** Өзүңөр мисал ойлоп, суроолорун берүү аркылуу жөндөгүлө. Жөндөмө мүчөлөр жана жөндөмөлөр деген эмне экенине жооп бергиле.

Кыргыз тилинде 6 жөндөмө бар, алар негизинен төмөндөгүдөй суроолорго жооп берет жана төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат.

| Жөндөмөлөр | Суроолору | Мүчөлөрү |
|---|---|---|
| 1. Атооч (А.) | ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? | |
| 2. Илик (И.) | кимдин? эмненин? кимдердин? эмнелердин? | -нын |
| 3. Барыш (Б.) | кимге? эмнеге? кайда? кимдерге? эмнелерге? | -га |
| 4. Табыш (Т.) | каерде? кимди? эмнени? каерди? кимдерди? эмнелерди? | -ны |
| 5. Жатыш (Ж.) | кимде? эмнеде? кайда? каякта? кимдерде? эмнелерде? | -да |
| 6. Чыгыш (Ч.) | кимден? эмнеден? каерден? кимдерден? эмнелерден? кайдан? кайсы мезгилден? | -дан |



**70-көнүгүү.** Текстти окугула. Жөндөмө мүчө уланган сөздөрдү тапкыла.

Сапар экөөбүз Сырдарыянын жээгинде бадалдар арасында басып баратсак, менин бутумдун алдын бир куш бырп этип уча качты. Анын учкан жерин аңдып карасак, ал жерде уясы болуп, уяда бир топ балапандары бар экен. Баягы учкан куш биздин балапандарын кызгана үстүбүздө чырылдап учат. Биз балапандарга тийбей өтүп кеттик.

## 25-§. АТООЧ ЖӨНДӨМӨСҮ

Заттын атын билдирген жөндөмө **атооч жөндөмө** деп аталат.

Атооч жөндөмөнүн мүчөсү жок. Атооч жөндөмө: ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берет. Мисалы: 1. Жасур Ташкентте окуйт.

2. Күч акылга баш иет.

3. Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.

**71-көнүгүү.** Окугула. Атооч жөндөмөдөгү сөздөрдү тапкыла.

1. Өзбекстаныбыз — абдан бай өлкө. Анын бийик тоолору кендерге, жеринин асты нефть жана газга толтура. Өлкөбүздө пахта өстүрүлөт. Алтын түстүү буудайлары, таттуу мөмөлөрү көзүңдү жайнатат. Өзбекстан дасторкону ар бир мейманды таң калтырат.

**72-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн ээсин тапкыла. Ээлик милдетти аткарган сөз кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла.

1. Эр карыйт, ой карыбайт. 2. Жакшыга бир сөз жетет, жаманга миң сөз жетпейт. 3. Жакшы дос — жарым ырыс. 4. Тобокел — эрдин жолдошу. 5. Уят — өлүмдөн катуу. 6. Туулган жердин топурагы — алтын.

**73-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, атооч жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып турганын далилдегиле.

1. Өткөн өмүр — качкан куш. 2. Улуунун сөзүн уялбай ук. 3. Башкарма кайда кетти, балам? — деп сурады Борбук. 4. Жибек саамай, акак тиш, салындың кызыл жоолукту.



**74-көнүгүү.** Үйүңөрдөн атооч жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн синтаксистик кызматына экиден мисал жазып келгиле. Окуу китебин, газета-журналдарды, адабий китептерди пайдалангыла.

## 26-§. ИЛИК ЖӨНДӨМӨСҮ

Заттын кимге, эмнеге таандык экендигин көрсөткөн жөндөмө **илик жөндөмө** деп аталат.

Илик жөндөмөнүн негизги мүчөсү **-нын**, анын 12 варианты бар.

Илик жөндөмө **кимдин? эмненин? каердин? кайсы жердин?** деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Наадандын* сени курулай мактаганы — жамандык. Бах, карачы *күндүн* мемиреп тийишин!

Булуттар тарап, *күндүн* көзү ачылды. *Жоргонун* үрөйү учуп, көккө дагы атылды. Куду эле *Мүйүздүү Эненин* өзүндөй көрүндү.

**Төмөнкү жадыбалда илик жөндөмөсүнүн варианттары көрсөтүлгөн:**

| Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү уланууучу сөздөр | -нын, мүчөсүнүн өзгөрүшү | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Үндүүлөр менен аяктаса: | -нын, -нин, -нун, -нүн | баланын, кишинин,тоонун, төөнүн. |
| 2. Жумшак үнсүздөр менен аяктаса: | -дын, -дин, -дун, -дүн | балдардын, кишилердин, ойдун,көлдүн. |
| 3. Каткалаң үнсүздөр менен аяктаса: | -тын, -тин, -тун, -түн | каттын, мектептин, өтүктүн, топтун. |
| 4. I-II жак таандык уландылар аяктаган сөздөрдө (-ым,ын) | -дын,дин, -дун, -дүн | баламдын, ининдин,үйүңдүн, үйүндүн |
| 5. III жактын таандык (-ы, -сы) жана жалпы таандык (-нықы) мүчөсү менен аяктаса: | -нын, -нин, -нун,нүн | баласынын, инисинин, тоогунун, өтүгүнүн. |

**75-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, илик жөндөмөсүндө турган сөздөрдү тапкыла, астын сызгыла.

Тил — ар бир улуттун, элдин негизги белгиси. Ал — анын тарыхынын, маданиятынын, кулк-мүнөзүнүн, салт-санаасынын казынасы жана сакчысы. Эне — үйдүн куту. Мекенди коргоо — ар бирибиздин милдетибиз.

**76-көнүгүү.** Жогорку жадыбалдагы мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Илик жөн-

дөмөсүнүн **-нын** мүчөсү эмне үчүн 12 түрдүү (жадылбалда кара менен басып берилген) өзгөрүп айтыларын аныктагыла.

**77-көнүгүү.** Жогорку жадыбалды карап, таандык мүчөлөр уланган зат атоочтор илик жөндөмөдө кандай жөндөлөрүн үйрөнгүлө. Суроолорун берүү аркылуу аныктагыла.



**78-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү окугула. Бул сөздөргө илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап, анын кандайча өзгөргөндүгүн байкагыла.

1. Арча, алма, бугу, ийне, үкү, мончо.
2. Жылдыз, жыл, жалбыз, көгүчкөн, айыл.

## § 27. БАРЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

Кыймыл аракеттин, бир нерсенин кимге, эмнеге багытталгандыгын жана алардын ордун белгилөөдөгү жөндөмө **барыш жөндөмө** деп аталат. Барыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү **-га**, анын 16 варианты бар.

Барыш жөндөмө **кимге? эмнеге? каякка? кимдерге? эмнелерге?** деген суроолорго жооп берет.

1. Мекен — *баатырга* өз эне, *коркокко* — өгөй эне.
2. Сабырдуулук *адамга* көрк берет.
3. Ачык, так *сүйлөөгө* үйрөн.
4. *Иниме, Ата Мекенине, партасына.*

**Барыш жөндөмөсүнүн 16 варианты төмөнкү жадыбалда көрсөтүлгөн:**

| Барыш жөндөмөсү уланууучу сөздөр | -га, мүчөсүнүн варианттары | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Үндүү тыбыштар менен аякталган сөздөрдө | -га, -го, -гө, -ге | атага, энеге, короого, өгөөгө |
| 2. Жумшак үнсүздөр менен аякталган сөздөрдө | | үйгө, кагазга, корозго, дептерге |
| 3. Каткалаң үнсүздөр менен аякталган сөздөрдө | -ка, -ко, -кө, -ке | ташка, мектепке, өрткө, отко |
| 4. I, II, III жак таандык мүчөлөр менен аякталган сөздөрдө | -а, -,ө -о, -е | уулума, үйүнө, элиме, короомо |
| 5. III жактын таандык мүчө уланган сөздөрдө: (-ы,-сы) жалпы таандык (-ныкы) мүчөлөрүнөн кийин | -на, -но, -не, нө | баласына, энесине, үйүнө, Асандыкына |

**79-көнүгүү.** Төмөнкү берилген сөздөргө барыш жөндөмөсүн улагыла. Барыш жөндөмө мүчөсүнүн варианттары пайда болушуна көңул бургула.

Арча, зоо, ак куу, эчки, ийне, сүлгү, уйку, үй, баатыр, адам, кыз, кол, эшик, кыш, кат, дос, китеп, эмгек, пейзаж, бокс, теннис, эгемендүүлүк, атам, энең, байкең, студентиң, синдим, агасы, сумкасы, жоолугу, элдики.

**80-көнүгүү.** 55-беттеги жадыбалга карап, барыш жөндөмөсүнүн **-га, -а** мүчөсүнүн качан өзгөрүп, качан

өзгөрбөй калган себебин үйрөнгүлө. Жадыбалдагы мисалды пайдаланып, сүйлөм ойлоп жазгыла. Кандай суроолорго жооп берерин аныктагыла.

**81-көнүгүү.** Барыш жөндөмөсү **(-га, -ка)** уланып турган сөздөрдү тапкыла. Ага кандай суроолор берилерин аныктагыла. Эрежесин түшүндүргүлө.

1. Кадыр-баркка жетүү — кыйын. 2. Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе. 3. Чындык отко күйбөйт, сууга акпайт. 4. Бетке айткан сөздүн заары жок. 5. Эр жүрөк адамга найзанын кереги жок.



**82-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улагыла.

Апам, эжеси, тоонуку, шаарым, Талдыбулак, Шаршендики.

## 28-§. ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

Кыймыл-аракет тикеден-тике, түздөн-түз багытталган затты билдирүүчү жөндөмө **табыш жөндөмө** деп аталат.

Табыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү *-ны*.

Анын 13 варианты бар.

Табыш жөндөмө *кимди? эмнени? каерди? кайсы жерди?* деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: 1. *Эгинди* көгүндө орбо, орогуң сынар. 2. *Байлыкты* сүйгөн киши *намысты* билбейт.

**Төмөнкү жадыбалда табыш жөндөмө мүчөсүнүн (-ны) варианттары көрсөтүлгөн:**

| Табыш жөндөмө уланууччу сөздөр | -ны мүчөсүнүн варианттары | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Үндүү тыбыштар менен аяктаган сөздөрдө | -ны, -ни, -ну, -нү | энени, аганы, терезени, көчөнү |
| 2. Уяң, жумшак үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | -ды, -ди, -ду, -дү | жылдызды, дептерди, үйдү, уйду |
| 3. Каткалаң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | -ты, -ти, -ту, -тү | ташты, эмгекти, кушту, күкүктү |
| 4. I, II жак таандык уландылар аяктаган сөздөрдө (-ым, ың) | -ы(ы), -ди(и), ду(у), -дү(ү) | баламды (баламы) китебинди (китебиңи) ручкамды (ручкамы) сумкаңды (сумкаңы) |
| III жак таандык уланды, жалпы таандык мүчө менен аяктаган сөздөрдө (-ы, сы, -ныкы) | -н | баласы-н, үйү-н, энеси-н, мектептики-н, элдики-н |

Табыш жөндөмөнүн мүчөсү III жак таандык уланды *(-ы, -сы)* жалпы таандык мүчөдөн *(-ныкы)* кийин уланса, бир тыбыш сыйлыгышып кетет.

Мисалы: *атасы+ны=атасын*

*үйү+ны=үйүн Ашымдыкы+ны=Ашымдыкын.*

Сүйлөм ичинде табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланбай турган учурлар да кездешет.

Мында ал сөздүн табыш жөндөмөдө экендигин сүйлөмдүн мазмунуна карай суроо берип ажыратабыз. Мисалы: *Мен кат жаздым. Айнура гүл экти. Мергенчи элик атты.*

Мында ар бир сүйлөмдө бирдей суроого жооп берүүчү экиден сөз бар. Ошондуктан мындай учурларда сүйлөмдүн ээсин табууда чаташып калбас үчүн суроо коёбуз.

Мисалы: *Мен китеп окудум.* Сен эмне окудуң?

Китеп (китеп сүйлөмдүн ээси сыяктанып турат).

Ким китеп окуду? *Мен (сүйлөмдүн ээси).*

Бул белгисиздикти ачуу үчүн маанисине карата табыш жөндөмөнүн суроосун берсек, табыш жөндөмөдөгү сөз кайсы бири экендиги айкын болот.

Сен эмнени окудуң? *Мен китепти окудум.*

Бул жерде китеп (ти) мүчөсү көмүскөдө калып калат.

**83-көнүгүү.** Текстти окугула. Табыш жөндөмөдө турган сөздөрдү тапкыла. Табыш жөндөмө мүчөсүнүн варианттарына көңүл бургула.

1. Күн жерди жылытат. Достук көңүлдү жылытат. 2. Бирөөнү жамандап келген адамды үйүңө жакын жолотпо. 3. Бакыт адамдын сапатын өзгөртпөйт, аны дааналап көрсөтөт. 4. Үмүт кайгыны жеңет.

**84-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө табыш жөндөмөнүн мүчөсүн улап көчүргүлө.

1-топко: Алча, Касым, достук, жер, киши, үкү, эл, деңиз, эжеси, иним.

2-топко: машина, өнөр, топ, Айгүл, агам, чыны, түлкү, интернет, агасы, үйү.



**85-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн табыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Ага кандай суроолор берилерин аныктагыла.

1. Жаман салтты колдобо. 2. Мен кайра келип, Бектурганды таппай койдум. 3. Каралманы көрүп, аябай суктандык. 4. Тоодой болгон караны, томуктай болгон ак жеңет.

## 29-§. ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

Кыймыл-аракеттин кайда, кайсы мезгилде болорун, заттын кимде, эмнеде экендигин билдирген жөндөмө **жатыш жөндөмө** деп аталат.

Жатыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү **-да**.

Анын 12 варианты бар.

Жатыш жөндөмө **кимде? эмнеде? кайда?** деген суроолорго жооп берет.

Жатыш жөндөмө мүчөсү III жак таандык уланды (-ы,-сы),жалпы таандык уландыдан (-ныкы) кийин жалганганда н тыбышы кошуп айтылат жана жазылат.

Мисалы: *баласы+да =баласында, үйү+да=үйүндө*. Биз аны Асандыкында көрдүк.

**Төмөнкү жадыбалда жатыш жөндөмө мүчөсүнүн варианттары көрсөтүлгөн:**

| Жатыш жөндөмө улануучу сөздөр | -да мүчөсүнүн варианттары | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Үндүүлөр менен аяктаган сөздөрдө | -да,-до, - де,-дө | балада, төөдө энеде, көчөдө |
| 2. Уяң, жумшак үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | | жерде, жылдызда, үйдө, короодо |
| 3.Каткалаң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | -та,-то,-те,-тө | аянтта, космосто, циркте, жүрөктө |
| 4. I,II жак таандык уландылар менен аяктаган сөздөрдө (-ым,ың) | -да,-до, - де,-дө | атамда, үйүңдө, энеңде, тоокто |
| III жак таандык уланды, жалпы таандык мүчө менен аяктаган сөздөрдө (-ы,сы, -ныкы) | -нда,-ндо,-нде, -ндө | атасында, китебинде, мектептикинде, сумкасында |

**86-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, андан жатыш жөндөмөдө турган сөздөрдү тапкыла. Жатыш жөндөмө мүчөсүнүн варианттарына көңүл бургула.

1. Менде бар, сенде жок,
Асманда бар, жерде жок.
2. Башында эмнең бар?
Башымда бак-дөөлөт бар.
3. Ондогон окуучу футбол ийриминде машыгышат.
4. Адам аласы ичинде, мал аласы сыртында.

5. Азамат көркү — эмгекте.
Акактын көркү — берметте.
6. Дүйнөдө китептен сүйкүмдүү дос жок.

**87-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, көп чекиттин ордуна жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улагыла.

1. Эр жигит үй...туулуп, жоо...өлөт. 2. Эненин көөнү бала..., баланын көөнү талаа.... 3. Көчөлөр..., үйлөр..., мекемелер..., кинотеатрлар... желектер илинген.

**88-көнүгүү.** Окуп чыгып, **кимде? эмнеде? каерде? (кайда?)** деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла. Мүчөсүнүн үндүүсүнүн, үнсүзүнүн өзгөргөнүн айтып бергиле.

1. Дарыяларда, көлдөрдө, деңиздерде ар түрдүү балыктар жашашат. 2. Кырда да, тоодо да, ойдо да аппак кар жатат. 3. Акыл-ойдун кенчи — китепте. 4. Кең аянтта тракторун күрүлдөтүп Турдубек жүрдү.



**89-көнүгүү.** Адегенде окуп чыккыла. Андан кийин көчүрүп жазып, жатыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Өзбекстандын тоолорунда ар түрдүү канаттуулар көп. 2. Электр энергиясын шаарларда да, кыштактарда да кеңири пайдаланышат. 3. Эмгектүү колдо чарчоо жок. 4. Катта анын аман-эсендиги жазылыптыр.

## 30-§. ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

Кыймыл-аракеттин кайдан башталышын, чыгыш тегин, ордун жалпы эле *кимден? эмнеден?* экендигин көрсөтүүчү жөндөмө **чыгыш жөндөмө** деп аталат.

Чыгыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү **-дан**. Анын 12 варианты бар.

Чыгыш жөндөмө *кимден? эмнеден? кайдан? каерден?* деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Бүгүн биз айыл**дан** келдик. Ташкент**тен** Самаркандга поезд менен бардык.*

Үчүнчү жактын таандык мүчөсүнөн жана жалпы таандык мүчөдөн кийин чыгыш жөндөмө мүчөсү **-дан** болбостон **-нан** болуп өзгөрөт.

Мисалы: *Сен жөнүндө ал кабарды компьютеринен алган. Анын үйү сеникинен жакшы.*

**Төмөнкү жадыбалда чыгыш жөндөмө мүчөсүнүн варианттары көрсөтүлгөн:**

| Чыгыш жөндөмө уланууччу сөздөр | -дан мүчөсүнүн варианттары | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. Үндүүлөр менен аякталган сөздөрдө | -дан, -дон, -дөн, -ден | арчадан, короодон, түлкүдөн, ийнеден |
| 2. Уяң жумшак үнсүздөр менен аякталган сөздөрдө | -дан, -дон, -дөн, -ден | Бурулдан, менден, жолдон, гүлдөн |

| | | |
|---|---|---|
| 3. Каткалаң үнсүздөр менен аякталган сөздөрдө | -тан, -тон, -төн, -тен | аттан, желектен, өрдөктөн, тооктон |
| 4. I, II жак таандык уландылардан кийин (-ым, ың) | -дан, -дон, -ден, -дөн | үйүмдөн, кызымдан, гүлүңдөн, тоогуңдан |
| 4. III жак таандык уланды (-ы, -сы) жалпы таандык уландылардан кийин | -нан, -нен -нөн, -нон | атасынан, үйүнөн, китебинен, Ашымдыкынан |

**90-көнүгүү.** Берилген тексттен чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү таап көчүргүлө.

Санжырачы акылман абышкалардын сөзүн тыңдасак: көл бир тамчы суудан толот. Күү болсо, бир кайрыктан чертилет.

**91-көнүгүү.** Берилген сөздөргө чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн жалгагыла.

1-топко: казына, киши, күн, мугалим, жомок, завод, дүйнө, түлкү, белегиң, атамдыкы.

2-топко: таруу, эл, уул, кыз, күчүк, фирма, терезеси, дептерим, фермердики, самолёт.



**92-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү алты жөндөмө боюнча жөндөгүлө.

Өзбекстан, канаттуу, талаа, Чолпон, тигүүчү, иним, Бектурдуку, синдиси, шаар.

# ЗАТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШ ТИПТЕРИ

Кыргыз тилиндеги бардык зат атоочтор жөндөлөт. Ушул касиетине карай зат атоочтун жөндөлүшү **үч топко** бөлүнөт:

1. Таандык мүчө уланбаган зат атоочтун жөндөлүшү.

2. Таандык мүчө уланган зат атоочтун жөндөлүшү.

3. Аягы **-ск, -нк,- фть, -кт, -нг, -нд, -мн** тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү.

Булардын ичинен таандык мүчө уланбаган зат атоочтун жөндөлүшү болсо өз ара дагы **үчкө** бөлүнөт:

1. Аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү.

2. Аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү.

3. Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү.

Эми бул жөндөлүштөрдү карап чыгабыз:

## 31-§. АЯГЫ ҮНДҮҮЛӨР МЕНЕН БҮТКӨН ЗАТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө жөндөмө мүчөлөрдүн башкы тыбыштары толук сакталат, сөздөгү жоон,

ичке үндүүлөргө карай жөндөмөнүн үндүүлөрү кээде өзгөрсө, кээде өзгөрбөйт:

Мисалы:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А. | *талаа* | *тоо* | *эже* | *үй-бүлө* |
| И. | *талаа+нын* | *тоо+нун* | *эже+нин* | *үй-бүлө+нүн* |
| Б. | *талаа+га* | *тоо+го* | *эже+ге* | *үй-бүлө+гө* |
| Т. | *талаа+ны* | *тоо+ну* | *эже+ни* | *үй-бүлө+нү* |
| Ж. | *талаа+да* | *тоо+до* | *эже+ни* | *үй-бүлө+дө* |
| Ч. | *талаа+дан* | *тоо+дон* | *эже+ден* | *үй-бүлө+дөн* |

**93-көнүгүү.** Өзүңөр аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочторду жөндөгүлө. Зат атоочтун жөндөлүш типтери канчага бөлүнөрүн санагыла. Жөндөмөлөрдүн эрежесин айтып бергиле.

**94-көнүгүү.** Тексттен аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла.

## БЕШИК ЫРЫ

Бешик ыры кыргыздарда байыркы учурларда эле пайда болгон. Эненин чүрпөсүнө болгон мээрими бешик ырынан, кээде аталгандай бөбөк ырынын назиктигинен, эркелеткен мүнөзүнөн байкалып турат.

Бешик ыры ар дайым эле бала сооротуу үчүн гана эмес, ал жакшы тилек билдирүү, эненин кубанычын, муңун, баланын ата-бабаларынын санжыргалуу окуяларын, эл жомокторун, дастандарын айтуу менен баланы жаш кезинен жакшы жүрүм-турумдарга тарбиялоо үчүн ырдалган.



**95-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөмө мүчөлөр боюнча жөндөгүлө.

1-топко: алма, суу, окуучу, эне, сөйкө;
2-топко: арча, тоо, койчу, тигүүчү, бугу;

## 32-§. АЯГЫ ЖУМШАК ҮНСҮЗДӨР МЕНЕН БҮТКӨН ЗАТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө айрым жөндөмө мүчөлөрдүн (илик, табыш) башкы үнсүз тыбыштары гана жумшарып, калган жөндөмөлөрдө тыбыштык түзүлүшүн толук сактап, кээде үндүүлөрү өзгөрөт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А. | *кыз* | *жер* | *кол* | *көл* |
| И. | *кыз+дын* | *жер+дин* | *кол+дун* | *көл+дүн* |
| Б. | *кыз+га* | *жер+ге* | *кол+го* | *көл+гө* |
| Т. | *кыз+ды* | *жер+ди* | *кол+ду* | *көл+дү* |
| Ж. | *кыз+да* | *жер+де* | *кол+до* | *көл+дө* |
| Ч. | *кыз+дан* | *жер+ден* | *кол+дон* | *көл+дөн* |

**96-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн сөздөрдүн кандай жөндөлөрүн тапкыла.

1. Иш сүйгөн колдон тоо кулайт. 2. Уста темирден да алтын кылыч жасайт. 3. Адамды адам кылып тапкан эмгек. 4. Сыйга — сый, сыр аякка — бал. 5. Кыздын көзү кызылда. 6. Ата-эненди сыйласаң, өз балаңдан опаа көрөрсүң.

**97-көнүгүү.** Аягы жумшак үнсүздөр менен **(з, б, л, р, м, й, ж)** бүткөн сөздөргө мисал тапкыла, аларды оозеки жөндөгүлө.



**98-көнүгүү.** Төмөнкү уяң жана жумшак үнсүздөр менен бүткөн сөздөрдү жөндөгүлө.

1-топко: дептер, үй, килем, жылдыз;
2-топко: гүл, көгүчкөн, жер, асман;

## 33-§. АЯГЫ КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР МЕНЕН БҮТКӨН ЗАТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө жөндөмө мүчөлөрдүн башкы тыбыштары каткалаң үнсүздөргө өтөт. Мисалы:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А. | *бак* | *конфет* | *от* | *топ* |
| И. | *бак+тын* | *конфет+тин* | *от+тун* | *топ+тун* |
| Б. | *бак+ка* | *конфет+ке* | *от+ко* | *топ+ко* |
| Т. | *бак+ты* | *конфет+ти* | *от+ту* | *топ+ту* |
| Ж. | *бак+та* | *конфет+те* | *от+то* | *топ+то* |
| Ч. | *бак+тан* | *конфет+тен* | *от+тон* | *топ+тон* |

**99-көнүгүү.** Окуп чыгып, аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочторду таап, анын кандай жөндөлгөнүн аныктагыла. Эмне үчүн каткалаңдашып жөндөлгөн себебин айтып бергиле.

1. Кыргыз элинде жарыкка жаңы келген перзентке ат коюу каадасы өтө зор мааниге ээ. Ат, сөзсүз түрдө, келечекке байланыштырылып коюлушу керек. Ошол ат баланы өмүр бою

коштоп жүрөт. 2. Адеби жок жигит — жүгөнү жок атка окшош. 3. Деңизди көргөн көлчүктөн коркпойт. 4. Достун жаны бир, туугандын малы бир. 5. Жемди көрүп, көктөгү куш торго түшөт. 6. Жаздын камын кышта ойло. 7. Кандын жигиттери акмакты таба албай коюшту.

**100-көнүгүү.** Аягы каткалаң үнсүздөр менен **(т, ш, к, п)** бүткөн сөздөргө 3—4 мисал ойлоп тапкыла, аларды жөндөгүлө. Жөндөлүштүн типтери жөнүндө айтып бергиле.



**101-көнүгүү.** Төмөнкү берилген сөздөрдү жөндөгүлө.

1-топко: мектеп, оюнчук, желек, Алмалык, топ;

2-топко: китеп, эмгек, интернет, Заркент, курулуш;

## 34-§. ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР УЛАНЫП ТУРГАН ЗАТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочтор барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөр менен жөндөлгөндө бир кыйла өзгөрүүлөр болот.

1. Биринчи жана экинчи жактын таандык мүчөлөрү уланып турган зат атоочторго барыш жөндөмөнүн ***-га*** мүчөсү уланганда мүчөнүн башындагы ***г*** тыбышы түшүп калып, **-а, -е, -о, -ө** формасында калат.

Мисалы: агам+га=агама, эжең+га=эжеңе.

2. Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланып турган зат атооч сөздөр илик жөндөмөдөн башка бардык жөндөмөлөрдө өзгөрүүгө учурайт.

**Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланып турган зат атоочтордо жөндөмө мүчөлөрдүн өзгөрүү жадыбалы**

| Жөндөмөлөр | Сөздөрдүн эң аякки муунунда үндүүгө карай өзгөрүүсү | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ы | и | у | ү |
| Атооч | - | - | - | - |
| Илик | нын | нин | нун | нүн |
| Барыш | на | не | но | не |
| Табыш | н | н | н | н |
| Жатыш | нда | нде | ндо | ндө |
| Чыгыш | нан | нен | нан | нөн |

А. мекеним, балаң, китеби
И. мекенимдин, баландын, китебинин
Б. мекениме, балаңа, китебиңе
Т. мекенимди, баланды, китебин
Ж. мекенимде, баланда, китебинде
Ч. мекенимде, баландан, китебинен

**102-көнүгүү.** Берилген тексттеги кара тамга менен басылган сөздөрдү кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.

**Манастын** атасы Жакып өз агайын-туугандары менен Алтай **тоосуна** качып барат. Алтай тоосунда жүргөндө байбичеси Чыйырды уул төрөйт.

Эл чогулуп, чоң той берип, атын **Манас** коёт. Ошол эле күнү Жакыптын жылкычылыгынын

**өрүшүндө** кула бээ кулун төрөйт. Кула кулан чоңоюп, кийин Аккула деген тулпар болуп, аны Манаска энчиленип калыптыр.

**103-көнүгүү.** Төмөнкү зат атоочторго I, II жактын таандык мүчөлөрүн улагыла. Оозеки жөндөп, өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

Дептер, калем, чайнек.

**104-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө. Жөндөмө мүчөлөрдү тапкыла. Эмне үчүн ушундай жөндөлөрүн аныктагыла.

Эжем, үстөлүң, балам.



**105-көнүгүү.** Берилген сөзлөрдү жөндөмөлөр боюнча жөндөгүлө.

1-топко: алмасы, көчөтүң, үйүм, туусу
2-топко: сумкасы, байкең, гүлү, белеги

## 35-§. АЯГЫ -СК, -НК, -ФТЬ, -КТ, -НГ, -НД, -МН ТЫБЫШТАРЫ МЕНЕН БҮТКӨН СӨЗДӨРДҮН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынып, аягы **-ск, -нк, -фть, -кт, -нг, -нд, -мн** тыбыштары менен бүткөн сөздөр жөндөлгөндө уңгу менен мүчөнүн ортосуна бир үндүү **(ы, и, у, ү, а)** тыбыш кошулуп айтылат жана жазылат. Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| А. | *Минск* | *факт* |
| И. | *Минск+и+нин* | *факт+ы+нын* |
| Б. | *Минск+и+ге* | *факт+ы+га* |

| | |
|---|---|
| Т. *Минск+и+ни* | *факт+ы+ны* |
| Ж. *Минск+и+де* | *факт+ы+да* |
| Ч. *Минск+и+ден* | *факт+ы+дан* |

| | |
|---|---|
| А. *нефть* | *танк* |
| И. *нефт+и+нин* | *танк+а+нын* |
| Б. *нефт+и+ге* | *танк+а+га* |
| Т. *нефт+и+ни* | *танк+а+ны* |
| Ж. *нефт+и+де* | *танк+а+да* |
| *Ч. нефт+и+ден* | *танка+дан* |

Кээ бир **-нк, -мн** тыбыштары менен аяктаган сөздөргө мүчө уланганда үндүү тыбыш кошулбай жөндөлөт жана жазылат.

Мисалы:

| | |
|---|---|
| А. *банк* | *цинк* |
| И. *банк+тын* | *цинк+тин* |
| Б. *банк+ка* | *цинк+ке* |
| Т. *банк+ты* | *цинк+ти* |
| Ж. *банк+та* | *цинк+те* |
| Ч. *банк+тан* | *цинк+тен* |

**106-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө. Аягы ***-ск, -нк, -фть, -нг,- нд, -мн*** тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн кандай жөндөлүш өзгөчөлүгү бар экенин, зат атоочтордун жөндөлүшүн айтып бергиле.

Гимн, фонд, Беловодск, митинг.

**107-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жазып жөндөгүлө. Мурунку жөндөлүшү менен азыркы жөндөлүшүнүн кандай айырмачылыгы бар экенин түшүндүргүлө.

Танкасы, фондусу, нефтиси.



**108-көнүгүү.** Аягы ***-ск, -нк, -фть, -кт, -нг, -нд, -мн*** тыбыштары менен бүткөн сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Эгерде жөндөмөдө турса, кандай өзгөчөлүктөргө ээ экенин түшүндүргүлө.

## 36-§. ЗАТ АТООЧТУН ЖАКТАЛЫШЫ

Жак мүчөлөр негизинен этишке гана таандык. Зат атоочтор жакталбайт, жак мүчөлөр менен да өзгөрбөйт. Бирок адамзаттык зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарганда гана жак мүчөлөрдү кабыл алат.

Демек, зат атоочтун баяндоочтук милдет аткаргандагы жак мүчөлөр менен өзгөрүшү **зат атоочтун жакталышы** деп аталат.

Жак мүчөлөр жакты билдирүү менен жекелик, көптүк санда айтылат.

Биринчи жактын жекелик санын **-мын,** көптүк санын **-быз,** экинчи жактын жекелик санын **-сың,** көптүк санын **-сыңар** мүчөсү билдирет. Үчүнчү жактын жак мүчөсү жок.

Экинчи жактын жекелик санынын **-сың** мүчөсүнөн кийин көптүк сандын **-лар** мүчөсү **-ар** түрүндө уланат.

Мисалы: *баласың+дар* эмес, *баласың+ар; окуучусуң+дар* эмес, *окуучусуң+ар; докторсуң+дар* эмес, *докторсуң+ар; кишисиң+дер* эмес, *кишисиң+ер*.

Жак мүчөлөр таандык мүчөлөрдөн кийин да улана берет. Мисалы: *Иниңмин, инимсиң, инисимин, инисисиң, инисисиз.*

Жакталып турган зат атоочтор эч качан жөндөлбөйт.

**109-көнүгүү.** Төмөнкү жадыбалдан пайдаланып, жак мүчөлөрдү көнүл коюп үйрөнгүлө.

**Жак мүчөлөрдүн өзгөрүшү**

| Жагы | Түрү | Жекелик санда | Жагы | Көптүк санда |
|---|---|---|---|---|
| I. Мен | жөнөкөй | -мын (мин, -мун, -мүн) | Биз | -быз, (-биз, -бүз, -буз, -пыз, -пиз, -пуз, -пүз) |
| II. Сен | жөнөкөй | -сын, (-син, -сун, -сүн) | Силер | -сынар (-синер, -сунар, -сүнөр) |
| Сиз | сылык | -сыз (-сиз, -суз, -сүз) | Сиздер | -сыздар (-сиздер, -сүздөр, суздар) |
| III. Ал | — | — | Алар | |

**110-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жогорку жадыбалдагы көрсөтүлгөн жак мүчөлөр менен жекелик, көптүк санда жактагыла. Жак мүчөлөрдүн өзгөрүшүн байкагыла. Жак мүчөлөрдү жатка үйрөнгүлө.

Психолог, оператор, космонавт, менеджер, мектеп, парта.

**111-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жактагыла. Анын жекелик же көптүк санда айтылганын далилдегиле. Жак мүчөлөрдүн кантип өзгөргөнүн айтып бергиле.

Окуучу, студент, коммерсант, депутат.



**112-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, жакталып турган зат атоочторду тапкыла.

1. Студентмин, шаарда окуйм. 2. Алдыңкы окуучуларыбыз менен сыймыктанабыз. 3. Поэзия, элден чыккан булаксың, Кайрат берип, кары-жашка кубатсың. 4. Биз азыркы өсүп-өнүгүүнүн күбөсүбүз. 5. Силер да күбөсүңөр. 6. Биздин айылыбыз, силердин айылыңар.

## 37-§. ЗАТ АТООЧКО МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

Зат атоочко морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби төмөнкүчө болот:

1. Зат атоочту табуу.
2. Зат атоочтун лексикалык жана грамматикалык маанисин аныктоо.
3. Зат атоочтун жекелик жана көптүк санда экендиги.
4. Энчилүү жана жалпы ат экендиги.
5. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгы.
6. Уңгу мүчөгө ажыратуу. Мүчөнүн түрлөрүн табуу.
7. Сүйлөм ичиндеги аткарган милдети.

Мисалы: *Мекенибиз — токойлуу жерлерге, тоолор менен дарыяларга бай өлкө.*

Бул сүйлөмдө *мекенибиз, жерлерге, тоолор, дарыяларга, өлкө* деген 5 зат атооч бар. *Мекенибиз* — жалпы ат, бул сөздүн уңгусу — *мекен,* мүчөсү -ыбыз, I жактын таандык

мүчөсүнүн көптүк түрү, *эмнебиз?* деген суроого жооп берди. *Жерлерге* — жалпы ат, уңгусу — *жер*, мүчөсү *-лер*, көптүк мүчө, *-ге*, барыш жөндөмөнүн мүчөсү; *тоолор* — жалпы ат, уңгусу — *тоо*, мүчөсү *-лар*, көптүк мүчө; *дарыяларга* — жалпы ат, бул сөздүн уңгусу — *дарыя*, мүчөсү *-лөр*, көптүк мүчө. *-га* барыш жөндөмөнүн мүчөсү; *өлкө* — жалпы ат, бул сөз уңгу түрүндө.

**113-көнүгүү.** Төмөнкү берилген зат атоочторго морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1-топко: Ата журтубузга, сумкасына, досумду, Ферганадан.

2-топко: Айылга, Бухарада, мамлекеттин, сыйлыктар.



**114-көнүгүү.** Үйдөн жогорудагы көнүгүүдөгүдөй төрт сөзгө морфологиялык талдоо жүргүзүп, чечмелеп жазып келгиле.

## 38-§. СЫН АТООЧ. САПАТТЫК ЖАНА КАТЫШТЫК СЫН АТООЧТОР

Сын атоочтор заттардын ар түрдүү белгилерин жана башка зат менен болгон байланышын билдиришине карай **сапаттык** жана **катыштык сын атооч** болуп экиге бөлүнөт.

Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, сапатын,

белгисин, формасын, мүнөзүн ж.б. түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор **сапаттык сын атоочтор** деп аталат.

Сапаттык сын атоочторго төмөнкү сөздөр кирет:

Уңгу (тубаса) сын атоочтор: *жакшы, жаман, сулуу, шайыр, тегерек, ичке, ак, кызыл, кара, сары, бийик, жапыз, жоош, тентек, ачуу, ысык, чоң, таза, кенен.*

Башка бир зат менен болгон байланышына, кандайдыр бир катышына карай заттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү сын атоочтор **катыштык сын атооч** деп аталат.

Катыштык сын атоочтор көбүнчө өзү аныктап турган сөзү менен бирге айтылат жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен түзүлөт.

**-луу:** *акылдуу, малдуу, тартиптүү, күчтүү;*

**-дай:** *тоодой (толкун), атырдай (жыттуу), кагаздай (ак);*

**-лык:** *айылдык (жигит), шаардык (киши), айлык (акы);*

**-гы:** *түнкү (сугат), тоодогу (малчылар), бүгүнкү (күн);*

**-лаш:** *аталаш (тууган), сырдаш (жигит), айылдаш (балдар);*

**-чыл:** *уйкучул (киши), жаанчыл (ай), эмгекчил (адам), ойчул (бала);*

**-чан:** *тончон, кийимчен, пальточон, тумакчан.*

**115-көнүгүү.** Төмөнкү ырды окуп чыгып, сапаттык жана катыштык сын атоочторду тапкыла.

Кыялы комуз миң кылдуу,
Чертилсе комуз көп сырдуу.
Өмүрдүн өзү сыяктуу,
Жумшак, таттуу, жыпжылуу.
Көйрөң, жеңил, шашкалак,
Билүү кыйын, кандай бу?

*(А. О.)*



**116-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, адегенде сапаттык, кийин катыштык сын атоочторду көчүрүп жазгыла.

1. Бапестеп өстүрүлгөн кызыл, сары, ак гүлдөр айланага көрк берип турат. 2. Алтындай жаштык бар кезде, айлуу түндө ойнодук. 3. Ак жеринен күйдү деп, калың жыйын сөз кылсын. 4. Айылдаш достор жанаша, айтканым болор тамаша. 5. Ашуусу бийик бел ашып, басып келдим Аксыга.

## 39-§. СЫН АТООЧТУН ДАРАЖАЛАРЫ

Сапаттык сын атооч аркылуу аныкталуучу заттагы (кыймыл-аракеттеги) белгилердин ар түрдүү даражада (жай, салыштырма, күчөтмө, басандатма) экендигин көрсөткөн сын атоочтор **сын атоочтун даражалары** деп аталат. Кыргыз тилинде сын атоочтун 4 даражасы бар.

Сын атоочтун даражалары
- Жай даража
- Салыштырма даража
- Күчөтмө даража
- Басаңдатма даража

1. **Жай даража.** Заттын белгисин кандай нормада экендигин билгизип, атайын мүчөлөрдүн жардамысыз, уңгу (тубаса) түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу жасалат. Мисалы: *кызыл, сары, сонун, ак, көк, кара, жашыл, бийик, узун, кыска, ачуу, ийри, калың, кең, тоголок, сүйрү.*

Жай даража сын атоочтун башка даражаларын түзүүгө негиз болот.

2. **Салыштырма даража.** Заттагы бир эле белги экинчи заттын белгиси менен салыштырылат. Демек, эки заттын бир белгиси боюнча бири-бири менен салыштырылышы сын атоочтун **салыштырма даражасы** деп аталат.

**3. Күчөтмө даража.** Заттын сын-сыпатын жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт да, төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат.

1) *Эң, абдан, өтө, аябай (аябагандай), чымкый, чылк* деген күчөтмө бөлүкчөлөрдүн сын атоочко айкалышып айтылышы аркылуу жасалат.

Мисалы: *Эң сонун, абдан жакшы, өтө кооз, аябай таттуу, чымкый кызыл, чылк семиз.*

**4. Басаңдатма даража.** Заттагы белгинин нормалдуу белгиге жете бербегендигин же

анын басандатылып айтылышын билдирет жана төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жай даражадан жасалат.

| Жай даража | Басандатма даражаны уюштуруучу мүчөлөр | Мисалдар |
|---|---|---|
| ак | **-ыш** | агыш, көгүш |
| кир | **-гыл** | киргил |
| көк | **-ылжым, -ылжын** | көгүлжүн — көгүлжүм, |
| | **-ылтыр** | каралжым — каралжын |
| | | көгүлтүр |
| сары | **-гыч, -гылт,** | саргыч, саргылт, |
| кызыл | **-гылтым** | кызгылт, кызгылтым |
| ак | **-ча** | акча, |
| боз | **-омук, -омтук** | бозомук, бозомтук |

**117-көнүгүү.** Жай даражага берилген жогорку мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Эмне үчүн алардын жай даража экендигин түшүндүргүлө, эрежесин айтып бергиле.

**118-көнүгүү.** Төмөнкү салыштырма даражанын кандай жолдор менен жасалгандыгын айтып бергиле.

Узунураак, күчтүүрөөк, мага караганда чоң (чоңураак), үйдөн кичирээк.



**119-көнүгүү.** Сын атоочтун даражалары жөнүндө түшүндүргүлө. Эмне үчүн даражалар төрткө бөлүнөрүн далилдегиле. Ар бир даражага 2—3 төн мисал келтиргиле.

## 40-§. СЫН АТООЧТУН ЗАТТЫК МААНИДЕ КОЛДОНУЛУШУ

Кээ бир учурда сын атоочтон кийин келүүчү зат атооч түшүп калат да, андагы мүчө сын атоочко жалганат, сын атооч заттык мааниде колдонулат.

кандай?
Мисалы: Жакшы (адам) эли үчүн күйүнөт,
Жаман (адам) өзү үчүн жүгүрөт.
ким?
Жакшы эли үчүн күйүнөт,
Жаман өзү үчүн жүгүрөт.
кандай?
Жакшы (адамга) айтсаң билет,
Жаман (адамга) айтсаң күлөт.
кимге?
Жакшыга айтсаң билет,
Жаманга айтсаң күлөт.

**120-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сын атоочторун тапкыла. Анын сапаттык, катыштык сын отооч жана сын атоочтун кайсы даражасы экенин аныктагыла.

1. Эмгексиз кишини энчиден, кур жараткан замана. 2. Салабаттуу карыялар — биздин урматыбыз, сыйыбыз. 3. Жакшы кишинин сымбатын жакшы киши билер. 4. Жакшы киши элине баш болот, жаман киши элине кас болот. 5. Ынтымактуу кишилердин үй-бүлөсү да ынтымактуу.



**121-көнүгүү.** Берилген сүйлөмдөрдөгү сын атоочторду заттык мааниде колдонуп жазгыла.

1. Жакшы бала тил алчаак болот, жаман бала уялчаак болот.
2. Билимсиз киши — өлүк жан.
3. Билимдүү адам гана эч качан жеңилбейт.
4. Атаны сыйлаган бала абийир табат,
   Энени сыйлаган кыз элге жагат.
5. Анын күжүрмөн жигит экендиги дароо билинди.

## 41-§. СЫН АТООЧТУН ЖАСАЛЫШЫ

Төмөнкү сүйлөмдөрдү кунт коюп окуп чыккыла:

1. *Берекелүү* мейман дос, элиңе салам айтамын.
2. *Акылдуу* киши — *күлкүчүл, акылсыз* киши — *уйкучул.*
3. *Уяттуу* адам — *уялчаак, уятсыз* адам — *мактанчаак.*
4. *Жазгы* жаан жандан өтөт.

Сын атоочтор эки түрдүү жол менен жасалат. Бири — **морфологиялык** жол, экинчиси — **синтаксистик** жол.

Морфологиялык составына карай сын атоочтор **тубаса** жана **туунду сын** болуп, экиге бөлүнөт.

Тубаса сын атоочтор ар дайым уңгу түрдө турат: *кызыл, сары, көк, жашыл, күрөң, кара, тору, ак.*

Туунду сын атоочтор сөз мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу жасалат: *чөп+түү,ат+чан, бала+дай, айыл+дык, ата+лаш, акыл+сыз, темир+дей, жалын+дай.*

**I. Сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы**

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалган сын атоочтор морфологиялык жол менен жасалган сын атоочтор деп аталат. Булар негизинен атоочтон сын атооч, этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөр болуп, **эки топко** бөлүнөт.

**1. Зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөр:**

**-луу** — *балалуу, акылдуу, токойлуу,элдүү.*

**-сыз** — *акылсыз, ишсиз, көңүлсүз, суусуз.*

**-чыл** — *уйкучул, күлкүчүл, ойчул, эмгекчил,.*

**-дай** — *тоодой, теректей, алтындай.*

**-лак** — *таштак, кумдак, саздак, муздак.*

**-лык** — *шаардык, айылдык, жылдык, айлык (акы).*

**-гы** — *күзгү (эгин), жазгы, кышкы (суук).*

**-лаш** — *аталаш, тилектеш, айылдаш.*

**-чан** — *тончон (адам), кийимчен (киши).*

**-мер** — *ишмер (бала), сөзмөр (карыя).*

**-кер** — *кызматкер, боорукер, айлакер.*

**-кор** — *мансапкор, камкор, дүнүйөкор.*

**-поз** — *өнөрпоз, илимпоз, ышкыбоз.*

**-кой** — *намыскөй, тамашакөй, амалкөй.*

**-ий** — *илимий, маданий, адабий, диний, саясий.*

**2. Этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөр:**

**-гыр** — *алгыр (куш), өткүр (бычак).*

**-гыч** — *сезгич, билгич (адам), жазгыч (акын).*

**-калаң, -калак** — *шашкалаң (жигит).*

**-чаак** — *уялчаак (бала), кызганчаак (киши).*

**-гак** — *соргок (ит), коркок (киши), тайгак (жол).*

**-ма** — *чийме (кагаз), жайма (базар).*

**-аанак, -ааган** — *кабаанак, кабааган (ит).*

**-ык (-к)** — *ачык (эшик), жабык (там).*

**-гыс** — *кеткис (так), жеткис (киши).*

**-ыңкы** — *көтөрүңкү (кабак), кубарыңкы.*

**-ыш** — *тааныш (киши), окшош (буюм).*

**-ыңды** — *уланды (мүчө), куранды (мүчө).*

**-гыл (-кыл)** — *ачкыл, кычкыл* (уңгусу — *ачы, кычы).*

**-ын** — *агын (суу), саан (уй).*

**-арман** — *чабарман (жигит), күйөрман (киши).*

**122-көнүгүү.** Жогорку мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө, сын атоочту жасаган мүчөлөргө суроо бергиле.

**123-көнүгүү.** Зат атоочтон сын атооч жасоочу жана этиштен сын атооч жасоочу 5 тен мүчөнү пайдаланып, сүйлөм түзүп жазгыла.



**124-көнүгүү.** Жогорку этиштен сын атоочту жасаган мүчөлөрдү катыштырып, 6 сүйлөм ойлоп тапкыла.

## 42-§. СЫН АТООЧТУН СИНТАКСИСТИК ЖОЛ МЕНЕН ЖАСАЛЫШЫ

Эки же андан ашык сөздөн туруп, заттын сын-сыпатын, белгисин билдирген сын атоочтор **татаал сын атоочтор** деп аталат. Татаал сын атоочтор сөздөрдүн айкалышып айтылышы аркылуу синтаксистик жол менен жасалат. Мындай сын атоочтор кош, кошмок сөз түрүндө болот.

**1. Кош сын атоочторго** төмөнкүлөр кирет:

**а) Ар бир сөзү маани берүүчү кош сын атоочтор.** Мындай сын атоочторго **-луу** мүчөсү улана берет: *эстүү-баштуу, жылуу-жумшак, алдуу-күчтүү, өңдүү-түстүү, аттуу-баштуу.*

**б) Карама-каршы маанидеги кош сын атоочтор:** *алыс-жакын, улуу-кичүү, арык-семиз, кары-жаш, бийик-жапыз, өйдө-ылдый, жакшы-жаман, ачуу-таттуу, жоон-ичке.*

**в) Бир сөзү маани берип, экинчи сөзү маани** бербеген кош сын атоочтор: *жаман-жуман, майда-чүйдө, эски-уску, кызыл-тазыл, тааныш-туунуш, оңой-олтоң, жеңил-желпи.*

**г) Эки сөзү тең маани бербеген кош сын атоочтор:** *оргу-баргы, кобур-собур, уйгу-туйгу, ыпыр-сыпыр, эңги-деңги.*

**д)** Кайталанып айтылган кош сын атоочтор: *бийик-бийик (үйлөр), сонун-сонун (китептер), чоң-чоң (шаарлар), түркүн-түркүн (гүлдөр).*

**125-көнүгүү.** Жогорку кош сын атоочторду катыштырып, сүйлөм ойлоп жазгыла, алардын кандай жолдор менен жасалганын далилдегиле.

**126-көнүгүү.** Татаал сын атоочтун 5 түрү боюнча оозеки мисалдар түзүп, класста өз ара талкуулагыла.



**127-көнүгүү.** Атооч сөздөрдөн жана этиштен сын атоочту жасаган мүчөлөрдү санагыла. Ал мүчөлөр эмне үчүн сын атоочту жасаганын түшүндүргүлө.

## 43-§. СЫН АТООЧТУН ЖАЗЫЛЫШЫ

Сын атоочтун жазылышы төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

1. Зат атоочтон сын атооч жасоочу **-луу, -лүү, -аанак (-ааган) -чаак** мүчөлөрү созулуп, айтылышынча жазылат. Мисалы: *балалуу, малдуу, тоолуу, үйлүү, уялчаак.*

2. Аягы үндүүлөр менен бүткөн этиш сөздөргө **-ак** мүчөсү уланса, созулуп айтылышынча жазылат. Мисалы: *терде+ак=тердээк, сүйлө+ак=сүйлөөк.*

3. Кош сын атоочтор арасында дефис коюлуп жазылат. Мисалы: *ачык-айрым, алыс-жакын, улуу-кичүү, кары-жаш, эстүү-баштуу.*

4. Кошмок сын атоочтор ар башка жазылат: *кызыл ала, кара тору, будур ала, кара көк, кара күрөң.*

5. *Эң, абдан (абыдан), өтө, аябай, чымкый, чылк* деген бөлүкчөлөр сын атоочко айкаша

айтылса, бөлөк жазылат. Мисалы: *эң жакшы, абдан сонун, өтө кымбат, чымкый кызыл, чылк семиз.*

6. Толук маанидеги сын атооч менен башкы муунунан кыскартылып айтылган күчөтмө сын атоочтор бирге жазылат. Мисалы: *кыпкызыл, сапсары, көпкөк, бопбоз.*

7. Салыштырма сын атоочтун **-ыраак** мүчөсү созулуп айтылышынча жазылат: *агыраак, көгүрөөк, жашылыраак, бийигирээк, жумшагыраак.*

**128-көнүгүү.** Төмөнкү сын атоочторду тууралап көчүрүп жазгыла. Кандай ката кетирилгендигин байкагыла. Сын атоочтун жазуу эрежелерин айтып бергиле.

Аталу, өңдү-түздү, унутчак, тебенек, алыс жакын, куп-куу, кап-кара, эңкызык, кызыл кызыл, апаак, саргылт, карагыч, узун туура, кызылтазыл.

**129-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сын атоочторду таап, алардын кандай маани билдирип жаткандыгын түшүндүргүлө.

Биздин айылдан бийик тоолор көрүнүп турат. Алар аппак кар менен оронгон. Жаңы кар күн нуруна чагылышып,жарк-журк этип,өзгөчө кооз.

Кыштын керемети да мына ушул жаңы жааган карда экендигин мен буга чейин сезбептирмин. Тиги аппак жөө тумандар тунук асмандын этегин жаап бир нерсени катып тургандай.



**130-көнүгүү.** Төмөнкү сын атоочтордун маанисин аныктап, сүйлөмдөр түзгүлө.

1-топко: ак, сүттүү, көгүш, билимдүү;

2-топко: кызыл, тоодой, суулуу, кызыгыраак;

## 44-§. СЫН АТООЧКО МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

Балдар, сын атоочко морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө төмөнкү тексттен билип аласыңар. Аны кунт коюп өздөштүргүлө.

1. Сын атоочторду табуу, анын лексикалык маанисин, грамматикалык белгилерин аныктоо.
2. Сын атоочтун кайсы түрү экендигин аныктоо (катыштык же сапаттык экендиги).
3. Сын атоочтун даражаларынын кайсы бири экендигин табуу.
4. Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу.
5. Сүйлөм ичиндеги аткарган милдети.

Эми талдоонун үлгүсүн көрсөтөбүз: Мисалы: *Мекенибиз бизди* ***энебиздей*** *өзүнүн* ***ысык*** *бооруна басып, эркелетет.*

Бул сүйлөмдө 2 сын атооч катышты.

1. **Энебиздей** — сын атооч, *кандай?* деген суроого жооп берди, катыштык сын атооч, *-дай* мүчөсү аркылуу зат атоочтон жасалды, жай сын. Заттык мааниде колдонулган жок, сүйлөм ичинде аныктоочтук милдет аткарды.

2. **Ысык** — сын атооч, *кандай?* деген суроого жооп берет. Сапаттык сын атооч, жай сын, заттык мааниде колдонулган жок. Сүйлөм ичинде аныктоочтук милдет аткарды.

**131-көнүгүү.** Жогоруда берилген үлгү боюнча сын атоочторду катыштырып 3 сүйлөм түзгүлө жана аны талдагыла.



**132-көнүгүү.** Окугула. Берилген сүйлөмдөрдөн сын атоочторду таап, аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Адепсиз бала — таманга жабышкак чыла. 2. Жакшы жигит — сыртта мырза, үйдө кул. 3. Ал өтө көркөм, өтө кооз экен.

## 45-§. САН АТООЧ. САН АТООЧТУН СӨЗ ТҮРКҮМҮ КАТАРЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Заттын санын, эсебин, иретин, тартибин, чамасын, болжолун, топ-тобун көрсөткөн сөз түркүмү **сан атооч** деп аталат.

Сан атооч *канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө? канчадан?* деген суроолорго жооп берет.

1. *Жети* өлчөп, *бир* кес. 2. *Төртөө* төп болсо, төбөдөгүнү алат, *алтоо* ала болсо, алдындагыны алдырат. 3. Захириддин Мухаммад Бабур 1483-жылдын 14-февралында Андижанда туулган. 4. *Беш-алты* жылдын ичинде экономикабыз дагы өсөт.

Башка сөз түркүмдөрү сыяктуу эле сан атооч да лексикалык мааниге ээ,анын өзүнө тиешелүү морфологиялык белгиси бар. Ал сүйлөм ичинде ар түрдүү синтаксистик кызматты аткарат.

Тиешелүү мүчөлөр уланбай, уңгу түрдө туруп, заттын санын, сандык түшүнүктү гана билдириши анын лексикалык мааниси деп аталат. Мисалы: он, отуз, кырк, элүү, жүз миң.

Сан атоочту башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турган морфологиялык белгиси анын өзүнө тиешелүү *-ынчы, -оо, -өө, -га, -лап, -лаган, -дай* сыяктуу мүчөлөр менен өзгөрүшү болуп саналат. Сан атооч сүйлөм ичинде баш жана айкындооч мүчөлөрдүн милдетин аткарат. Мисалы: *Экөөбүз интернет аркылуу тааныштык* (ээси — *экөөбүз*). *Ажардын жашы он үчтөрдө* (баяндооч — он үчтөрдө). *Мен олимпиадада биринчи орунду алдым* (аныктоочу — *биринчи*).

**133-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдүн ичинен сан атоочторду жанаша айтылган сөздөрү менен көчүрүп жазгыла. Суроолорун берүү аркылуу аныктагыла. Сан атоочтун лексикалык маанисин жана морфологиялык белгисин түшүндүрүп бергиле.

1. X кылымдын аягы — XI кылымдын биринчи жарымында жашаган Абу Райхан Беруний Жердин биринчи моделин — глобусту жасаган. 2. Дүйнөдөгү эң чоң глобустардан бири Ташкенттеги Өзбекстан Улуттук университетинин «Гео-

графия» факультетине орнотулган. Анын бою 2,5 метр, диаметри 2 метр, айланасы болсо 6 метр. Ал эми салмагы 490 кг келет. Бул глобусту «Ташкент глобусу» дешет. (*Таб. геогр.*)

**134-көнүгүү.** Төмөнкү сүрөткө карап, сан атооч сөздөрүн катыштырып, сүйлөм түзгүлө.



**135-көнүгүү.** Сан аточторду катыштырып, 6 сүйлөм түзгүлө. Сан атоочтун башка сөз түркүмүнөн болгон айырмачылыгын түшүндүргүлө.



**136-көнүгүү.** Төмөнкү сан атоочтордун ар бирине **-ынчы (-нчы), -оо, -өө, -ча, -лап, -лаган, -дай** деген мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла.

Беш, жети, отуз, элүү.

**Үлгү:** Төрт, төртүнчү, төртөө, төрттөй.

## 46-§. САН АТООЧТУН ТҮЗҮЛҮШҮНӨ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

Кыргыз тилиндеги сан атоочтор түзүлүшүнө карата **жөнөкөй** жана **татаал** болуп, **эки топко** бөлүнөт.

Жөнөкөйү бир сөздөн *(бир, он, жыйырма, отуз, кырк, жүз)* татаалы эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт: *он беш, жыйырма сегиз, отуз үч, эки жүз, беш миң, он миллион, бир жүз сексен алты, бир миң тогуз жүз он жети.*

**137-көнүгүү.** Жөнөкөй жана татаал сан атоочтордон катыштырып оозеки сүйлөм түзгүлө. Аны каласста өз ара талкуулагыла.

**138-көнүгүү.** Берилген сан атоочторду жөнөкөй жана татаал сан атоочко ажыраткыла. Аларга сүйлөмдөр түзүп жазгыла.

1-топко: он алты, жүз, жыйырма беш, отуз, тогузунчу, кырк эки.

2-топко: беш, сегизинчи, он жети, алты, токсон, эки жүз алтымыш беш.



**139-көнүгүү.** Окуп чыгып сан атоочторду тапкыла. Аларды жөнөкөй жана татаал сан атоочторго ажыраткыла.

1. Биз эгемендүүлүктүн 26 жылдыгын майрамдадык. 2. Асан экинчи этажда жашайт. 3. Самаркандга эки «Дамас» болуп бардык. Ал жерде төрт күн болдук. 4. Дилдара теннис

боюнча биринчи орунду алды. 5. Мен кырк тесттен отуз бирин чечтим.

## 47-§. САН АТООЧТУН ЖАСАЛЫШЫ

Сан атоочтор эки жол менен жасалат. Бири — **морфологиялык** жол, экинчиси — **синтаксистик** жол.

1. **Морфологиялык жол.** а) Сан атоочтор кээ бир мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат.

**-ынчы (-нчы)** — *үчүнчү, бешинчи.*

**-оо, -өө,** — *алтоо, бирөө, экөө, үчөө.*

**-ча** — *отузча, кыркча, жүзчө.*

**-дай** — *бештей, ондой, жыйырмадай.*

**-лаган** — *ондогон, жүздөгөн, миңдеген.*

б) Сан атоочтор мүчөлөрдүн жардамы менен башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбайт.

2. **Синтаксистик жол.** Сан атоочтор эки же андан ашык сандардан же бир эле сандын кайталанып айтылышы аркылуу жасалат. Алар **кош, кошмок сөз** түрүндө болот. Булар **татаал сан атоочтор** деп аталат.

а) Кош сан атоочтор сандардын жуптальп, кошулуп айтылышы аркылуу жасалат: *эки-үч, төрт-беш, беш-алты, жети-сегиз, жыйырма-отуз, кырк-элүү, бир-бирден, эки-үчтөн, он-ондон.*

б) Кошмок сан атоочтор сандарды кошуу же көбөйтүү жолу менен жасалат. Мисалы: *жыйырма үч, отуз эки* деген сандар,

*жыйырма* жана *үч* (20+3), *отуз* жана *эки* (30+2) деген сандардын кошулушу аркылуу, ал эми *үч жүз, беш миң* деген сандар *үчкө жүздү* (3х100), *бешке миңди* (5х1000) көбөйтүү жолу менен жасалды.

в) Эсептик сан атоочтордо, *чакты, чамалуу, ашык, ашуун, жакын* деген сөздөр кошо айтылып, татаал сан атоочтор жасалат. Мисалы: *он чакты, кырк чамалуу, отуздан ашуун, элүүгө жакын.*

**140-көнүгүү.** Сан атоочтун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалышына оозеки мисалдар келтиргиле. Туунду жана тубаса сан атоочтор жөнүндө билгениңерди айтып бергиле.



**141-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сан атоочторду таап, кайсы жол менен жасалганын тапкыла.

1. Эшигинин алдына ондой киши боз үй тигип жатышкан экен. 2. Он чактыдай азамат мени узатып чыгышты. 3. Жыйырма бешке отуз жыл, жашатып койсо эмине. 4. Сен экөөбүз кошулсак, түйүнүн ырдын чечебиз.

## САН АТООЧТУН МААНИСИНЕ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

Кыргыз тилинде сан атооч сөздөр берген маанилерине карай **алтыга** бөлүнөт:

| Сан атоочтор | Мисалдар |
|---|---|
| 1. Эсептик сан | бир, он, жыйырма, кырк, миң, миллион, эки жүз миллион, бир миң, тогуз жүз жетимиш. |
| 2. Иреттик сан | биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү, онунчу, жыйырманчы, кыркынчы, эки жүз элүүнчү. |
| 3. Жамдама сан | бирөө, экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө. |
| 4. Чамалама сан | ондой, жыйырмача, кырктай, жүзгө жакын, отуз чакты. |
| 5. Топ сан | үч-үчтөн, беш-алтыдан, отуз-кырктан, жыйырма бештен. |
| 6. Бөлчөк сан | экиден бир, бештен үч, ондон эки, сегиз бүтүн жетиден беш. |

## 48-§. ЭСЕПТИК САН АТООЧ

Заттын (кээде кыймыл-аракеттин) санын, эсебин билдирип, ***канча? нече?*** деген суроого жооп берүүчү сан атоочтор **эсептик сан атоочтор** деп аталат.

Эсептик сан атоочторго: *бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он* деген бирдиктер; *жыйырма, тогуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, сексен, токсон* деген ондуктар; *жүз, эки жүз, үч жүз, тогуз жүз* деген жүздүктөр; *миң, үч миң, төрт миң,*

*алты миң, эки жүз миң, сегиз жүз миң* деген миндиктер жана *миллион, триллион* деген ж. б. сандар кирет.

**142-көнүгүү.** Жадыбалдагы ар бир сан атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Мааниси боюнча кайсы сан атооч экенин ажыраткыла. Кандай суроого жооп берип турганын аныктагыла.



**143-көнүгүү.** Окуп чыгып, эсептик сан атоочторду гана тапкыла. Суроо берүү аркылуу аныктагыла.

1. Миң сөз айтканча, бир сөз айт. 2. Кыңыр иш кырк жылда билинет. 3. Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт. 4. Адам эки жашабайт. 5. Жер кулагы — жети кат. 6. Эр жигитке жетимиш түрдүү өнөр аз.

## 49-§. ИРЕТТИК САН АТООЧ

Заттын, иретин, тартибин, катарын көрсөткөн сан атооч *канчанчы? нечечи?* деген суроолорго жооп берет.

Иреттик сан атоочтор эсептик сандарга **-ынчы, (-нчы)** мүчөсү улануу менен түзүлөт.

Мисалы: бир+ынчы=биринчи, он+ынчы =онунчу, беш+ынчы=бешинчи, жыйырма+ ынчы= жыйырманчы.

Иреттик сан атоочтор түзүлүшү боюнча **жөнөкөй** да, **татаал** да болушат.

Жөнөкөйү бир сөздөн, татаалы эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт.

Иреттик сандар араб цифрасы менен жазылганда цифрадан кийин дефис коюлат: *1-класс, 2013-жыл, 21-кылым, 5-глава.*

Эгерде иреттик сандар рим цифрасы менен жазылса, рим цифрасынан кийин эч кандай белги коюлбайт. Мисалы: *I класс, X глава, XX кылым.*

**-ынчы** мүчөсү татаал иреттик сандардын эң аяккы санына уланат. Мисалы: *Он үчүнчү, он жетинчи, жыйырма бешинчи, отуз үчүнчү, кырк биринчи, бир миң тогуз жүз алтынчы.*

**144-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, иреттик сан атоочторун тапкыла. Суроолорун берүү аркылуу түзүлүшүнө карай ажыраткыла. Иреттик сандарды кайсы мүчө уюштураарын, анын өзгөрүшүн түшүндүргүлө.

1. 2004-жылы Рустам Касымжанов шахмат боюнча дүйнө чемпиону болду. 2. Орто Азиядагы атактуу жол башчы жана мамлекеттик ишмер Амир Темур XIV кылымда өзүнүн «Түзүктөрүн» жараткан. 3. Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн кийин, жаңы согуштар башталышына жол койбостук максатында дүйнө элдери Бириккен Улуттар Уюмуна (БУУ) биригишти.

**145-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, иреттик сан атоочторду тапкыла.



**146-көнүгүү.** Төмөнкү сөз менен жазылган сандарды рим цифрасы менен көчүрүп жазгыла.

Отуз экинчи жыл. Бир миң тогуз жүз сексен тогузунчу жыл. Он сегизинчи кылым. Онунчу класс. Бешинчи бөлүм.

## 50-§. ЖАМДАМА САН АТООЧ

Сан менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтүүчү сан атооч **жамдама сан** атооч деп аталат.

Жамдама сан атооч *канчоо? нечөө?* деген суроолорго жооп берет.

Жамдама сан атоочтор эсептик сандарга **-оо, -өө** мүчөлөрү улануу менен түзүлөт.

| Эсептик сан атооч | Мүчөлөр (-оо, -өө) | Жамдама сан атооч | Жак мүчөлөрдүн уланышы |
|---|---|---|---|
| бир | + өө | бирөө | бирөөбүз (-сүңөр, -сүздөр) |
| эки | + өө | экөө | экөөбүз (-сүңөр, -сүздөр) |
| үч | + өө | үчөө | үчөөбүз (-сүңөр, -сүздөр) |
| төрт | + өө | төртөө | төртөөбүз (-сүңөр, -сүздөр) |
| беш | + өө | бешөө | бешөөбүз (-сүңөр, -сүздөр) |
| алты | + өө | алтоо | алтообуз (-суңөр, -суздөр) |
| жети | + өө | жетөө | жетөөбүз (-сүңөр, -сүздөр) |

**147-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Жамдама сан атоочторду таап суроолор бергиле. Кандай мүчө аркылуу жасалганын аныктагыла.

1. Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп. (Макал). 2. Бүгүн жүрүш кызуу, алтоо тең бирдей чарчоону сезишкен жок. (Т.С.) 3. Булардын экөө элүүлөргө аяк басып калган эркек.(Ш.Б.)

**148-көнүгүү.** Төмөнкү жамдама сан атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Сүйлөм ичинде кандай милдет аткарып тургандыгын айтып бергиле.

1-топко: бирөө, экөөбүз, бешөөнө, алтоо, үчөөсү.

2-топко: бирөөнүн, экөө, алтоону, үчөөбүз, бешөөсү.



**149-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Жамдама сан атоочторун таап, аны уюштурган мүчөлөрдүн астын сызгыла.

Эр картайды, мал тайды,
Экөөлөдү Айганым.
Кышың жут да, жазың жут.
Төртөөлөдү Айганым.
Келин чайпоо, уул тентек,
Алтоолоду Айганым.(*Элдики*)

## 51-§. ЧАМАЛАМА САН АТООЧ

Заттын санын, эсебин так эмес, чамалап, болжолдоп көрсөткөн сан атооч **чамалама сан** атооч деп аталат.

Чамалама сан атооч *канча? нече? канчадай? нечедей? канчалаган?* деген суроолорго жооп берет.

Чамалама сан атооч сүйлөм ичинде көбүнчө аныктоочтук, бышыктоочтук, кээде ээлик жана баяндоочтук милдет аткарат.

Мисалы: *Жыйналышта беш-алты киши сүйлөдү* (беш-алты — аныктоочтук). *Мен саат бештер чамасында барамын* (бештер чамасында — бышыктоочтук). *Окуучулардын он чактысы сыйланды* (он чактысы – ээлик). *Ал отуздарда, мен он бештемин* (отуздарда, он бештемин — баяндоочтук).

| Чамалама сан атооч төмөнкүчө түзүлөт | Мисалы |
|---|---|
| 1. Эсептик сандардын өз ара айкалышынан | эки-үч, беш-алты, жети-сегиз, кырк-элүү, сексен-токсон. |
| 2. Жамдама сан атоочтордон | төртөө-бешөө, алтоо-жетөө, төрт-бешөө, беш-алтоо, бир-экөө. |
| 3. Эсептик сандарга *жакын, чамалуу, ашуун, чакты* деген сөздөрдүн кошулуп айтылышынан | он чакты, жыйырма чамалуу, отузга жакын, кырктан ашуун. |
| 4. Эсептик сандарга *-дай, -лаган, -ча, - лап,* мүчөлөрүнүн уланышы менен | отуздай, кырктай, элүүчө, жүзчө, ондоп, жүздөгөн, миндеп, жүз миңдеген. |
| 5. Эсептик сандарга көптүк *-лар* мүчөсү, андан кийин жөндөмө мүчөлөр улануу менен | жыйырмаларга, отуздардан, кырктарда, элүүлөрдө, алтымыштарда, жыйырма бештерде, он экилерде. |

**150-көнүгүү.** Чамалама сан атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Кандай суроолорго жооп берерин аныктагыла.

**151-көнүгүү.** Чамалама сан атоочтор деп, кандай сан атоочторду айтабыз? Оозеки мисал келтиргиле. Кандай суроолорго жооп берерин түшүндүргүлө. Кандай жолдор менен жасаларын далилдегиле.

**152-көнүгүү.** Төмөнкү чамалама сан атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.

1-топко: алтымыштарда, беш-алты, ондогон, отузга жакын, он чакты.

2-топко: жүздөгөн, бир-эки, элүүлөргө жакын, жыйырма чамалуу, жүздөн ашуун.



**153-көнүгүү.** Өзүңөр чамалама сан атоочторго мисал ойлоп жазгыла. Суроолорун берүү аркылуу талдап, кандай жолдор менен жасалгандыгын түшүндүргүлө.

## 52-§. ТОП САН АТООЧ

Заттын санын топ-тобу менен көрсөткөн сан атооч **топ сан атооч** деп аталат.

Топ сан атооч *канчадан?* деген суроого жооп берет.

Топ сандын өзүнө тиешелүү мүчөсү жок, бир же эки кайталанган эсептик сандарга чыгыш жөндөмөсүнүн **-дан** мүчөсү улануу менен гана жасалат.

Мисалы: Алар **үчтөн**, биз **төрттөнбүз**. Алдыңкы окуучуларга **экиден** китеп берилди. Участкада **беш-бештен** болуп, бөлүнүп иштедик.

Топ сан түзүлүшү жагынан жөнөкөй да, татаал да болот. Эгерде топ сан түзүлүшү жактан татаал болуп айтылса, чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү эң аякки санга же экөөнө тең улана берет.

Мисалы: *үч-үчтөн, эки-экиден, он-он бештен, үчтөн-төрттөн, ондон-жыйырмадан*.

Топ сандар сүйлөм ичинде бышыктоочтун милдетин аткарат.

Мисалы: *Алар төрт-төрттөн отурушту* (*төрт-төрттөн* — бышыктоочтук). *Биз эки-үчтөн бөлүндүк* (*эки-үчтөн* — бышыктоочтук).

**154-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн топ сандарды таап, астын сызгыла. Кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткаргандыгын айтып бергиле.

1. Фермерлерге бирден «Дамас» автомашинасы берилди. 2. Окуучулар экиден бөлүнүшүп, мелдешке даярдык көрүштү. 3. Бир терек көрдүм, он эки бутагы бар. Ар бутакта төрттөн уясы, отуздан жалбырагы бар. Ар уянын жетиден жумурткасы бар. (Табышмак).

**155-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, топ сандарды тапкыла. Топ сандарды уюштуруудагы чыгыш жөндөмөсүнүн ролун көрсөткүлө. Ал эмне үчүн топ сандарды түзөрүн айтып бергиле.

1. Эркин элеватордун жанында бештен-алтыдан болуп эс алып отурушкан жигиттерге кезектеги жаңылыктарды айтып берди. 2. Мектепте олимпиадага катышкандардын саны жүз элүүдөн

ашты. 3. Алар экиден, ал эми биз төрттөнбүз. 4. Окуучулар эгин талаасына барышып он-ондон бөлүнүп иштешти.



**156-көнүгүү.** Топ сандарды катыштырып, 8 сүйлөм ойлоп жазгыла. Түзүлүшүнө карай ажыраткыла.

## 53-§. БӨЛЧӨК САН АТООЧ

Заттын санын майдалап, бүтүн сан менен бөлүктүн өз ара катышын билдирген сан **бөлчөк сан** деп аталат. Бөлчөк сан синтаксистик жол менен жана башкалар эки эсептик сандын айкалышып айтылышынан төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат:

1. Бөлчөк сандын бөлүмү чыгыш жөндөмөсүндө, алымы атооч жөндөмөсүндө туруу аркылуу. Мисалы: *экиден бир* $\frac{1}{2}$; *бештен үч* $\frac{3}{5}$; *ондон эки* $\frac{2}{10}$; *жүздөн жыйырма беш* $\frac{25}{100}$.

2. Бөлчөк сандын бөлүмү илик жөндөмөсүндө, алымы III жактын таандык мүчөсүндө туруу аркылуу. Мисалы: *бештин үчү, үчтүн бири, ондун экиси.*

Мындай учурларда алар заттык мааниге ээ болот.

Бөлчөк сан сүйлөм ичинде ээлик, аныктоочтук, толуктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: *Жаштардын үчтөн бири жакшы эмгектеништи (үчтөн-бири —*

ээлик). *Участканын экиден бир бөлүгүнө капуста эктик* (экиден бир — аныктоочтук. *Короодогу огороддун төрттөн бирин тазалап койдук* (*үчтөн бирин* — толуктоочтук).

**157-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Бөлчөк сандарды таап астын сызгыла.

1. Суутек газы суунун үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил. 2. Акмат алманын төрттөн бир бөлүгүн мага берди. 3. Килемдин үчтөн бир жагын токуп бүттүк. 4. Экзамен тапшыргандардын ондон бири гана окууга өттү.



**158-көнүгүү.** Бөлчөк сандарды катыштырып, алты сүйлөм түзгүлө, аларга уланган чыгыш жөндөмөсүнүн өзгөрүшүн байкагыла. Синтаксистик кызматын айтып бергиле.

## 54-§. САН АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Сан атоочтор төмөндөгүчө жөндөлөт:

1. Эсептик, иреттик, бөлчөк сандар атооч сөздөр сыяктуу эле жөндөлөт.

| Жөндөмөлөр | Эсептик сан | Иреттик сан | Бөлчөк сан |
|---|---|---|---|
| Атооч | *эки* | *бешинчи* | *ондон беш* |
| Илик | *эки**нин*** | *бешинчи**нин*** | *ондон беш**тин*** |
| Барыш | *эки**ге*** | *бешинчи**ге*** | *ондон беш**ке*** |
| Табыш | *эки**ни*** | *бешинчи**ни*** | *ондон беш**ти*** |
| Жатыш | *эки**де*** | *бешинчи**де*** | *ондон беш**те*** |
| Чыгыш | *эки**ден*** | *бешинчи**ден*** | *ондон беш**тен*** |

Сан атоочтордун бардыгы эле жөндөлө бербейт:

1. Чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү **(-дан)** уланган топ сандар жөндөлбөйт.

2. **-ча, -дай, -лап, -лаган** деген мүчөлөрдүн жардамы менен жана эсептик сандарга *жакын, чамалуу, ашуун, чакты, көп, кем* деген жана башкалар сөздөрдүн айкалышынан жасалган чамалама сан атоочтор да жөндөлбөйт.

**159-көнүгүү.** Төмөнкү татаал сан атоочтун жөндөлүшүн байкагыла. Жамдама мүчөлөр эмне үчүн татаал сандын эң аяккы санына уланып жатканын далилдегиле. Бир эки татаал сан ойлоп, аны оозеки жөндөгүлө. Анын кайсы сан атооч экенин аныктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| Атооч | төрт жүз жыйырма беш | отуз эки |
| Илик | төрт жүз жыйырма бештин | отуз экинин |
| Барыш | төрт жүз жыйырма бешке | отуз экиге |
| Табыш | төрт жүз жыйырма бешти | отуз экини |
| Жатыш | төрт жүз жыйырма беште | отуз экиде |
| Чыгыш | төрт жүз жыйырма бештен | отуз экиден |

**160-көнүгүү.** Жогорку жадыбалдагы эрежелерге мисал ойлоп тапкыла. Эмне үчүн алардын жөндөлбөй турган себебин түшүндүргүлө.

**161-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла. Сан атоочтордун кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.

1. Бир ата-эне отуз уулду багат, отуз уул бир ата-энени бага албайт. (Макал.) 2. Айша быйыл бешинчини бүтүрүп, алтынчыга өттү. 3. Арыктын

жээгинде беш-алтыдан олтурган балдар бизди тигиле карады.



**162-көнүгүү.** Сан атоочторду жөндөп, жөндөлүш өзгөчөлүгүн айтып бергиле.

1-топко: экөө, онунчу, ондон бир;

2-топко: үч, алтоо, жыйырма бешинчи, үчтөн эки;

## 55-§. САН АТООЧТУ ЖАЗУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Сан атооч сөздөр төмөнкүдөй жазылат:

1. Жөнөкөй сандар айрым жазылат.

Мисалы: *Бир, эки, он, жыйырма, отуз, кырк, алтымыш, сексен, токсон, жүз, миң.*

а) Төмөнкү эсептик сандарга эки **л** катар жазылат: *миллион, миллиард, триллион, триллиард.*

б) Эсептик сандарга мүчө уланганда сан менен бирге жазылат.

Мисалы: *кырктай, алтымыштай, жүздөй.*

2. Иреттик сандар төмөндөгүдөй жазылат:

а) Цифра менен кийинки сөздөрдүн ортосуна дефис коюлуп жазылат.

Мисалы: *1989-жылдын 21-октябрында* Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин кезексиз чакырылган *сессиясында* «Мамлекеттик тил жөнүндөгү Мыйзам» кабыл алынган.

б) Аягы үндүүлөр менен бүткөн эсептик сан атоочторго **-ынчы** мүчөсү уланганда,

**-ынчы** мүчөсүнүн башкы үндүүсү түшүп калат.

Мисалы: *экинчи, алтынчы, жыйырманчы, жетинчи, элүүнчү.*

в) Иреттик сандар рим цифрасы аркылуу берилсе, дефис коюлбайт, бөлөк жазылат.

Мисалы: *VI класс, XXI кылым, X глава.*

г) Сан атоочтор *жакын, чамалуу, чакты, ашык (ашуун)* деген сөздөр жана башка сөз түркүмдөрү менен жанаша айтылган учурда бөлөк жазылат.

Мисалы: *онго жакын, жыйырмадан ашуун, кырк чамалуу, он беш сум, жүз китеп, отузга чейин (чейинки), жүзгө дейре.*

д) Бөлчөк сандар айрым-айрым жазылат.

Мисалы: *ондон беш* $\frac{5}{10}$; *үч бүтүн төрттөн бир* $3\frac{1}{4}$; *жетиден бир* $\frac{1}{7}$.

**163-көнүгүү.** Жогорку эрежелерди өз алдыңарча окуп чыгып, сан атоочтордун кандай жазыларын үйрөнгүлө.

**164-көнүгүү.** Төмөнкү жамдама сан атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Аягы үндүүлөр менен бүткөн сандарга жамдама сан атоочтун мүчөсү **(-оо, -өө)** уланганда кандай жазыларын түшүндүргүлө.

Бирөө, экөө, үчөө, алтоо, жетөө.

## 56-§. САН АТООЧКО МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ



1. Сүйлөм ичинен сан атоочту табуу. Анын лексикалык жана грамматикалык маанисин аныктоо.
2. Сан атоочту түзүлүшүнө карай ажыратуу.
3. Сан атоочту маанисине карай ажыратуу.
4. Сан атоочту кандай жолдор менен жасалгандыгын аныктоо.
5. Сан атоочтун жазылышы.
6. Сан атоочтун сүйлөм ичиндеги аткарган милдетин аныктоо.

**Талдоонун үлгүсү:**

Мисалы: *Конституция жыйырма алты глава, биз жүз жыйырма сегиз беренеден турат.*

Бул сүйлөмдө *жыйырма алты,* деген сөз сан атооч, заттын санын билдирди, *канча?* деген суроого жооп берди. Түзүлүшү жагынан татаал сан атооч, эки сөздөн түзүлдү. Мааниси боюнча эсептик сан атооч. Уңгу түрүндө, сүйлөм ичинде аныктоочтук милдет аткарды.

*Бир жүз жыйырма сегиз* деген сөз сан атооч. Заттын санын билдирип, *канча?* деген суроого жооп берди. Түзүлүшү жагынан татаал сан атооч, төрт сөздөн курулду, сүйлөм ичинде аныктоочтук милдет аткарды.

**165-көнүгүү.** Сан атоочтордун берген маанисине карай 6 түрүнүн ар бирине экиден мисал ойлоп,

жазып келгиле. Пайдаланган сан атооч сөздүнөрдүн кайсы түргө таандык экенин далилдеп бергиле.

**166-көнүгүү.** Берилген сан атооч сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө. Жогорудагы үлгү боюнча дептериңерге талдоосун жазгыла.

Жетинчи, төртөө, отузга жакын, бир миң тогуз жүз токсон биринчи жыл, миллион, элүүдөй, алтымышка.



**167-көнүгүү.** Төмөнкү сан антоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Көчүрүп жазып, сан атоочторго морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

Төртүнчүгө, токсондон ашуун, бештен эки, үч-үчтөн, отуз-кырктай, жыйырма биринчиге.

## 57-§. АТ АТООЧ. АТ АТООЧТУН СӨЗ ТҮРКҮМҮ КАТАРЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Заттын атын же анын белгилерин атабай туруп, аларды жалпы мааниде көрсөтүүчү сөздөр **ат атооч** деп аталат.

Ат атооч сөздөргө төмөнкүлөр кирет, мен, сен, ал, биз, силер, бул, тигил, ким, эмне, эч ким, эч нерсе, баары, бүткүл, ар ким, ар бир өз жана башкалар.

Мисалы: ***Окуучулар*** *айылдагы карыяларга жөнөштү.* ***Алар*** *карыяларды майрам менен куттукташат.* ***Мен, сен, ал*** *— үчөөбүз баарыбыз.*

Башка сөз түркүмүндөй эле ат атооч

лексикалык мааниге жана морфологиялык белгиге ээ. Ат атоочтун өзүнө гана тиешелүү болгон, аны башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турган лексикалык мааниси бар.

Мисалы, **мен, сен, ал, бул, ким, эмне,** деген сөздөр башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болбостон, жалаң гана ат атоочко таандык. Бул анын лексикалык маанисин түзөт.

**Синтаксистик кызматы.**

Сүйлөм ичинде ат атоочтор ээлик, баяндоочтук, аныктоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат.

Ээлик: *Биз* бүгүн келдик (ээси — *биз*). *Ал* ырдады (ээси — *ал*). *Булар* тараşты (ээси — *булар*).

Баяндоочтук: Биздин жерибиз — *ушул*. Мунун аты *ким?* Анын иши *кандай?* Атасы да *мен,* энеси да *мен*.

Аныктоочтук: *Мунун* айтканы ордунан чыкты. *Менин* тилегим орундалды. *Анын* билгиси келди.

Толуктоочтук: *Бизди* жыйналышка чакырды. *Аны* алыстан тааныдым. *Мени* алдыңкылардын катарында сыйлады.

Бышыктоочтук: Кетмен чаппай, иштебей, нанды *кайдан* табасың? Алар *биздикинде* болуптур.

Ат атооч башка сөз түркүмдөрүнөн лексикалык маанисинин жалпылангандыгы, уюштурган атайын мүчөсүнүн жоктугу менен айырмаланат.

Мисалы: *мен, сен, ал, бул, ким, эмне, биз.*

Ат атоочтор төмөндөгүдөй жалпыланган маанини билдирет.

1. Заттык маанини: *мен, сен, ал, биз, сиз, силер, алар, ким, эмне, эч ким, эч нерсе.*

2. Сын-сыпаттык маанини: *кандай, ошондой, ушундай, ар кайсы, ар качан, ар кандай.*

3. Сан-өлчөмдүк маанини: *баары, бардыгы, бүткүл, канча, нече, канчанчы, неченчи, эч канча.*

**168-көнүгүү.** Жогорку ат атооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Эмне үчүн затты же анын белгилерин атабай, аларды жалпылап көрсөтүп жаткандыгын далилдегиле.

**169-көнүгүү.** Төмөнкү ат атоочторду катыштырып, сүйлөм ойлоп таап, көчүрүп жазгыла. Ат атоочтордун сүйлөм ичиндеги аткарган синтаксистик кызматын аныктагыла. Ат атоочторду уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Мен, менин, ал, бул, биз, силер, ким, эмнеде, силерсиз.



**170-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, ат атоочторду тапкыла. Эмне үчүн ат атооч экенин далилдегиле. Ат атоочтун аныктамасын, морфологиялык белгилерин, жекелик, көптүк санын түшүндүргүлө.

1. Биздин коомдо адамдардын достугу чыңдала берет. 2. Бардык иш бири-бирин урматтоонун негизинде иштелет. 3. Алар көпчүлүк үчүн иштешет. 4. Бул сүйлөшүү кечинде болду.

# 58-§. АТ АТООЧТУН ТҮЗҮЛҮШҮНӨ ЖАНА МААНИСИНЕ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

Ат атооч түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал ат атооч болуп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй ат атооч бир сөздөн, татаал ат атооч эки же андан ашык сөздөн турат. Мисалы:

Жөнөкөй ат атооч: Биз, силер, алар, ошол.

Татаал ат атооч: кимдир бирөө, кайсыдыр бир, алда ким.

**Ат атооч сөздөр берген маанилерине карата алтыга бөлүнөт:**

| Ат атоочтун бөлүнүшү | Мисалдары жана суроолору |
|---|---|
| 1. Жактама ат атооч | *мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер (ким? кимдер?)* |
| 2. Шилтеме ат атооч | *бу (бул), тиги (тигил), ошо (ошол), ушу (ушул), тетиги (тетигил), мына бу (мына бул), мына ушу (мына ушул).* |
| 3. Сурама ат атооч | *ким? эмне? кайсы? качан? кайда? канча? кандай? кана? кайдан?* |
| 4. Тангыч ат атооч | *эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч кандай, эч канча, эчтеме, эч кайсы.* |
| 5. Аныктама ат атооч | *бүткүл, бардык, баары, бүтүн, ар ким, ар кайсы, өз, өзүм, ар бир, ар кандай, ар качан.* |
| 6. Белгисиз ат атооч | *кайсы бир, кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, кандайдыр бир, бир нерсе.* |

**171-көнүгүү.** Төмөнкү мисалдарды окуп, жөнөкөй жана татаал ат атоочторду тапкыла, эрежесин түшүндүргүлө. Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Мен сен, ал, биз, силер, булар, тиги, тигил, өз, өзүм, баары, бүткүл, кайда, эмне, ар кайсы, ар качан, мына бу(л), ар кандай, кайсы бир, алда кандай, алда эмне, эч кандай.



**172-көнүгүү.** Жогоруда берилген жадыбалды окуп чыгып, ат атоочтор маанисине карай канчага бөлүнөрүн, ага кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө. Айрымдарын катыштырып, сүйлөм түзүп келгиле.

## 59-§. ЖАКТАМА АТ АТООЧ

Жалпыланган заттык маанини үч жактын бирине, жекелик, көптүк санга тиешелүү кылып көрсөткөн ат атоочтор **жактама ат атооч** деп аталат. Жактама ат атоочторго: *мен, сен, ал, биз, силер, сиздер, алар* деген сөздөр кирет да, ким? кимдер? деген суроолорго жооп берет.

Эскертүү: *сен, ал* деген жактама ат атоочторго көптүк **-лар** мүчөсү уланганда уңгусу өзгөрүп кетет: *ал — алар, сен — силер.*

| **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
|---|---|
| I жак — *мен* | I жак — *биз* |
| II жак — *сен(сиз)* | II жак — *силер(сиздер)* |
| III жак — *ал* | III жак — *алар* |

Кээде *силер* деген көптүк сандагы ат атооч жекелик санда да колдонулуп калат: *Силер* качан кетесиңер? *Силерди* чакырып келдим.

*Ал* деген жактама ат атооч кээде шилтеме ат атоочтук мааниде да колдонулат. Эгер *ал* деген сөз аныкталгычсыз айтылса, жактама ат атоочтук *(Ал келди. Ал окуду. Ал иштеди);* аныкталгыч менен бирге айтылса, шилтемелик мааниде *(Ал окуучу жакшы окуйт. Ал балдар өтө тартиптүү. Ал, тигил арык казгандар, эмгектин күжүрмөндөрү)* колдонулат.

Эскертүү: ***Ал*** деген жактама ат атооч шилтемелик мааниде колдонулганда аныктоочтун милдетин аткарат.

Мисалы: ***Ал*** *окуучу жакшы окуйт. Кайсы окуучу?—* ***ал. Ал*** *2014-жылдын жазы эле.*

1. Жактама ат атоочтор **жекелик**, **көптүк** санда айтыла берет: *мен, сен, ал, биз, силер, алар.*

2. Жөндөмөлөр менен жөндөлөт: *менин, мага, мени, менде, менден, биз, биздин, бизге, бизди, бизде, бизден.*

3. *Ал, алар* деген ат атоочтон башкаларына жак мүчөлөрү ат атоочтордун өзгөчөлүгүнө карай уланат: *менмин, сенсиң, сизсиз, бизсиз, силерсиңер, сиздер, сиздерсиздер.*

4. Жалпы таандык **-ныкы (ыкы)** мүчөсү жалганат: *меники, сеники, аныкы, силердики, биздики.*

**173-көнүгүү.** Окуп чыгып жактама ат атоочторду тапкыла. Анын кайсы жакка тиешелүү болуп айтылганын далилдегиле.

1. Ал ушу тегеректе эле турчу. 2. Ал боло турган иш эмес беле. 3. Сен ыйлабачы, — деп жалдырадым. 4. Алардын ордун толтуруп берчү жан жоктой. 5. Сиздин барар жериңиз жок көрүнөт. 6. Сизге миң мертебе ыраазымын. 7. Силер да бизди туман арасынан көрө албадыңар.(*Ч.А.*)

**174-көнүгүү.** Окуп чыгып, **ал** деген ат атоочтун шилтемелик мааниде колдонулуп жатканын тапкыла.

1. Ал аркы-терки басты да, бизге жакын келип отурду. 2. Ал айтканың ырас, биз да силердин кабарыңарды уктук. 3. Ал эмнеси менен сыймыктанат экен? 4. Ал сабакка качан келет экен?



**175-көнүгүү.** Жогорку теманын эрежесин дагы окуп чыгып, ат атоочтун морфологиялык белгилерин үйрөнгүлө.

## 60-§. ШИЛТЕМЕ АТ АТООЧ

Бир затка карата көрсөтүлүп, жаңсоо иретинде айтылган ат атоочтор **шилтеме ат атоочтор** деп аталат.

Шилтеме ат атоочтор сүйлөм ичинде ээлик, аныктоочтук, баяндоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук милдет аткарат.

Мисалы:

1. *Бул — атамдын сүрөтү*. (*Бул* — ээлик).

2. *Тигил окуучулар — эң алдыңкы окуучулар болуп саналат (Тигил — толуктоочтук).*

3. *Айша китепти тигилерге окуп берди* (*тигилерге* — толуктоочтук).

4. *Биздин класстын алдыңкы окуучулары — ушулар* (*ушулар* — баяндоочтук).

5. *Алар тээтигинде келе жатышат (тээтигинде* — бышыктоочтук).

**176-көнүгүү.** Жогорку эреже менен таанышып чыгып, шилтеме ат атоочторго кайсы сөздөр кирерин түшүнгүлө, шилтеме ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөмдөр түзгүлө. Ат атооч жөнүндө түшүнүк бергиле.

**177-көнүгүү.** Окуп чыгып, шилтеме ат атоочторду тапкыла. Көчүрүп жазып, алардын толук же кыскарган формасын айтып бергиле.

1. Бул — биздин мектеп, биздин окуган жер — ушул. 2. Тигил көрүнгөн — спорт залыбыз, өкмөт тарабынан курулуп берилди. 3. Мына бул — оорукана, тигиниси — дарыкана. 4. Тээтигил — балдар бакчасы. 5. Тигине Чолпон жылдыз көрүндү. 6. Мына, мына келип калат деп, баары аларды күтүп турушту. 7. Кечээ гана тиги кырда жок эле, Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.



**178-көнүгүү.** Төмөнкү берилген шилтеме ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.

1-топко: мунун, мында, ошол, бул.

2-топко: тигилер, тээтигил, ушул, тээ.
3-топко: мындан, мына бул, тиги, ал.
4-топко: тигил, ушул, муну, тигилерден.

## 61-§. СУРАМА АТ АТООЧ

Заттын аты-жөнүн, санын, катар тартибин, сапатын, ордун, мезгилин аныктап билүү үчүн суроо иретинде айтылган сөздөр **сурама ат атооч** деп аталат.

Сурама ат атоочтор төмөндөгүдөй синтаксистик кызматты аткарат.

Ээлик: **Ким** *келди?* **Эмнелер** *берилди?* **Канчасы** *келди?*

Баяндоочтук: *Отличниктер* **канча?** *Сыйлангандар* — **кимдер?**

Толуктоочтук: *Мен сага* **эмнени** *айттым эле?* **Канчасын** *алдың?* **Эмнени** *алдың?* **Эмнеге** *күттүң?* **Кимдерди** *сыйлады?*

| Сурама ат атоочтор | Мисалдар |
|---|---|
| Ким? | 1. — *Бул* ким? — *Кичүү уулум.* |
| Эмне? | 2. — Эмне *жөнүндө сүйлөшөлү?* |
| Кандай? | 3. — *Сизда* кандай *жаңылыктар бар?* |
| Качан? | 4. — *Сиз* качан *келесиз?* |
| Кайсы? | 5. — *Күн узарып, кар эрип, Өзөнгө суулар толчу эле. Бул* кайсы *убак болчу эле?* |
| Кайда? | 6. — *Силер* кайда *баратасыңар?* |
| Кайдан? | 7. — *Силер* кайдан *келатасыңар?* |
| Канча? | 8. — *Балам, сен* канчадасың? |
| Кана? | 9. — *Китебиң* кана? *Сумкаң* кана? |

**179-көнүгүү.** Жогорку жадыбалды окуп чыгып, сурама ат атоочторго кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө, айрым сурама ат атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

**180-көнүгүү.** Сурама ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Сурама ат атоочтун эрежесин айтып бергиле.

**181-көнүгүү.** Сурама ат атоочторду катыштырып, өзүңөр каалаган темада кыскача аңгеме жазгыла.

**182-көнүгүү.** **Эмне? не? кайсы? канча?** деген сурама ат атоочторду оозеки жөндөгүлө. Алардын кандай жөндөлөрүн байкагыла.



**183-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сурама ат атоочтун синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Кимдер келишти? Эмнелер берилди? 2. Келгендер канчоо? 3. Жакшы окуган балдар кимдер? 4. Сиз мага нени айттыңыз? Эмнени көрдүңөр? 5. Эмнеге таарындың? Канчага күтөйүн?

## 62-§. ТАНГЫЧ АТ АТООЧ

Жалпыланган заттык, сын-сыпаттык, сан-өлчөмдүк маанини тануу же жокко чыгаруу иретинде айтылган ат атоочтор **тангыч ат атооч** деп аталат.

а) Тангыч ат атоочтор **эч** деген тангыч бөлүкчө менен *ким? качан? кайда? кандай?*

деген сурама ат атоочтордун жана *бир, нерсе, убакта* деген сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу жасалат.

Тангыч атооч сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин да аткарат.

Мисалы: *Бүгүн* **эч ким** *келген жок* (ээси — **эч ким). *Мен алардын* эч бирине** *жолукпадым* (толуктоочу — **эч бирине**). *Мага* **эч нерсенин** *керeги жок* (аныктоочу — **эч нерсенин).**

| Тангыч ат атоочтор | Мисалдар |
|---|---|
| Эч ким | *Уулум,* эч кимди *тилдебе,* эч кимге *жаман айтпа.* Эч ким *келген жок.* |
| Эч нерсе | *Мен бул* сүрөттү эч нерсе *менен алмашпайм.* |
| Эч качан | Эч нерсе *билбейм.* Эч качан *адамдын көңүлүн ооруткан жан эмесмин.* Эч качан *элим унутпайт, өлүмдүү согуш күндөрүн.* |
| Эч кандай | *Жамийланын араба айдап кетерине мен* эч кандай *күнөм санаган жокмун.* |
| Эч убакта | *Окуучу чынчыл болот,* эч убакта *калп айтпайт.* |
| Эч нерсе (эчтеке) | Эч нерсе (эчтеке) *көрө албадым, анткени мен океандын үстүнөн учуп бараткан болуум керек.* |
| Эч бир | *Сабактан* эч бир *кечиккен жокмун.* Эч бир *калп айткан эмесмин.* |

**184-көнүгүү.** Тангыч ат атоочторго төмөндөгүдөй ат атоочтор кирерин үйрөнгүлө жана эсиңерге сактагыла.

Эч ким, эч кандай, эч качан, эч кайда, эч кайдан, эч нерсе, эч бир, эч убакта.

**185-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, тангыч ат атоочтун сүйлөмдөгү синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Эч качан сүйбөйт биздин эл, өлүмдүү согуш күндөрүн. 2. Бүгүн эч ким келген жок. 3. Эч нерсени билбедим. 4. Кат жазууга эч кандай убактым жок. 5. Алардын эч бирин тааный албадым. 6. Эч убакта мындай окуяга туш болгон эмесмин.



**186-көнүгүү.** Төмөнкү тангыч ат атоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Көчүрүп жазып, тангыч ат атоочтун кандай жолдор менен жасалганын айтып бергиле. **Эч** деген бөлүкчө менен тангыч ат атоочтун айырмасын түшүндүргүлө.

Эч ким, эч кандай, эчтеке, эч качан, эч убакта.

## 63-§. АНЫКТАМА АТ АТООЧ

Заттын сандык жалпылыгын же жекелигин аныктап, тактап көрсөтүүчү ат атоочтор **аныктама ат атоочтор** деп аталат.

Аныктама ат атоочторго төмөндөгүдөй сөздөр кирет: *бүткүл, бардык, бүтүн, баары, ар ким, ар бир, ар кандай, ар качан, ар кайсы, өз, өзүм.*

Аныктама ат атоочтун курамындагы **ар** деген сөз көпчүлүк учурларда өз алдынча колдонулбайт, *бир, нерсе* деген сөздөр менен жана *ким, кандай, качан, кайсы* деген сурама ат атоочтор менен тизмектешип айтылат.

Мисалы: *ар бир, ар нерсе, ар ким, ар кандай, ар качан, ар кайсы.*

Аныктама ат атоочтор да сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат. Мисалы: *Ата Мекенибиздин ыйык милдетин аткарууну ар бирибиз эстен чыгарбайлы (ар бирибиз —* ээлик). *Биз бардыгын иштөөгө милдеттүүбүз (бардыгын —* толуктоочтук). *Ар кандай ишти чечүү — биздин милдет (ар кандай —* аныктоочтук).

**187-көнүгүү.** Жогорку аныктама ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Ага кандай сөздөр кирерин үйрөнгүлө.

**188-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, аныктама ат атоочторду тапкыла. Алардын кайсы бири заттын жекелигин, кайсы бири жалпылыгын көрсөткөндүгүн айтып бергиле.

1. Бул окуяны ар ким ар кандай айтып жүрөт. 2. Бардыгыбыздын көздөгөн максатыбыз ишке ашсын. 3. Анын ар кандай жумушту так аткарышына мен ишенем. 4. Ар жыл сайын мектеп участогуна ар түрдүү жемиш бактарын отургузабыз. 5. Ар бирибиз ар кандай буюмдар жасадык.



**189-көнүгүү.** Окуп чыгып, аныктама ат атооч экенин же аныктама ат атооч эмес экендигин таап, ажратып жазгыла.

Ар түрдүү, ар кыл, ар башка, ар түркүн, ар дайым, ар жыл сайын, ар ишке.

## 64-§. БЕЛГИСИЗ АТ АТООЧ

Заттардын, кубулуштардын жана алардын ким-эмне экендигин, сан-өлчөмүн, сын-сыпатын, ордун, мезгилин так көрсөтпөстөн, болжолдоп, бүдөмүк, күдүк көрсөтүүчү ат атоочтор **белгисиз ат атоочтор** деп аталат.

Белгисиз ат атоочтор сурама ат атоочтор менен *бир* жана *алда* деген сөздөрдүн айкалышы аркылуу, кээде сурама ат атоочторго **-дыр** мүчөсү уланып да жасалат: *кандайдыр бир, кимдир бирөө, качанкы бир, качандыр бир, кимгедир, кимдендир*. Мисалы: *Кимгедир каарын төгүп, кандайдыр шек санагандай. Бөлмөгө алда кимдер кирип-чыгып, кимдир бирөөнүн тыңшап турганын байкап жаттым.*

**Белгисиз ат атоочторго:** *кайсы бир, кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, алда ким, качандыр бир, кандайдыр бир, бир нерсе, кай бир, кээ бир, бирдеме, балан-түкүн, баланча-түкүнчө* деген жана башка сөздөр кирет.

Белгисиз ат атооч сүйлөм мүчөлөрүнүн да милдетин аткарат.

Мисалы: *1. Кимдир бирөө келди (кимдир бирөө* — ээлик). *2. Кээ биринин кабагы салыңкы, кээ биринин кабагы ачык (кээ биринин* — аныктоочтук). *3. Мен бирдемеге кызыгып жатамын (бирдемеге* — толуктоочтук).

**190-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөн белгисиз ат атоочторду көчүрүп жазгыла. Ага кандай сөздөр кирерин жана кандай жолдор менен жасаларын түшүндүргүлө.

1. Энем бирдемелерди айтып жаткан Орозматты тиктеди. 2. Кандайдыр бир шумдук болорун кайдан билдик, Жер-Эне. 3. Алар алда кайда узап кетишти. 4. Карыя качанкы бир өткөн окуяны айтып отурду. 5. Окуучулардан келген куттуктоо телеграммалары окулуп жатканда, кимдир бирөө: — Ой, муну Дүйшөн абышка алып келдиби? — деп сурап калды. 6. Алтынай Сулаймانованын өңү кубара түшүп, алда эмнени эстегендей болду.

**191-көнүгүү.** Төмөнкү белгисиз ат атоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

Бир нерсе, кимдир бирөө, кандайдыр бир, кайсы бирөө, кээ бирлери, бирдеме, алда ким.



**192-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, белгисиз ат атоочторду тапкыла, астын сызгыла.

1. Кимдир бирөө чоң сууну кечип өткөндөй болду. (А.Т.) 2. Алар бир нерсе жөнүндө көпкө чейин сүйлөшүштү. (К.А.) 3. Жүрөгүм дүкүлдөп, алда кандай окуянын болорун эскерткенсийт. (Ч.А.) 4. Терезени кимдир бирөө черткендей болду. (Ч.А.)

## 65-§. АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ. ЖАКТАМА АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Зат, сын, сан атооч сөздөр сыяктуу эле ат атоочтор да жөндөмөлөр менен жөндөлөт. Бирок ат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүгү башкача.

**Мен**, **сен**, **ал** деген ат атоочтор жөндөлгөндө, барыш жөндөмөсүндө **мага**, **сага**, **ага** болуп, уңгусу өзгөрүп кетет да, **илик** жана **табыш** жөндөмөсүндө уңгунун аягындагы **н** тыбышы түшүп калат.

| Жөндөмөлөр | I жак — мен | II жак — сен | III жак — ал |
|---|---|---|---|
| Атооч | мен | сен | ал |
| Илик | мен+*нын*—мен*ин* | сен+*нын*— сен*ин* | ал+*нын*—а*ныш* |
| Барыш | мен+*га*—ма*га* | сен+*га*— са*га* | ал+*га*—*ага* |
| Табыш | мен+*ны*—ме*ни* | сен+*ны*— се*ни* | ал+*ны*—*аны* |
| Жатыш | мен+*да*—мен*де* | сен+*да*— сен*де* | ал+*да*—ан*да* |
| Чыгыш | мен+*дан*—мен*ден* | сен+*дан*—сен*ден* | ал+*дан*—ан*дан* |

Эскертүү: **Мен, сен, ал** деген жактама ат атоочтор оозеки кепте **маа, саа, аа** болуп колдонулганы менен, жазууда ага жол берилбейт.

Жактама ат атоочторго жалпы таандык **-ныкы** мүчөсү уланганда төмөнкүдөй жөндөлөт.

| Жөндө-мөлөр | I жак — мен | I жак — биз | II жак — силер |
|---|---|---|---|
| Атооч | мен*ики* | биз*дики* | силер*дики* |
| Илик | мен*икини* | биз*дикини* | силер*дикини* |
| Барыш | мен*икине* | биз*дикине* | силер*дикине* |
| Табыш | мен*икин* | биз*дикин* | силер*дикин* |
| Жатыш | мен*икинде* | биз*дикинде* | силер*дикинде* |
| Чыгыш | мен*икинен* | биз*дикинен* | силер*дикинен* |

**193-көнүгүү.** Жогорку жадыбалдагы жактама ат атоочтордун жөндөлүшүнө көңүл бургула. Жөндөлүштө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин айтып бергиле.

**194-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Жактама ат атоочторду таап, алар кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.

1. Биздин өлкөбүздүн жери кендерге бай. 2. Анын баласы быйыл коллежди бүтүрдү. 3. Айбек байке, сиз университетти бүтүрдүңүзбү? 4. Силер «Менин эгемендүү өлкөм» деген темада дилбаян жазгыла. 5. Бизге алар аябагандай көп белектер беришти.

**195-көнүгүү.** Жактама ат атоочтордун кайсы жөндөмөдө экендигин аныктап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

1-топко: мага, бизди, силерге, аларда, менikinde.

2-топко: менде, сиз, аларга, силерден, сенинде.



**196-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, жактама ат атоочторду көчүрүп жазгыла, жана кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.

1. Биздин сүйүктүү Мекенибиз Өзбекстан Республикасы деп аталат. Ошондуктан биз аны чексиз сүйөбүз жана Мекенибиз деп сыймыктанабыз. 2. Күндүн нуру жер бетине тегиз чачыраган убакта, алар автомобилге отурушту.(К.Ж.) 3. Анда сиздин мени тааныбагандыгыңыз чын экен.(К.Ж.) 4. Ал жылмайып мага караганда, бетиндеги калы даана көрүнө түштү.(К.Ж.)

## 66-§. ШИЛТЕМЕ АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Шилтеме ат атоочтор жекелик сандагы жактама ат атоочтор сыяктуу жөндөлөт. Бирок *бу(л)* деген шилтеме ат атоочтун башкы үнсүз тыбышы атооч менен барыштан башка жөндөмөлөрдө **м** тыбышына өтөт. Ал эми жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө болсо, ат атоочтун акыркы **л** тыбышы **н** тыбышына, үндүүсү **ы** тыбышына өтүп жөндөлөт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | *булар* | *тигилер* | *ошолор* |
| Илик | *булар**дын*** | *тигилер**дин*** | *ошолор**дун*** |
| Барыш | *булар**га*** | *тигилер**ге*** | *ошолор**го*** |
| Табыш | *булар**ды*** | *тигилер**ди*** | *ошолор**ду*** |
| Жатыш | *булар**да*** | *тигилер**де*** | *ошолор**до*** |
| Чыгыш | *булар**дан*** | *тигилер**ден*** | *ошолор**дон*** |

*Ошо(л), тиги(л)* деген шилтеме ат атоочтор иликте **-ын,** табышта **-ы** болуп жөндөлөт, башкача айтканда, иликте, табышта, жатышта, чыгышта *ошон, тигин* деген жөндөмөлүк негиз жөндөлөт.

Шилтеме атоочко көптүк **-лар** мүчөсү уланганда эч өзгөрүүсүз жөндөлөт. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | *бу(л)* | *ошо(л)* | *тиги(л)* |
| Илик | *му**нун*** | *ошо**нун*** | *тиги**нин*** |
| Барыш | *бу**га*** | *ошо**го*** | *тиги**ге*** |
| Табыш | *му**ну*** | *ошо**ну*** | *тиги**ни*** |
| Жатыш | *мын**да*** | *ошон**до*** | *тигин**де*** |
| Чыгыш | *мын**дан*** | *ошон**дон*** | *тигин**ден*** |

*Бу(л), тиги(л)* деген шилтеме ат атоочторго жалпы таандык **-ныкы** мүчөсү уланганда, төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр менен жөндөлөт.

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | *мунуку* | *тигиники* | *ошонуку* |
| Илик | *мунукун*__ун__ | *тигиникин*__ин__ | *ошонукун*__ун__ |
| Барыш | *мунукун*__а__ | *тигиникин*__е__ | *ошонукун*__а__ |
| Табыш | *мунукун* – | *тигиникин* – | *ошонукун* – |
| Жатыш | *мунукун*__да__ | *тигиникин*__де__ | *ошонукун*__да__ |
| Чыгыш | *мунукун*__ан__ | *тигиникин*__ен__ | *ошонукун*__ан__ |

**197-көнүгүү. Бул, ал, ушул** деген шилтеме ат атоочторду жөндөгүлө. Жөндөлүшүндө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин түшүндүргүлө. Шилтеме ат атоочтун аныктамасын айтып бергиле.

**198-көнүгүү.** Окуп чыгып, шилтеме ат атоочтордун кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла. Жөндөлүш өзгөчөлүгүн аныктагыла. **Мында** деген сөздүн качан ат атооч, качан тактооч болорун түшүндүргүлө.

Ошонун, ушуга, буга, тигинин, мында.



**199-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, шилтеме ат атоочторду көчүрүп, тушуна кайсы жөндөмөдө экендигин жазгыла.

1. Ошондо гана биз Мекенибиздин гүлдөп-жайнашына өзүбүздүн салымыбызды кошкон болобуз. 2. Ушул күндөн баштап журтубузда «Эгемендүүлүк» сөзү тилибизге көчтү. 3. Ошол күндөн баштап биз өзүбүздү бактылуубуз деп эсептейбиз. 4. Анда Өзбекстан элдеринин бардык ой-максаттары өз ордун тапкан.

## 67-§. СУРАМА АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Кыргыз тилиндеги сурама ат атоочтордун жөндөлүшү төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

*Ким? эмне? кайсы? канча? нече?* деген сурама ат атоочтор жөндөмө мүчөлөр менен жөндөлөт. Зат атоочтун суроосуна жооп берген сурама атооч *(ким? эмне?)* зат атооч сыяктуу, сын атоочтун суроолоруна жооп берген сурама атоочтор *(кандай? кайсы?)* сын атооч сыяктуу, сан атоочтун суроолоруна жооп берген сурама атоочтор *(канча? нече?)* сан атооч сыяктуу жөндөлөт.

Мисалы:

| а) Зат атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү | |
|---|---|---|---|
| Атооч | эне | ким | эмне |
| Илик | ененин | кимдин | эмненин |
| Барыш | энеге | кимге | эмнеге |
| Табыш | энени | кимди | эмнени |
| Жатыш | энеде | кимде | эмнеде |
| Чыгыш | энеден | кимден | эмнеден |

| б) Сын атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү |
|---|---|---|
| Атооч | сары | кайсы |
| Илик | сарынын | кайсынын |
| Барыш | сарыга | кайсыга |
| Табыш | сарыны | кайсыны |
| Жатыш | сарыда | кайсыда (кайсында) |
| Чыгыш | сарыдан | кайсыдан (кайсындан) |

| в) Сан атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү | |
|---|---|---|---|
| Атооч | беш | канча | нече |
| Илик | бештин | канчанын | неченин |
| Барыш | бешке | канчага | нечеге |
| Табыш | бешти | канчаны | нечени |
| Жатыш | беште | канчада | нечеде |
| Чыгыш | бештен | канчадан | нечеден |

*Канчоо? нечөө?* деген сурама ат атоочтор жамдама сан атооч сыяктуу жөндөлөт.

| Жамдама сан атоочтун жөндөлүшү | | Сурама ат атоочтун жөндөлүшү | |
|---|---|---|---|
| Атооч | *бешөө* | *канчоо* | *нечөө* |
| Илик | *бешөөн* ***үн*** | *канчоон* ***ун*** | *нечөөн* ***үн*** |
| Барыш | *бешөөн* ***ө*** | *канчоон* ***о*** | *нечөөн* ***ө*** |
| Табыш | *бешөөн* ***(ү)*** | *канчоон* ***(у)*** | *нечөөн* ***(ү)*** |
| Жатыш | *бешөөн* ***дө*** | *канчоон* ***до*** | *нечөөн* ***дө*** |
| Чыгыш | *бешөөн* ***өн*** | *канчоон* ***он*** | *нечөөн* ***өн*** |

Жалпы таандык **-ныкы** мүчөсү уланган *ким? эмне? кайсы?* жана *кимиси? эмнеси?* деген сурама ат атоочтор III жактын таандык мүчөсү уланган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт.

| Зат атооч | | Сурама ат атооч | |
|---|---|---|---|
| Атооч | *баласы* | *кимдики* | *кайсыныкы* |
| Илик | *баласын* + **ын** | *кимдикин* + **ин** | *кайсыныкын* + **ын** |
| Барыш | *баласын* + **а** | *кимдикин* + **е** | *кайсыныкын* + **а** |
| Табыш | *баласын* – | *кимдикин* – | *кайсыныкын* – |
| Жатыш | *баласын* + **да** | *кимдикин* + **де** | *кайсыныкын* + **да** |
| Чыгыш | *баласын* + **ан** | *кимдикин* + **ен** | *кайсыныкын* + **ан** |

*Кайда? кайдан? качан?* деген сурама ат атоочтор жөндөлбөйт.

**200-көнүгүү.** Окуп чыгып, сурама ат атоочторду көчүрүп жазгыла. Эгер жөндөмөдө турса, кандай синтаксистик кызматты аткарып турганын аныктагыла.

1. Сен кайсы мектепте окуйсуң? Атың, фамилияң ким? 2. Эмне, эмнени айтып жатасың? 3. Кимге таарынып, кимден шек санап жүрөсүң? 4. Ассалоому алейкум, ата, ден соолугуңуз бизди тынчсыздандырат.



**201-көнүгүү.** Төмөнкү сурама ат атоочтордун кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла жана дептериңерге жазгыла.

1. Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзам качан кабыл алынган?

2. Кимдин сүрөтү жакшы тартылганын айткыла.

3. Атаңдын жашы канчада экендигин айт.

4. Бул пикирлерди кайда, кимге айтмакчысың?

5. Эмнеден үлгү алганын билбей олтурамын.

## 68-§. ТАНГЫЧ АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

1. Тангыч ат атоочтор да сурама ат атоочтор сыяктуу эле жөндөлөт.

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | эч ким | эчтеме | эч нерсе |
| Илик | эч кимдин | эчтеменин | эч нерсенин |
| Барыш | эч кимге | эчтемеге | эч нерсеге |
| Табыш | эч кимди | эчтемени | эч нерсени |
| Жатыш | эч кимде | эчтемеде | эч нерседе |
| Чыгыш | эч кимден | эчтемеден | эч нерседен |

2. *Эч качан, эч кандай, эч кайда, эч бир* деген тангыч ат атоочтор жөндөлбөйт.

**202-көнүгүү**. Окуп чыгып, тангыч ат атоочторду көчүрүп жазгыла. Кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

Эч нерсени, таптакыр, эч биринде, эч кайдан.

**203-көнүгүү.** Тексттен тангыч ат атоочторду тапкыла жана алардын кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла. Андан соң жөндөмөлөр боюнча жөндөп жазгыла.

1. Ушул күнгө чейин бул сүрөттү эч кимге көрсөтө элекмин. 2. Ааламда жок, күнгө тете башка күн. Эч ким таамай тарткан эмес сүрөтүн. 3. Алтынай келгенде эчтекенин дайыны жок болчу. 4. Эч нерседен кам санабай отурган Айнаш ордунан жаңы козголду.



**204-көнүгүү.** Тангыч ат атоочторду катыштырып 6 сүйлөм түзүп келгиле. Мында тангыч ат атооч бардык жөндөмөлөрдө болсун.

## 69-§. АНЫКТАМА АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Аныктама ат атоочторго: *ар ким, ар нерсе, ар кайсы, ар кандай, ар бир, ар качан, кээ бир, бирдеме, бир нерсе, алда ким, алда кандай* деген жана башка сөздөр кирет.

1. *Ар ким, ар нерсе, ар кайсы* деген ат атоочтор төмөнкүчө жөндөлөт. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | ар ким | ар нерсе | ар кайсы |
| Илик | ар кимдин | ар нерсенин | ар кайсынын |
| Барыш | ар кимге | ар нерсеге | ар кайсыга |
| Табыш | ар кимди | ар нерсени | ар кайсыны |
| Жатыш | ар кимде | ар нерседе | ар кайсыда |
| Чыгыш | ар кимден | ар нерседен | ар кайсыдан |

2. *Баары, бардыгы, өзү, ар бири* деген аныктама ат атоочтор 3-жактын таандык мүчөсү жалганган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт да, *бүткүл, бүтүн, ар качан* деген ат атоочтор жөндөлбөйт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Атооч | баары | бардыгы | өзү | ар бири |
| Илик | баарынын | бардыгынын | өзүнүн | ар биринин |
| Барыш | баарына | бардыгына | өзүнө | ар бирине |
| Табыш | баарын | бардыгын | өзүн | ар бирин |
| Жатыш | баарында | бардыгында | өзүндө | ар биринде |
| Чыгыш | баарынан | бардыгынан | өзүнөн | ар биринен |

**205-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, аныктама ат атооч кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла.

1. Ар бирибиздин бүткүл адамзат билгидей, кызыккыдай, суктангыдай айлыбыз, татыктуу кооз Ата Журтубуз бар. 2. Ар бирибизге чоң ишеним берилди. 3. Айыпты өзүңөрдөн издегиле. 4. Өзүңөрдүн жөндөмдүүлүгүңөргө карап айткыла. 5. Баарыбызда тилек бирдей.



**206-көнүгүү.** Төмөнкү сүрөткө карап, аныктама ат атооч сөздөрүн катыштырып, 6 сүйлөм түзгүлө.



## 70-§. БЕЛГИСИЗ АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү өзгөчөлөнтүп жазылган мисалдарды кунт коюп үйрөнүп чыккыла:

1. *Алда кайда,* ар бир жерде жүрүп келдим,
Ыйлап кетип, айлыма күлүп келдим. *(Р. Ш.)*

2. Ким билсин, Бектурган *бирдемелерди* ойлоп отурду.

3. Бороон улуп, *кандайдыр бир* коркунучтуу үндөр угулат.

4. Токтогулдун *кимдир бирөөгө* айткан сөздөрү даана угулду.

Белгисиз ат атоочтор төмөндөгүчө жөндөлөт:

1. *Бир нерсе, алда ким, бир канча* деген белгисиз ат атоочтор эч өзгөрүүгө учурабастан жөндөлөт. Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| Атооч | Кээ бири | Кайсы бири |
| Илик | Кээ биринин | Кайсы биринин |
| Барыш | Кээ бирине | Кайсы бирине |
| Табыш | Кээ бирин | Кайсы бирин |
| Жатыш | Кээ биринде | Кайсы биринде |
| Чыгыш | Кээ биринен | Кайсы биринен |

2. *Кээ бир, кайсы бир* деген белгисиз ат атоочтор үчүнчү жактын таандык уландысы уланганда гана жөндөлөт. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | Бир нерсе | алда ким | бирдеме |
| Илик | Бир нерсенин | алда кимдин | бирдеменин |
| Барыш | Бир нерсеге | алда кимге | бирдемеге |
| Табыш | Бир нерсени | алда кимди | бирдемени |
| Жатыш | Бир нерседе | алда кимде | бирдемеде |
| Чыгыш | Бир нерседен | алда кимден | бирдемеден |

3. *Кандайдыр бир, кайсы бир, алда кандай, качандыр бир* деген жана башкалар белгисиз ат атоочтор жөндөлбөйт.

**207-көнүгүү.** Окуп чыгып, белгисиз ат атоочтор кайсы жөндөмөдө тургандыгын айтып бергиле. Көнүгүүнү көчүргүлө.

1. Алда кандай заман болот. 2. Ажарды көк өгүзгө мингизип, кимдир бирөөлөргө жетеледи. 3. Эсенбектин жүрөгү бир нерсени сезгендей болду. 4. Кээ биринин айткандарына караганда Каныбек бүгүн келет. 5. Жанар бирдемелерден шекшигендей отурду.



**208-көнүгүү.** Төмөнкү белгисиз ат атоочторду жөндөгүлө. Жөндөлүшүндө кандай өзгөчөлүктөр бар экенин түшүндүргүлө. Кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла. Жөндөлбөй турган белгисиз ат атоочторду тапкыла.

Бир нерсе, бир далай, кимдир бирөө, алда ким, кээ бири.

## 71-§. АТ АТООЧТУН ЖАЗЫЛЫШЫ

1. Шилтеме ат атоочтордун эки түрдүү (кыска жана толук) жазылышына жол берилет: *бу — бул, тиги — тигил, ошо — ошол, ушу — ушул, кайсы — кайсыл, мына бу(л), мына ушу(л).*

Төмөнкү шилтеме ат атоочтор бирге жазылат: *тетиги — тетигил, тээтиги — тээтигил.*

2. Сурама ат атоочтордун жана сурама ат атооч катышкан сүйлөмдүн аягына суроо белгиси коюлат. Мисалы: *Балдар качан келишти? Алар кайда барышты? Эмне жумуш кылышты? Китебиң кана?*

а) Күчөтүлүп айтылган кээ бир сурама ат атоочтор бирге жазылат жана сүйлөмдүн тизмегинде суроо белгиси коюлбайт. Мисалы: *капкачан, капкайда, капкайдан.*

3. **Эч** деген тангыч бөлүкчө менен сурама ат атоочтордун айкалышынан түзүлгөн тангыч ат атоочтор бөлөк жазылат: *эч ким, эч нерсе, эч качан, эч кандай.*

4. Эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлгөн аныктама жана белгисиз ат атоочтор арасына дефис коюлбай бөлөк-бөлөк жазылат: *ар ким, ар нерсе, ар кайсы, бир нече, бир канча, кээ бир, кайсы бир, кандайдыр бир, ар качан.*

5. Бир сөзү маанисин жоготкон тангыч ат атоочтор *(эчтеме, эчтемке, эчтеке),* аныктама ат атоочтор *(ардеме, ардемке, ардеке),* белгисиз ат атоочтор *(бирдеме, бирдемке, бирдеке)* бирге жазылат.

6. **Өз** деген аныктама ат атооч, ***ким?*** деген сурама ат атооч кайталанып айтылса, арасына дефис коюлуп жазылат: *Өз-өзүнө* (бер), *өз-өзүбүз* (алабыз), *өзүн-өзү* (тейлөө), *ким-кимди* (жеңди), *кимдин-ким* (экенин билүү).

**209-көнүгүү. Мен, сен, ал** деген жактама ат атоочторду жөндөп, кандай жазыларын түшүндүргүлө. Эмне үчүн уңгусунун өзгөрүп кеткенин далилдегиле. Илик жана барыш жөндөмөсүндө кандай жөндөлөрүн көрсөткүлө, уңгу, мүчөсүн ажыраткыла.



**210-көнүгүү.** Адегенде окуп чыгып, ат атоочторду тапкыла. Жогорку ат атоочтун жазылышына берилген эреженин негизинде тууралап көчүрүп жазгыла. Алардын жазылышын түшүндүргүлө.

1. Жаштардын ар биринин алдына койгон максаттары бар. 2. Бардык космостук учуулар жаштарды эчактан болуп көрбөгөн эрдиктерге шыктандырат. 3. Качан келесиңер, качан жооп бересиңер? 4. Тээтигил көрүнгөн, күрөгүн алып жүгүргөн, ал да эпкиндүү кужүрмөн. 5. Кимдин-ким экенин билдик. 6. Азыркы жаштардын ар бири келечекке карай кадам шилтөөдө. 7. Шакылдактын өзүнөн өзү сүйлөй берген адаты бар.

## 72-§. АТ АТООЧ БОЮНЧА КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

**211-көнүгүү.** Аныктама ат атоочторду катыштырып, 6 сүйлөм түзгүлө.

**212-көнүгүү.** Төмөнкү ат атоочторду жөндөгүлө, жөндөлүш өзгөчөлүгүн айтып бергиле: **сен, бул, кайсы, эч ким, өзүм, кимдир бирөө.**

**213-көнүгүү.** Ат атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Ат атоочтун кайсы түрү, кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла.

1-топко: сиздер, аны, эч кайда, кимдир бирөөнү, ошол.

2-топко: бул, тигил, эч кимде, алда качан, өзүмө.



**214-көнүгүү.** Төмөнкү сүрөткө карап, «Билимдер сынагы» деген темада чакан аңгеме түзгүлө. Аңгемеңерде ат атооч сөздөрү катышсын. Ат атооч сөз кайсы жакты көрсөтүп турганын айтып бергиле.



## 73-§. АТ АТООЧКО МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

1. Ат атоочту таап, анын лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин аныктоо.
2. Ат атоочтун түзүлүшүнө карай ажыратуу (жөнөкөй, татаал).
3. Маанисине карай кайсы ат атооч экендигин аныктоо.
4. Ат атоочтун жазылышын түшүндүрүү.
5. Ат атоочтун уңгу, мүчөсүн, мүчөнүн түрлөрүн ажыратуу.
6. Ат атоочтун сүйлөм ичиндеги милдети.

**Талдоонун үлгүсү:**

*Бул бак биздин эртеңки саябаныбыз болот.*

Бул сүйлөмдөгү **бул**, **биздин** деген сөздөр ат атооч, себеби алар затты же анын белгилерин атабай, жалпылап көрсөттү.

**Биздин** — деген сөз түзүлүшү бюнча жөнөкөй ат атооч, бир сөздөн турат. Мааниси боюнча жактама ат атооч, көптүк санда, биринчи жакта турат. Уңгусу -**биз**, мүчөсү -**дин**, бул илик жөндөмөсүнүн мүчөсү, алгачкы формасы -**нын** сүйлөм ичинде аныктоочтук милдет аткарды.

**Бул —** деген ат атооч, түзүлүшү боюнча жөнөкөй ат атооч, маанисине карай шилтеме ат атооч, уңгу түрүндө, мүчөсү жок. Атооч жөндөмөсүндө турат, сүйлөм ичинде аныктоочтук милдетти аткарды.

**215-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Ат атоочторду таап, аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө жана дептерге жогорку темадагы тартип боюнча жазып чыкгыла. Кайсы жөндөмөдө тургандыгына көңүл бургула.

1. Сен кайдасың, Алтынай? Мен мындамын. (Ч.А.) 2. Окууңарды жакшы окугула, өзүм ар бириңден экзамен аламын. 3. Анда азыркы биздин ушул айылыбыз турган жерде бир канча бактар болор эле. 4. Анда менин он төрттөгү кезим.



**216-көнүгүү.** Текстти окуп, ат атоочторду таап, аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

— Ашыкпа акылман эне, күнөөсүз балдарды жайлаба!

Майрык-Чаар-Жезкемпир кылчая карады.

— Сен кимсиң? Адамча сүйлөп кубулган кандай жансың? — деди Майрык-Чаар-Жезкемпир.

— Мен Бугу-Эне болом. Адамча сүйлөбөсөм

сен кайдан түшүнмөксүң да, кайдан собол укмаксың?

— Каалаганың эмне, Бугу-Эне?

— Балдарды коё бер, акылман эне. Сенден сураганым, ушул эки чүрпөнү мага бер.

## 74-§. ЭТИШ



V класста өтүлгөн этиштин материалдарын кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар:

1. Этиш деп кандай сөз түркүмүн айтабыз жана алар кандай суроолорго жооп берет?
2. Этиштин лексикалык маанисин, морфологиялык белгисин айтып бергиле.
3. Этиштин кандай сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарарын түшүндүргүлө, мисалдар келтиргиле.
4. Этиштин жакталышы деген эмне, алар кандай жак мүчөлөр менен өзгөрөт?
5. Негизги жана жардамчы этиштердин айырмасын түшүндүргүлө, мисалдар келтиргиле.
6. Этиштин түзүлүшүнө карай бөлүнүшүн аныктагыла.
7. Этиштин чактарын (учур чак, келер чак, өткөн чак) жана алардын бөлүнүшүн, уюштуруучу мүчөлөрүн айтып бергиле, мисалдар келтиргиле.
8. Этиштин башка сөз түркүмдөрүнөн болгон айырмачылыгын далилдегиле.

**217-көнүгүү.** Жадыбалдан пайдаланып, төмөнкү этиштерди жактагыла. Жекелик, көптүк сандагы жак мүчөлөрдү тапкыла. Алардын толук жана толук эмес түрлөрүнөн кабар бергиле.

Окуган, бар, кел, оку, жаз.

### 1. Жак мүчөлөрдүн толук түрү

| Жекелик саны | Көптүк саны |
|---|---|
| I жак **-мын**<br>II жак **-сың** (одоно)<br>**-сыз** (сылык)<br>III жак — | I жак **-быз**<br>II жак **-сыңар** (одоно)<br>**-сыздар** (сылык)<br>III жак — |

### 2. Жак мүчөлөрүнүн толук эмес түрү

| Жекелик саны | Көптүк саны |
|---|---|
| I жак **-м**<br>II жак **-ң** (одоно)<br>**-ыңыз** (сылык)<br>III жак — | I жак **-к**<br>II жак **-ңар** (одоно)<br>**-ыңыздар** (сылык)<br>III жак — |



**218-көнүгүү.** Этиш боюнча алган билимиңерди пайдаланып, 5 сүйлөм түзүп келгиле. Андагы этиштин чактарын көрсөткөнгө аракет кылгыла.

## 75-§. ЭТИШТИН ЫҢГАЙЛАРЫ

Сүйлөөчү адамдын кыймыл-аракетке болгон мамилесин билдирген этиш **ыңгай** деп аталат.

Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн алынуучу мисалдар жана сүйлөмдөр:

1. *Күчүңө карап, жыгач* чап, *өзүңө карап, жолдош* тап.

2. *Азган-тозгон* дебейин, *ал келсе жардам* берейин.

3. *Ал шаарга* бармак.

4. *Ашым* калса калсын, *ишим* калбасын.

5. *Абдылда* келди, *Жамал* келе элек.

Кыймыл-аракеттин чындыкка карата болгон мамилесинин (буйругунун, каалоо-тилегинин, максат-ниетинин, шартынын) сүйлөп жаткан адамдын өзү тарабынан белгилениши этиштин ыңгайларына таандык.

Кыймыл-аракеттин чыныгы иш жүзүнө ашырылышы же ашырылбай калышы сүйлөп жаткан адамдын чындыкка жасаган мамилесине байланыштуу болот.

Мисалы: Жогорку сүйлөмдөрдөгү *чап, тап, дебейин, берейин, бармак, калса* деген этиштер кыймыл-аракет ишке ашкан чыныгы чындыкты туура чагылдыра алышкан жок. Мындагы кыймыл-аракет ишке аштыбы, жокпу али белгисиз. Ал эми 5-сүйлөмдөгү *келди, келе элек* деген этиштер кыймыл-аракеттин чыныгы ишке ашкандыгын билдирди.

Демек, баяндагыч ыңгай гана кыймыл-аракеттин чыныгы ишке ашканын билдирет, буйрук, шарттуу, каалоо-тилек, максат-ниет ыңгайлар кыймыл-аракеттин чыныгы ишке ашарын же чыныгы ишке ашпаганын билдире алышпайт.

Этиштин ыңгайлары төмөнкүдөй болуп, **беш топко** бөлүнөт:

1. Баяндагыч
2. Буйрук
3. Шарттуу
4. Каалоо-тилек
5. Максат-ниет

→ ыңгай

**219-көнүгүү.** Теманын эрежеси жана ага колдонулган мисалдарды пайдаланып, класста сүйлөм түзүп жазгыла. Түзгөн сүйлөмүнөрдүн тууралыгын негиздеп бергиле.



**220-көнүгүү.** Этиштин ыңгайлары катышкан сүйлөмдөр түзүп жазгыла. Этиштин ыңгайлары канчага бөлүнөрүн санагыла. Этиштин ыңгайларынын эрежесин түшүндүргүлө.

## 76-§. БАЯНДАГЫЧ ЫҢГАЙ

Кыймыл-аракеттин ошол учурда болуп жатканын, же келечекте болорун, же болуп өткөнүн чындык катарында жайынча баяндаган этиштер **баяндагыч ыңгай** деп аталат.

Теманы түшүнүү үчүн төмөнкү мисал жана сүйлөмдөрдү көрүп чыккыла:

1. *Эрте* **жат** *да, эрте* тур, *бир кетменди ашык* **ур.**

2. *Канжыгамда кымыз* **бар,** *канганча* **жуткун,** *жаш конок.*

3. *Ак сарбашыл улакты, садагага* **чапкыла,** *Тозорго кабар* **айткыла.**

4. *Жакса сөздү* **алыңыз,** *жаман болдук баарыбыз, боздотпой жолго* **салыңыз.**

Баяндагыч ыңгай жакты жана чакты билдирет. Мисалы:

| Жагы | Саны | Учур чак | Келер чак | Өткөн чак |
|---|---|---|---|---|
| I | жек. *(мен)*<br>көп. *(биз)* | жазып жатам<br>жазып жатабыз | окуймун (окуйм)<br>окуйбуз | иштедим<br><br>иштедик |
| II | жек. *(сен)*<br>*сиз*<br>көп *(силер)*<br>*сиздер* | жазып жатасың (-сыз)<br>жазып жатасыңар (-сыздар) | окуйсуң (-суз)<br>окуйсуңар (-суздар) | иштедиң (-ңиз)<br>иштедиңер (-ңиздер) |
| III | жек. *(ал)*<br>көп. *(алар)* | <br>жазып жатат<br>жазып жатышат | окуйт<br>окушат | <br>иштеди<br>иштешти |

**221-көнүгүү.** Жогорку жадыбалды окуп чыккыла. Баяндагыч ыңгайдын жакты жана чакты билдирерин үйрөнгүлө. Өзүңөр оозеки мисал келтиргиле.

**222-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна этиш сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла. Алардын кайсы чакта турганын тапкыла. Баяндагыч ыңгайдын эрежесин айтып бергиле.

1. Абдылда менен Ракыя ушул кыштактагы айылдык мектепте ... . 2. Кечээтен бери саалган сүттүн көп болушу Бурулду ... . 3. Эшикке чыгып, эки жакты карасам, эч ким ... . 4. Ат көнгөн жерине ... азамат туулган жерине ... . 5. Улуу кишини сыйлагандан бой ... . 6. Эртең менен Керездин келгенин уккан Кычан менен Атай ....

**Колдонулуучу этиш сөздөр:** окушкан, көрүнбөйт, чуркап келишти, кичирейбейт, кубандырды, качат, шашат.



**223-көнүгүү.** Өзүңөр сүрөткө карата баяндагыч ыңгайды катыштырып, кыскача аңгеме жазгыла. Ага тема койгула. Этиштин ыңгайлары канчага бөлүнөрүн санагыла.



## 77-§. БУЙРУК ЫҢГАЙ

Ишти аткаруу үчүн сүйлөп жаткан адамдын үч жактын (I, II, III) бирине берген буйругун, сунушун, өтүнүчүн билдирген этиш сөздөр **буйрук ыңгай** деп аталат.

Буйрук ыңгай төмөндөгүдөй жолдор менен түзүлөт:

1. Уңгу (тубаса) этиштер аркылуу:

Мисалы: *айт, кел, оку, жаз, бар, бас, тап, бер, бил, ал, кара, кач, жак, жат, чык.*

2. Кээ бир сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен:

**-а:** *сана, ойно, сына, түзө, түнө.*

**-ла:** *башта, ойло, сүйлө, жайла, катта, кышта,мушта.*

**-ык:** *жолук, бирик, кезик, каньк.*

**-лан:** *куралдан, нурлан, ардан, намыстан, экилен.*

**-кар (-каз):** *аткар (атказ), куткар (кутказ), өткөр (өткөз), уяткар* (уятказ).

**-ар (-р):** *тазар, кызар, узар, жашар.*

**-ы:** *байы, тары, жашы.*

3. Буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр аркылуу:

| Буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр | Мисалдар |
|---|---|
| -гын (-ың), -гының: | баргын, иштегин, тапкын, келиң, барың, алың, бериң, баргының, көргүнүң. |
| -сын: | барсын, келсин, билсин, өссүн, көрсүн, ырдасын, келишсин. |
| -гыла: | жазгыла, иштегиле, үйрөнгүлө, сүйлөгүлө,жаттагыла,ырдагыла. |
| -ыңыз (-ыңыздар): | келиңиз — келиңиздер, көрүңүз — көрүңүздөр, жибериңиз — жибериңиздер, алыңыз — алыңыздар. |
| -алы (-алык): | баралы (баралык), көрөлү (көрөлүк), жазалы (жазалык), окуйм (окуйлук). |

**224-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, буйрук ыңгайга сүйлөмдөр түзгүлө.

Отур, көр, сүйлө, ойно, кыста, каньк, куруш, келсин, алгыла.



**225-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, көп чекиттин ордуна буйрук ыңгайды көрсөтүүчү этиш сөздөрдү кошуп жазгыла.

1. Акматка айтып кой, биздикине... . 2. Сен адегенде Зинага..., анан Гүлайга... . 3. Сен Акылай менен бирге... . 4. Эркинбек кандай окуп жаткандыгы жөнүндө кат аркылуу бил... . 5. Сен да өзүңдүн окууң жөнүндө телефон аркылуу... . 6. Адегенде ой... , андан кийин иш... .

## 78-§. ШАРТТУУ ЫҢГАЙ

Кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбай калышы үчүн коюлган шартты билдирген этиштер **шарттуу ыңгай** деп аталат.

Шарттуу ыңгайды **-са** мүчөсү уюштурат.

Мисалы: *Бектур* келсе, *мен барат элем. Ким көп* окуса, *көптү билет. Калк* айтса, *калп айтпайт.*

Шарттуу этиштин **-са** мүчөсү жалганган этиштер төмөндөгүдөй маанилерди билдирет:

1. **Шарттык маанини:** *Жаан* жааса, *биз барбай калабыз. Күн* ачылса, *жөнөйбүз. Алар* кечиксе, *мен өзүм барам. Танабай* жөтөлсө, *жылкылар башын селт көтөрөт. Келин келет, кыз кетет, токсон* чыкса, *муз кетет.*

2. **Мезгилдик маанини:** *Танабай* келсе, *ал үйдө жок экен. Бүгүн* кетсек, *кайра келбейбиз. Таң* кылайса, *Танабай жылкыга аттанат. Күн* чыкса, *алп иштер башталат.*

3. **Өтүнүү, суранууу маанисин:** *Жакшы* окусаңар, *тартиптүү* болсоңор, *сабактан* кечикпесеңер. Барсаң *бар,* келсең *кел. Мени да* аясаң *боло. Сурнай* тартсам, *жез найдан, атакем* келсе *Аксайдан.*

4. **Карама-каршылык маанисин:** *Бөрү* карыса *да, бир койлук алы бар. Ал* келсе, *мен барбайм. Чоро* күтсө *да, Танабай келген жок.*

5. **Себеп маанисин:** *Көпчүлүк* келсе, *жумуш жеңилдеп калар эле. Жакшы колго туш* келсе, *көңүлү курсант болот. Жаман колго туш* келсе, *кор болот.*

**226-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, шарттуу ыңгайды тапкыла. Эрежесин айтып бергиле. Эмне үчүн шарттуу ыңгай экенин аныктагыла.

1. Ач көздүн өзү тойсо, көзү тойбойт. 2. Казаным толуп кайнаса, чырагымдын балдары, чымчыктай чуулдап сайраса. Чоң эне болсо балдарга, өтүп кетсе бир күнү, өкүнүч болбойт жалганга. 3. Ийри жыгач түз болот, тезге салып оңдосо. Душманына кор болот, өз тууганын кордосо.

**227-көнүгүү.** Шарттуу ыңгайды катыштырып, 4—5 сүйлөм түзүп жазгыла. Эмне үчүн шарттуу ыңгай экенин түшүндүргүлө. Уюштурган мүчөсүн айтып бергиле.



**228-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, шарттуу ыңгайды тапкыла. Астын сызып, эрежесин айтып бергиле.

1. Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи. (Макал.) 2. Акылдуунун сөзү кыска,

айта салса нуска. (Макал.) 3. Жакшы болуп, бар болсоң, кимдер келбейт кашыңа. (Макал.) 4. Улук болсоң, кичик бол, бийик болсоң, жапыз бол.(Макал.)

## 79-§. КААЛОО-ТИЛЕК ЫҢГАЙ

Каалоо-тилек ыңгайды төмөнкү мүчөлөр уюштурат:

**-айын:** *барайын, келейин, жазайын, көрөйүн, берейин.*

**-алы (к):** *көрөлү (к), берели (к), алалы (к), жазалы (к).*

**-айлы (к):** *жөнөйлү (к), мактайлы (к), карайлы (к), окуйлу (к).*

**-гай + эле:** *баргай эле, келгей элем, окугай элең.*

**-са + экен:** *барсам экен, барсаңыз экен, келсем экен, келсеңиз экен, уксаңыздар экен.*

**-гы + жак,** таандык мүчөлөр + **кел, жок** деген сөздөрдүн жанаша айтылышы аркылуу; *баргым келди. Баргысы келди. Баргыңыз келди. Көргүм жок. Алгым жок.*

Кыймыл-аракеттин иштелиши, аткарылышы үчүн болгон тилекти, каалоону билдирген этиш сөздөр **каалоо-тилек ыңгай** деп аталат. Каалоо-тилек ыңгай аркылуу берилген кыймыл-аракеттин али иш жүзүнө ашышы же ашпай калышы сүйлөгөн адамга так, ачык болбойт, ошонун ишке ашышын тилейт.

**229-көнүгүү.** Жогорку каалоо-тилек ыңгайларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Эмне үчүн бул мүчөлөр уюштурган кыймыл-аракеттин ишке аша электигин аныктагыла.

**230-көнүгүү.** Төмөнкү ырды окуп чыккыла, **-айын** мүчөсү аркылуу уюшулган каалоо-тилек ыңгайды тапкыла. **-айын** мүчөсүнүн ордуна каалоо-тилек ыңгайдын башка мүчөлөрүн улагыла. Ыңгай жөнүндө түшүнүк бергиле.

Ай айланып,жыл келет,
Айтпай кантип турайын.
Күлүктүн оозун бурайын,
Күн айланып,ай келет,
Күйбөй кантип турайын.
Күмүшүн ырдын терейин,
Күйүтүм айтып берейин.
Алтынын ырдын терейин.
Арманым төгүп берейин.

*(Жеңижок)*



**231-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Каалоо-тилек ыңгайды таап, көчүрүп жазгыла. Уңгу, мүчөсүн тапкыла. Кандай жолдор менен жасалды?

1. Барба дедиң барайын, келбе дедиң келейин. Чөнторуну энчилеп, алып келип берейин. 2. Көптөн бери эңсеген, көргөй элем элимди. 3. Чырдын үйүнөн Ажардын качкысы келди. 4. Кантип тилиң албайын, кечикпестен барайын. Сенин керегиңе жарайын. 5. Куттуктоо телеграммаңызды алсам экен.

## 80-§. МАКСАТ-НИЕТ ЫҢГАЙ

Кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбай калышы үчүн сүйлөп жаткан адамдын максатын, ниетин билдирген этиш сөздөр **максат-ниет ыңгай** деп аталат.

Максат-ниет ыңгайды **-мак, -макчы** мүчөлөр уюштурат.

**-мак, -макчы** мүчөлөрү уланган сөздөр кээде максат-ниет ыңгайды, кээде кыймыл атоочту уюштурат.

Төмөнкү учурларда максат-ниет ыңгайдын маанисинде колдонулат.

1. **-мак, -макчы** мүчөсүнөн кийин жак мүчөлөрдүн толук түрү уланып, жекелик, көптүк санда айтылса.

| Жагы | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| I | -мак // -макчы+мын | -мак // -макчы+пыз //-быз |
| II | -мак // -макчы+сың, -сыз | -мак // -макчы+ сыңар, -сыздар |
| III | -мак // -макчы | -ышмак // -ышмакчы |

2. **-мак, -макчы** мүчөлөрүнөн кийин *эле, экен, турсун, тургай, бол, беле, эмес, жок, бар* деген жана башка сөздөр кошо айтылса.

Мисалы: *Бүгүн Шаршендин өзү* келмек (келмекчи) экен. *Курманбек* жазмак болду. *Мурат* бармак экен. *Эрте барып, кеч* келмек эмес.

Байыркы сөздөн **айтмак** жок,
Базарга малды **сатмак** жок.
Атка минип **желмек** жок,
Үйүнө кайтып **келмек** жок.

*(Молдо Нияз)*

Төмөнкү учурда кыймыл атоочтук мааниде колдонулат.

1. **-мак** мүчөсүнөн кийин таандык, жөндөмө мүчөлөрү уланып айтылса.

Мисалы: Алмактын бермеги *бар. Эмгеги аздын* өнмөгү *аз.* Алмагы *оңой,* бермеги *кымбат. Бир таарынса,* жазылмагы *кыйын. Эрте турганы менен* жуунмагы *кымбат. Манас катылган душмандардын катыгын* бермекке *элди* ишендирди. *Кетирмекке саныңды, Акылыңдан* танмакка, *артык сөз айтып* салмакка, *азамат үшүн* алмакка, *арамза сөзүн* укмакка, *Манас муну ойлоду.*

**232-көнүгүү.** Окуп чыгып, жогорку аныктаманы үйрөнгүлө. Максат-ниет ыңгай кандай жолдор менен түзүлөрүн айтып бергиле. Оозеки мисал келтиргиле.

**233-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, максат-ниет ыңгайды аныктагыла. Анын кандай мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулганын, эрежесин айтып бергиле.

1. Тилин кесип алышмак, тирүүлөй көргө салышмак, арманда өттү көп ырчы, андагы турмуш табышмак. 2. Ал шаарга бармакчы, соода-сатык иштерин жүргүзмөкчү. 3. Сагын Айткулуну кезекке чыгармак. 4. Жапаркул тууралуу сөз козгомок. 5. Ал эрте келсе, биз менен кошо жөнөмөк.



**234-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөрдүн ар бирине буйрук ыңгайдын, шарттуу ыңгайдын, ниет ыңгайдын мүчөлөрүн улап, көчүрүп жазгыла. Алардын кандай мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулуп жатканын, мүчөлөрдүн өзгөрүшүн айтып бергиле.

Айт, көргөз, жибер, сура, кел, бар, бөл, кеңеш ж.б.

**Үлгү:** *бас, баскыла, бассын, басыңыз, басса, басайын, баскай элем, басмакмын, басышмакмын, бастым* ж.б.

## 81-§. ЭТИШТИН ЫҢГАЙЛАРЫН МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү таап, ага тиешелүү суроолорун берүү.
2. Анын кайсы ыңгай экенин аныктап, эрежесин жана уюштурган мүчөлөрүн айтып берүү.
3. Этиштин ыңгайларын уңгу, мүчөгө ажыратуу.
4. Ыңгайлардын сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып турганын табуу ж.б.

**Талдоонун үлгүсү:**

*Силер, балдар ар дайым сабагыңарды жакшы окугула.*

Оозеки:

Бул сүйлөмдөгү **окугула** деген сөз — этиш,

буйрук ыңгай, сүйлөөчү адамдын үч жактын бирине карата болгон буйругун, талабын, өтүнүчүн билдирди.

Уңгусу — ***оку***, мүчөсү — ***гыла*** буйрук ыңгайдын мүчөсү.

Сүйлөм ичинде баяндоочтук милдет аткарды.

Жазуу түрүндө:

**Окугула** — этиш, буйрук ыңгай, уңгусу — **окуу**, мүчөсү — **гыла**.

**235-көнүгүү.** Этиштин ыңгайларын катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Кандай мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулганын айтып бергиле.



**236-көнүгүү.** Төмөнкү этиштин ыңгайларын катыштырып сүйлөм түзүп, аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

Катышайын, бар, айтмакчы, барса, окугай эле, иштеп жатышат, келсин, билсе, көрөйүн.

## 82-§. ЭТИШТИН МАМИЛЕЛЕРИ

Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан адамдын өзү же башка биреөлөр тарабынан аткарылгандыгын билдирген этиш сөздөр **этиштин мамилелери** деп аталат.

Этиштин мамилелери **бешке** бөлүнөт:

| Этиштин мамилелери | Мүчөлөрү | Мисалдар |
| --- | --- | --- |
| 1. Негизги мамиле | — | окуду, жазды, барды, келди. |
| 2. Кош мамиле | -ыш (-ш) | келиш, барыш, көрүш, угуш, чабыш, тебиш, сүйлөш, табыш. |
| 3. Өздүк мамиле | -ын (-н) | сүрүн, көрүн, жуун, ачын, чалын, сүйлөн, тартын, асын. |
| 4. Туюк мамиле | -ыл (-л) | жазыл, бурул, түйүл, жетил, арнал, кесил, асыл, каттал. |
| 5. Аркылуу мамиле | -дыр, -гыз, -каз, -ар, -кар, -ыт, -сат, -ыр, -ыз | алдыр, бердир, өстүр, билдир; бергиз, тургуз, отургуз, жаткыз; кутказ, атказ, көргөз; чыгар, кайтар, өткөр; санат, жогот; үркүт, байыт; көрсөт, кетир, өчүр, көчүр, эмиз, угуз, тамыз. |

**237-көнүгүү.** Жогорку мамилелерин этиштин жана анын мүчөлөрүн окуп үйрөнгүлө. Өзүңөр этиштин мамилелерин катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Эрежесин айтып бергиле.



**238-көнүгүү.** Жадыбылда берилген мисалдарды пайдаланып, ар бир этиштин мамилесине бирден жалпысынан 5 сүйлөм түзүп келгиле.

## 83-§. НЕГИЗГИ МАМИЛЕ

Кыймыл-аракет сүйлөп жаткан адам тарабынан аткарылгандыгын билдирген этиштер **негизги мамиле** деп аталат.

Мисалы: *Асел китеп окуду* деген сүйлөмдөгү чыныгы кыймыл-аракет башка бирөө эмес, Аселдин өзү тарабынан аткарылды. *Китепти Асел гана окуду. Айша шаардан келди. Ал дүкөндөн буюм сатып алды.*

Негизги мамиле этиштин өзүнө тиешелүү мүчөсү жок, ал этиштин башка мамилелерин жасоого негиз болот.

Мисалы: *бар, кел, оку* (негизги мамиле), *бар + ыш* (кош мамиле), *баргыз, бар+а+т, бар+дыр* (аркылуу мамиле), *жуу+н* (өздүк мамиле), *көр+гөз+үл+дү, жибер+ил+ди* (туюк мамиле).

Тубаса жана туунду этиштердин бардыгы негизги мамилени түзөт.

Мисалы: *Карынын сөзүн капка* **сал.** *Өнөрлүү* **өлбөйт.** *Киши өз жамандыгын өлгөнчө* **сезбейт.** *Отуз* **өлчөп,** *бир* **кес.** *Комуз* **берди** *колуна, чегирткеге черттирип.*

Негизги мамиле этиштер сүйлөм ичинде баяндоочтук милдет аткарат.

Мисалы: *Сен* оку. *Мен* бардым. *Ал* келди, жуунду, кийинди. *Депутаттыкка* көрсөтүлдү.

**239-көнүгүү.** Негизги мамиле этиштерди катыштырып, оозеки сүйлөм түзүп, көчүрүп жазгыла. Эмне үчүн негизги мамиле экенин аныктагыла.

**240-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, негизги мамиле этишти тапкыла. Алардын эмне үчүн негизги мамиле экенин аныктагыла. Этиш сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт. 2. Тий десем, тийбейт, тийбе десем, тиет. 3. Ууру байыбайт, сук тойбойт. 4. Акылды акылмандан сура. 5. Тоодон топ түштү, буту-колу жок түштү. 6. Абышка-кемпир алманы жеп, жашарып турушчу экен.



**241-көнүгүү.** Өзүңөр негизги мамиле этишке оозеки сүйлөм түзгүлө. Жөнөкөй, татаал этиш экенин аныктап, эрежесин айтып бергиле.

## 84-§. КОШ МАМИЛЕ

Кош мамиле этиштер көптүк санды билдирет.

Негизги этишке **-ыш** мүчөлөрүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл-аракеттин бир нече киши тарабынан биргелешип, кошулуп аткарылгандыгын, иштелгендигин билдирген этиштер **кош мамиле** деп аталат.

Кош мамиле этишти **-ыш (-иш, -өш, -аш, -уш, -үш, -ш)** мүчөсү уюштурат: *алыш, иштеш, барыш, жазыш, окуш, санаш, ырдаш, сүйлөш, катташ.*

**242-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, кош мамиле этиштерин тапкыла. Өзүңөрдүн түшүнүгүңөр боюнча кош

мамиленин эрежесин айтып бергиле. Кош мамилеге морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Чабандес улак тартышты, мергендер жамбы атышты. 2. Жапар менен Жамийла сүйлөшүп отурушуп, мектепке келишти. *(К. Б.)* 3. Мектепке балдар бирден-экиден топтошуп келе башташты. Кайсы бирлери чоңдорду тууращып, жайбаракат басып келишти. Кээ бирөөлөрү баш кийимдерин колуна кармашып, мектепке келип жатышты.



**243-көнүгүү.** Текстти көчүрүп жазып, кош мамиле этишти тапкыла, анын сүйлөмдө кандай мүчөлүк милдет аткарып турганын айтып бергиле.

Актан атанын минген кашаң аты жөнүндө сөзүн балдар ынтаасын коюп угушту. Аягында жеңилдик бергенине ыраазы болушту. Дайыма салам айтып учурашчу. Бул жолу кашаң карагердин чуркаганына таңыркап олтурушуп, унутуп калышкан. Актан атанын тамаша катары айтканынан балдар уяла түшүшкөн.

## 85-§. ӨЗДҮК МАМИЛЕ

Негизги мамиле этишке **-ын** мүчөсүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл-аракет иштөөчүнүн өзүнө багытталгандыгын же өзү үчүн иштелгендигин билдирген этиш сөздөр **өздүк мамиле** деп аталат.

Өздүк мамилени **-ын (-ин, -ун, -үн, -н)** мүчөсү уюштурат. Мисалы: *ач+ын, кий+ин, көр+үн, жуу+н, тара+н, бас+ын, ула+н, бак+ын (багын), кир+ин, өт+үн, каран.*

**244-көнүгүү.** Этиш сөздөргө **-ын (-н)** мүчөсүн улап, өздүк мамиле этишти түзгүлө.

Жап, жыл, жул, ач, көр, жуу, алып кел, тара, бас.

**Үлгү:** жуу — жуунду, жул — жулунду.

**245-көнүгүү.** Текстти көчүрүп жазып,өздүк мамиле этишти тапкыла.

1. Ак бараң мылтык асынып, ырдасаң келбейт балалык. 2. Өңүн суудан каранып, тотукуштай таранып, келиндер келген аккан суу. 3. Белдемчисин байланып, балдарына айланып, кемпирлер келген аккан суу. 4. Толкуган топко жулунуп, колуна комуз жарашкан.



**246-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, өздүк мамиле этиштин астын сызгыла.

1. Айланган тоонун бүркүтү, ак жерден торго чалынды. 2. Комузду күүгө келтирген колума кишен салынды. *(Т.)* 3. Абалап учуп чардагы, ак чабакка байланып, таз кара, кара жорулар, так чокуга айланып. *(Ж.)* 4. Чабалекей, карлыгач, чамдап учат шайланып. 5. Кош билерик салынса, кокондук чепкен жамынса.

## 86-§. ТУЮК МАМИЛЕ

Негизги мамиле этишке **-ыл (-л)** мүчөсүнүн уланышы аркылуу жасалып, кыймыл-аракеттин өзүнөн-өзү иштелгендей маанини билдирген этиштер **туюк мамиле** деп аталат.

Мисалы: *жаз — жазыл, иште — иштелди, бер — берилди, жибер — жиберилди, катта — катталды, өт — өтүлдү, макта — макталды, көтөр — көтөрүлдү, кыр — кырылды, жап — жабылды.*

Кээ бир учурларда өздүк мамилени уюштурган **-ын** мүчөсү аркылуу да туюк мамиле жасалат: *Делегаттар* **шайланды.** *Газета-журналдар* алынды. Бул сүйлөмдөгү *делегаттар* — өзүнөн-өзү шайланган, *газета-журналдар* өзүнөн-өзү алынган жок. Башка бирөөлөр тарабынан **шайланды** жана **алынды.** Демек, ким тарабынан шайланды, ким тарабынан алынганы белгисиз, туюк болуп калды.

**247-көнүгүү.** Өзүңөр төмөнкү этиштерге туюк мамиленин **-ыл** мүчөсүн улап, оозеки сүйлөм түзгүлө. Кыймыл-аракеттин кандай аткарылып жаткандыгын айтып бергиле.

Жаз, чеч, аткар, кара, көр, иште.

**248-көнүгүү.** Туюк мамиленин мүчөсүн улап өз алдыңарча 4 сүйлөм түзгүлө.



**249-көнүгүү.** Текстти окуп, туюк мамиле катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

ТУРСУНБАЙ АДАШБАЕВ

Белгилүү акын жана котормочу Т.Адашбаев 1939-жылы Жалал-Абад областынын Ала-бука районундагы Сафед Булан айылында туулган.

Т. Адашбаев эки тилде: кыргыз жана өзбек тилдеринде жазат. Алгачкы ырлар жыйнагы 1966-жылы «Арстанбап шаркыратмасы» деген ат менен басылып чыгат.

Андан бери балдарга арналган жыйырмадан ашык ыр жыйнактары китеп болуп чыгарылды.

## 87-§. АРКЫЛУУ МАМИЛЕ

Кыймыл-аракеттин башка бирөөлөр тарабынан иштелгендигин, аткарылгандыгын билдирген этиш сөздөр **аркылуу мамиле** деп аталат.

Аркылуу мамилени төмөнкү мүчөлөр уюштурат:

**-дыр:** *ал — алдыр, бер — бердир, күл — күлдүр.*

**-кыр:** *жет — жеткир, жат — жаткыр.*

**-гыз:** *тур — тургуз, отур — отургуз.*

**-ыр:** *кач — качыр, өч — өчүр, ач — ачыр.*

**-ар:** *чык — чыгар, кайт — кайтар.*

**-кар:** *ат — аткар, өт — өткөр, баш — башкар.*

**-ыз:** *там — тамыз, эм — эмиз, ук — угуз.*
**-ыт:** *корк — коркут, үрк — үркүт.*
**-каз:** *ат — атказ, өт — өткөз.*
**-т:** *сана — санат, ырда — ырдат, бийле— бийлет.*

**250-көнүгүү.** Окуп чыгып,аркылуу мамиле этиштин эрежесин, кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасаларын үйрөнгүлө. Уюштурган мүчөлөрдү эсиңерде сактагыла. Кыймыл-аракеттин башка бирөөлөр тарабынан иштелгендигин аныктагыла.

**251-көнүгүү.** Негизги мамиле этишке төмөнкү аркылуу мамиле этиштин **-дыр, -кыр, -гыз, -ыр, -ар, -кар, -т** мүчөлөрүн улап, көчүрүп жазгыла.

Ал, бер, жаз, оку, жөнө, бил, уч, бүт, сана, эм, черт.



**252-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, аркылуу мамиле этишти тапкыла жана анын эрежесин айтып бергиле.

Карыядан эми угуп,
Бийлегичтен кеп угуп,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ташкенттеги кыргыздын
Жаккан отун өчүрттү,
Аземдеген боз үйдүн
Керепе,уугун бүктөтүп,
Кызыл нарга жүктөтүп,
Кызыл нардын куйругун,
Кыя тартып өрдүрдү.

*(«Манастан»)*

# ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ

Атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор этиштин өзгөчө формалары деп аталат, себеби, булардын баарында тең этиштик, атоочтуктарда сын атоочтук, заттык, чакчылдарда тактоочтук, кыймыл атоочтордо зат атоочтук белгилер бар.

## 88-§. АТООЧТУКТАР. АТООЧТУКТАРДЫН МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖОЛ МЕНЕН ЖАСАЛЫШЫ

Атоочтуктар морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалат.

Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөткөн, этиштик касиетке да, атоочтук (*сын атоочтук, зат атоочтук*) касиетке да ээ болгон, тиешелүү мүчөлөр (**-ган, -ар, -бас** ж.б.) аркылуу жасалган, этиштин оң, терс формасы боюнча өзгөргөн, сүйлөм ичинде *кандай? кайсы?* деген суроолорго жооп берип, көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарган этиштин өзгөчө формасы (түрү) **атоочтуктар** деп аталат. Алар төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

**-оочу, -уучу** мүчөлөрү уланган сөздөр дайыма эле атоочтук боло бербейт, *ким? кимдер?* деген суроолорго жооп берип, накта зат атооч болушат.

Мисалы: Окуучу — окуучулар, жазуучу — жазуучулар, сатуучу — сатуучулар, чайкоочу — чайкоочулар, токуучу — токуучулар жана башка.

**253-көнүгүү.** Окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

1. **Сыналбаган** адам менен дос болбо. 2. **Жалган** айткан киши менен мамиле түзбө. 3. **Жаңылбас** жаак болбос, мүдүрүлбөс туяк болбос. 4. **Айтылуучу** сөздөр азыр айтылат. 5. **Өсөр** малда өлүм жок. 6. **Бара элек** кишилер кетишти. 7. **Келе жаткан** жаштарга жолуктук. 8. **Берүүчү** кишиге бешөө көп, алуучу кишиге алтоо аз. 9. Анын **келгидей** түрү жок.

**Атоочтуктар төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:**

| Мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| -ган: | барган, барбаган, жазган, жазбаган, көргөн, көрбөгөн, турган, турбаган |
| -ар: | келер, көрөр, барар, сүйлөөр, ойлоор |
| -бас: | барбас, келбес, албас, жазбас, ойнобос, сынбас, калбас |
| -оочу, -өөчү: (-очу, -чу) | байкоочу - байкачу, иштөөчү - иштөчү |
| -уучу, үүчү: -учу, -чү: | баруучу - барчу,туруучу - турчу, келүүчү - келүчү, келчү |
| -а//-е, -й + аткат, турган, жүргөн | бара жаткан (кишилөр), тарай турган (элдер), ала жүргөн (китептер) |

| | |
|---|---|
| -ып + жүргөн | барып жүргөн (үй), көрүп жүргөн (шаар), ойноп жүргөн (жаштар) |
| -гыдай: | Алдыгай, бергидай, жазгыдай, көргүдөй, келгидей, аткаргыдай, жегидей |
| -максан+сал, бол, киши, адам | көрмөксөн болду, билмексен болду, укмасан адам, бармаксан киши |

**254-көнүгүү.** Төмөнкү мисалдарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Атоочтуктарды таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Атоочтукту уюштурган мүчөлөрдү аныктагыла.

Окуган балдар. Баруучу кыздар. Унчукпас кишилер. Бара элек жаштар. Келе жаткан адамдар. Жүрөр мезгили.



**255-көнүгүү.** Текстти көчүрүп, морфологиялык жол менен жасалган атоочтуктарды ажыратып жазгыла.

1. Бербес кишинин ашы — бышпас. 2. Соолбос өмүр, сынбас темир болбос. 3. Күлгөн кишинин билген иши бар. 4. Жоголгон бычактын сабы — алтын. 5. Келер кишилер келишти. 6. Экскурсияга баруучу балдар чогулушту. 7. Шахмат ойноочу кыздардын тобу түзүлдү.

## 89-§. АТООЧТУКТАРДЫН СИНТАКСИСТИК ЖОЛ МЕНЕН ЖАСАЛЫШЫ

Атоочтуктар да эки же андан көп сөздөрдүн айкалышып айтылышы аркылуу жасалат. Мындай атоочтуктар синтаксистик жол

менен жасалган, же татаал **атоочтуктар** деп аталат. Бул эрежени талдоо үчүн төмөнкү мисал жана сүйлөмдөрдү карап чыккыла:

1. Көрө албас кишилер менен көп жолдош болбо.
2. Тапкан-терген дүйнөм сеники, балам.
3. Болор-болбос иш үчүн урушпа.
4. Бара берүүчү адатыңды кой.

**Атоочтуктардын белгилери**

Атоочтуктар этиштик, сын атоочтук жана зат атоочтук касиетке ээ.

**256-көнүгүү.** Төмөнкү татаал атоочтуктарды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Алардын кош же кошмок сөз түрүндө экенин аныктагыла. Татаал сүйлөмдүн эрежелерин айтып берүү менен мисал келтиргиле.

Көргөн-билген адамдар. Келе жатышкан кишилер. Өзү жүрө берүүчү машина. Шашып иштөөчү жумушчулар. Багар-көрөр кишиси. Жаза элек балдар.



**257-көнүгүү.** Өзүңөр үйдөн синтаксистик жол менен жасалган татаал атоочтуктарга 5 мисал жазып келгиле. Аларды сөздүн составына (уңгу, мүчөгө) ажыратып, атоочтуктарды жасоочу мүчөлөрдү тапкыла.

## 90-§. АТООЧТУКТАРДЫН ЭТИШТИК БЕЛГИЛЕРИ

1. Атоочтуктар этиштер сыяктуу кыймыл-аракетти билдирет:

Мисалы: Баштаган ишти таштаба. Берген — алат, эккен — орот. Колундан келбес ишке, кор болуп, көңүл дегдетпе. Энеси келгенде чырылдап, алга умтулуучу балапандар азыр жок. Бул айта жүрөр сөз болду.

2. Атоочтуктар чактык маанини билдирет:

а) Учур чактык маанини: иштеп жатышкан кишилер, ойноп отурган балдар, жазып жатышкан окуучулар, келе жаткан студенттер жана башка.

б) Келер чактык маанини: иштеле турган иштер, окуй турган китеп, келүүчү кишилер, ичер суу, көрөр күн, барар жерибиз жана башка.

в) Өткөн чактык маанини: жыйналган эгиндер, окушкан балдар, көргөн кордук, тарткан азап, иштеген жумуш жана башка.

3. Этиштик мамилелик касиетине ээ, башкача айтканда мамиле этиштерди уюштурган мүчөлөрдөн кийин улана берет.

Негизги мамиле: - бар, тур
Өздүк мамиле: **-ын** - көрүн
Кош мамиле: **-ыш** - катыш
Туюк мамиле: **-ыл** - чагыл
Аркылуу мамиле: **-кар** - аткар

**-ган (-кан)**
**-ар**
**-бас**
**-уучу, -өөчү (-учу, -чу)**
**-а + элек; й + элек**
**-а + турган**
**-ып + жаткан (жүргөн)**
**-гындай**
**-максан**

4. Этиштер сыяктуу өзүнүн алдындагы

сөздөрдүн белгилүү жөндөмөдө турушун талап кылат: *Иш сүйгөн колдон тоо кулайт. Таранчыдан корккон эгин экпейт. Малды баккан билет, отту жаккан билет. Бетке айтар адаты бар. Жазда аткарылчу ишиңди кышта ойло. Элин сагынбас эр болбос. Ал айылга баргыдай.*

**258-көнүгүү.** Төмөнкү үлгү боюнча этиш сөздөргө атоочтуктарды жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Атоочтуктарды уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Суроо берүү аркылуу атоочтуктардын этиштик белгисин түшүндүргүлө.

Бар, отур, айт, кел, бер.

**Үлгү:** кет — кеткен, кетер, кетпес, кетүүчү, кете элек, кете турган, кеткидей, кетмексен жана башка.

**259-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, баяндоочторун тапкыла, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Үлгү боюнча баяндоочтук милдетти аткарып турган накта этиштерди атоочтуктарга айландырып, көчүрүп жазгыла. Атоочтуктар жөнүндө түшүнүк бергиле.

1. Бул маселе чечиле элек. 2. Ушул сөз көп айтыла турган. 3. Окуучулар барыша элек. 4. Балдар китеп окушкан. 5. Мира бүгүн келер. 6. Акыл-насаат сөздөр көп айтылуучу.

**Үлгү:** Ал шаарда окуган (этиш, баяндооч). Окуган (кайсы? атоочтук) балдар тараШты. Балдар тарай элек (этиш, баяндооч). Тарай элек (кайсы?) балдар тараШты.



**260-көнүгүү.** Атоочтуктардын этиштик белгилерин түшүндүргүлө. Аларды далилдеп, 5 тен мисал жазып келгиле. Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө айтып бергиле. Эмне үчүн атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор этиштин өзгөчө формасы деп аталат?

## 91-§. АТООЧТУКТАРДЫН СЫН АТООЧКО ОКШОШ БЕЛГИЛЕРИ

1. Атоочтуктар да сын атооч сыяктуу заттын белгисин, сапатын, касиетин билдирет. Мисалы:

| | Сын атооч | | Атоочтук | |
|---|---|---|---|---|
| Кандай? | Ак үй | Кандай? | агарган<br>агаруучу<br>агарар<br>агарбас<br>агара элек<br>агара турган | үй |
| | Жаңы мектеп | Кандай? | жаңырган<br>жаңыруучу<br>жаңырар<br>жаңырбас<br>жаңыра элек | мектеп |

2. Атоочтуктар сын атооч сыяктуу заттык мааниде колдонулуп, жөндөмө, таандык, көптүк **(-лар)** мүчөлөр менен өзгөрөт.

а) Жөндөмө мүчөлөр менен жөндөлүшү. Мисалы: *Бөлүнгөндү бөрү жейт. Сүйбөгөнгө*

*сүйкөнбө. Ыйлагандын көзү жаман. Бербестин ашы бышпас. Берерге бешимде кымыз. Шаарга баруучуларды чакырдык. Келе жаткандардын көпчүлүгү — биздин кишилер. Ал көрмөксөнгө салды.*

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч<br>Илик<br>Барыш<br>Табыш<br>Жатыш<br>Чыгыш | барган<br>баргандын<br>барганга<br>барганды<br>барганда<br>баргандан | келүүчү<br>келүүчүнүн<br>келүүчүгө<br>келүүчүнү<br>келүүчүдө<br>келүүчүдөн | бербес<br>бербестин<br>бербеске<br>бербести<br>бербесте<br>бербестен |

б) Таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү: барганым, барганың, барганыбыз, барганыңыз, көрө элегиң, келе элегиңиз жана башкалар.

в) Көптүк мүчөлөр **(-лар)** менен өзгөрүшү: окугандар келишти, айдоочулар жөнөштү, иштей электер иштешти, бара электер барышты, көргөн-билгендер айтышты жана башкалар.

3. Атоочтуктар да сын атооч сыяктуу *кандай? кайсы?* деген суроолорго жооп берип, сүйлөм ичинде көбүнчө аныктоочтук милдет аткарат. Мисалы:

| Кандай? | Сын атооч | Атоочтук | |
|---|---|---|---|
| | жакшы бала,<br>кооз килем,<br>ак жоолук,<br>кызыл алма,<br>акылдуу адам | окуган балдар,<br>баруучу кишилер,<br>бара элек студенттер,<br>барбас адамдар,<br>келе турган жигит | келишти |

**261-көнүгүү.** Окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. Атоочтуктардын сын атоочтук белгисин суроо берүү аркылуу далилдегиле, эрежелерин айтып бергиле. Атоочтуктарды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар. 2. Тил албаган жаманга, акыл сөздөн муш керек. 3. Баруучу кишилердин арасы бир аз суюла түштү. 4. Тайманбас Бектурган азыр өкүмүрөөк сүйлөдү. 5. Билбегенди билдирген, китеп менин акылым. Көрбөгөндү көргөзгөн, көздөн тунук жакыным. 6. Бышырылган чий боорсоктор дасторконго төгүлгөн. 7. Чакырыла элек ата-энелер бүгүн чакырылат. 8. Болор жигит жашынан.



**262-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла жана андагы атоочтуктарды таап, анын атоочтук (сын, зат) же этиштик белгилерди билдирип турганын далилдегиле. Атоочтуктун сын атоочтук, зат атоочтук жана этиштик белгилерине мисалдар жазып келгиле.

1. Элине таянган баатырды эч ким жеңе албайт. 2. Баатыр элине таянган. 3. Корккон кишиге кош көрүнөт. 4. Ал киши корккон. 5. Сүйлөй элек Бакас трибунага чыкты. 6. Бакас сүйлөй элек. 7. Берер киши берешен. 8. Ал китепти мага берер.

## 92-§. АТООЧТУКТАРДЫН ЗАТТЫК МААНИДЕ КОЛДОНУЛУШУ

Атоочтук менен жанаша айтылган кийинки зат (аныкталгыч) түшүп калып айтылат да, анын мааниси атоочтуктарга өтөт же

аныкталгычка уланган мүчө атоочтукка уланып, заттык мааниде колдонулат.

Мындай учурларда алар жөндөмө,таандык жана көптүк **(-лар)** мүчөлөрү менен өзгөрөт. Зат атоочтун суроосуна *(ким? эмне?)* жооп берет.

Бул жөнүндө кийинки 93-параграфты карагыла.

Теманы түшүндүрүү үчүн пайдалануучу мисалдар жана сүйлөмдөр.

1. *Аңдышкан* (киши) айыл болбойт, *эсептешкен* (киши) дос болбойт. *Аңдышкан* айыл болбойт, *эсептешкен* дос болбойт.

2. *Иштеген* (адам) тиштейт, иштебеген (адам) тиштебейт. *Иштеген* тиштейт, *иштебеген* тиштебейт.

3. Сөз айтпагын *болбоско* (кишиге), суу куйбагын *толбоско* (идишке). Сөз айтпагын *болбоско*, суу куйбагын *толбоско*.

**263-көнүгүү.** Окуп чыгып,заттык маанидеги атоочтуктарды тапкыла. Суроолорун берүү аркылуу эмне үчүн заттык мааниде колдонулуп жаткан себебин түшүндүргүлө. Түшүп калган аныкталгычын тапкыла.

1. Эгиндин жайын эккен билет, арабанын жайын чеккен билет. 2. Тил албасты жумшаганча, тына-тына өзүң бар. 3. Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. 4. Көрбөс төөнү да көрбөйт. 5. Сүйлөөчү көп сүйлөйт, угуучу аз сүйлөйт. 6. Кылганың эл үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн. 7. Сүйбөскө сүйкөнбө.

8. Мектеп үйрөтпөгөндү жокчулук үйрөтөт. 9. Бара жаткандар — биздикилер. 10. Жан алган эр болбойт. 11. Кушту салган кубанат. 12. Бастырган алат, чапкан калат.



**264-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөргө атоочтуктарды жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Атоочтуктардын сын атоочтук, зат атоочтук жана этиштик белгилерине оозеки мисал келтиргиле. Суроо берүү аркылуу далилдегиле. Атоочтуктардын **-ган** мүчөсүнө III жактын таандык **(-ы)** мүчөсүн улагыла, өзгөчөлүгүн айтып бергиле.

1. Ал, жаз, бер, кел, бар, элек жана башка.

**Үлгү:** 1) Отур — отурган, отурбас, отурар, отуруучу (отурчу), отура элек, отуруп жаткан жана башка.

2. Отурган балдар сүйлөштү. Отургандар сүйлөштү. Болбос ишке болушпа. Болбоско болушпа.

## 93-§. АТООЧТУКТАРДЫН СИНТАКСИСТИК КЫЗМАТЫ

1. Атоочтуктар сүйлөм ичинде *кандай? кайсы? кээде затташып, кимдин?* деген суроолорго жооп берип, аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Алыстан жылтылдаган *(кандай?)* от көрүнөт. Бутунан мүдүрүлгөн *(кайсы)* киши турат, оозунан мүдүрүлгөн (кайсы?) киши турбайт. Ачыла элек *(кандай?)* сандыкта, бычыла элек *(кандай?)*

кундуз бар. Келген *(кайсы?)* Любаны Каныш жакшылап тосуп алды. Арыбас *(кандай?)* ат болбойт, карыбас *(кандай?)* адам болбойт. Бизди тарбиялоочу *(кайсы?)* жигит келди. Ыйлагандын *(кимдин?)* көзү жаман. Келгендин *(кимдин?)* өзү жаман жана башка.

2. Этиштик же заттык мааниде колдонулуп, баяндоочтук милдет аткарат. Мисалы: Мен кат жаза элекмин. Ал эрикkенде Мыскалдыкына баруучу. Булар — сыйлангандар. Баатыр жоону самабас. Жалкоо уйкуга тойбос.

**265-көнүгүү.** Окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. Суроолорун берүү аркылуу алардын атоочтук же этиштик белгилерин аныктагыла. Уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Мен туулуп-өскөн айылыма жакында барам. 2. Заводдо иштечү жумушчулар топтолушту. 3. Агам фабрикада иштечү. 4. Арпа кылкансыз болбос, жүн кылчыксыз болбос. 5. Булар — экскурсияга баруучулар. 6. Кылчылдаган суук Ала-Тоону кайтарып турду. 7. Эринчээкке бак конбос. 8. Атылган окту кармай албайсың, айтылган сөздү оңдой албайсың.

**266-көнүгүү.** Аныктоочтук жана баяндоочтук милдетти аткарып турган атоочтуктарга оозеки мисал келтиргиле. Эмне үчүн аныктооч, баяндооч экенин далилдегиле. Эрежелерин айтып бергиле. Суроолорун койгула.

**Атоочтуктар сүйлөм ичинде заттык мааниде колдонулуп, төмөндөгүдөй синтаксистик милдетти аткарат:**

| Сүйлөм мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| Ээлик | Жүгүргөн (ким?) албайт, буюрган (ким?) алат. Иштеген (ким?) тиштейт. Баруучулар (кимдер?) жөнөп жатышты. Бара электер (кимдер?) келишти. Күлгөндүн билгени (эмнеси?) бар. |
| Толуктоочтук | Бөлүнгөндү (кимди?) бөрү жээр, айрылганды (кимди?) аюу жээр. Ок өтпөстү (эмнени?) кийгизип, ок жетпести (эмнени?) мингизип, Манасты тоого багалы. Шаарга баруучуларга (кимдерге?) жолуктук. |
| Бышыктоочтук | Бербестен (кимден?) безе кач. Тил аябастан (кимден?) аша кач. Эккенден (эмнеден?) эрикпе, баштагандан (эмнеден?) зерикпе. |

**267-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын суроо берүү аркылуу далилдегиле. Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү оозеки санагыла.

1. Чыдаган билет, издеген табат. 2. Алчактата ат минип, кийгендери ичи-тышы баркыт. 3. Карыбас адам болбос. 4. Көрө албасты көрбөй койгон оң. 5. Жөнөй электерди күттүк. Чарбаны башкаруучу Асантай келди. 6. Асантай чарбаны башкаруучу. 7. Аткан мергенчи эмес, тийгизген мергенчи. 8. Туура сүйлөгөндөн уялба.

**268-көнүгүү.** Төмөнкү үлгү боюнча этиш сөздөргө **(-ган, -ар, -бас, -уучу, (-учу, -чу), -а, -е, -й + жат, тур, элек, -ып + жаткан)** мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Аларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Атоочтуктарды тапкыла. Суроолорун берүү менен сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып турганын аныктагыла.

Кет, отур, жаз, бас, иште, сүйлө.

**Үлгү:** турган, турар, турбас, туруучу, тура турган, туруп жаткан, тура элек.



**269-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Атоочтуктардын сын атоочтук жана этиштик белгилерин тапкыла. Эрежелерин айтып бергиле. Синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Танабай өткөн-кеткен иштерин ойлоду. 2. Баруучу кишилер эми келишти окшойт, — деди Гүлнар. 3. Сатылбас буюмдун баасы кымбат. 4. Алга умтулуучу балдар бүгүн жок. 5. Күндө келүүчү Садыр бүгүн жок. 6. Жаштар барар жерине күлүп барат. 7. Аккан сууда арам жок. 8. Барар жерибиз алыс. 9. Машиналарга түшүп, жөнөй турган кез келди.

## 94-§. АТООЧТУК ТҮРМӨК

Башка сөздөр менен ажыралгыс бирдикте айтылган, атоочтуктарды уюштуруучу мүчөлөр **(-ган, -ар, -бас, -ып+жүргөн, -а+элек, -й+элек)** менен аяктаган, биригип келип, бир гана суроого жооп берген, бир

гана сүйлөмдүн мүчөсүнүн милдетин аткарган сөз тизмектери **атоочтук түрмөк** деп аталат.

Мисалы: 1. Таягын аркасына каруулаган Бектурган алыстан көрүндү. Кайсы Бектурган алыстан көрүндү? Таягын аркасына каруулаган (атоочтук түрмөк). 2. Он чакты баланы тобу менен ээрчите жүргөн Дүйшөн тигил үйгө бир кирип, берки үйгө бир кирип, көчө аралап жүрдү. Кайсы Дүйшөн? Он чакты баланы тобу менен ээрчите жүргөн (атоочтук түрмөк). 3. Өмүрүндө көзүнөн жаш чыкканына Бектурган таң калды. Эмнесине Бектурган таң калды? Өмүрүндө көзүнөн жаш чыкканына (атоочтук түрмөк) жана башка.

**Атоочтук түрмөктөр төмөндөгүдөй синтаксистик кызматты аткарат:**

| Сүйлөм мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| Тутумдаш ээлик | Жалкоонун күн батканга сүйүнгөнү (эмнеси?) жаман, эпкиндүүнүн күн батканга күйүнгөнү жакшы. Курбумдун калп жеринен күлгөнү (эмнеси?) мага жаккан жок. |
| Тутумдаш баяндоочтук | Бизге келген себеби — анын эч жерден жумуш таппай калганы. Батма өзү айткан сөзүнө абдан жетине албай калуучу (эмне кылуучу?). Балага жакканы — Ысык-Көлдүн бүт көрүнгөнү. |

| | |
|---|---|
| Тутумдаш аныктоочтук | Көчөдө футбол ойноп жүрүүчү (кайсы?) балдар бүгүн көрүнбөйт. Түнү бою шүүдү-рүмгө бастырылган (кандай?) жайлоонун чөбү гүлүн ачты. Сенин мени менен акылдашар (кандай?) мезгилиң да келет. |
| Тутумдаш толуктоочтук | Академик Алтынай Сулаймановanын келерине (эмнесине?) мен абдан сүйүнүп кеттим. Алыска жөнөй тургандарды (кимдерди?) биз бүгүн узаттык. Алардын шаарга барып турганына (эмнесине?) көп жыл өттү. |
| Тутумдаш бышыктоочтук | Кийим-кечек сатып ала электе (качан?) дүкөн жабылып калды.<br>Шаарга жөнөй турган болгондо (качан?) мага айтып кой. |

**270-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарын турган атоочтук түрмөктөрдү тапкыла.

1. Турмуштан алып чыккан билимимди, бардык дилимди сага жумшайм. 2. Эч нерсени билбес, эч адамга сырын айтпас адам да болбойт. 3. Күндө келип суу алуучу булак ушул. 4. Ар адамдын абдан жакшы көрүүчү, кадырлашып сыйлашуучу, сырларын бири-бирине айтышуучу курбулары болот эмеспи.

**271-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн толуктоочтордун милдетин аткарып турган атоочтук түрмөктөрдү тапкыла.

1. Дүйшөндүн кандай мугалим болгонун азыркы жаштар билишпейт. 2. Эртеңки кундүн кан-

дай болорун биз билген жокпуз. 3. Талаада кош айдап жүргөнүнө көп убакыт болду. 4. Кандай иш болуп кетерин мен ошондо гана түшүндүм. 5. Агаларынын күндө келип жатканына биз кубанып жүрдүк. 6. Турмуштун мындай болуп кетпесине ким каршы күрөшө алат. 7. Билек жирей албаганды, билим жирейт.



**272-көнүгүү.** Өзүңөр атоочтук түрмөк катышкан бир нече сүйлөм ойлоп, көчүрүп жазгыла. Алардын кандай мүчөлөр аркылуу уюшулуп жатканын тапкыла. Түрмөктөрдүн синтаксистик кызматын аныктагыла.

## 95-§. АТООЧТУКТАРДЫ КАЙТАЛОО ЖАНА ЖАЛПЫЛОО

**Кайталоо, жалпылоо үчүн окуучуларга берилүүчү суроолор жана тапшырмалар:**



1. Эмне үчүн атоочтуктар, чакчылдар жана кыймыл атоочтор этиштин өзгөчө формалары (түрү) деп аталат?

2. Атоочтуктар деп, этиштин кандай түрүн айтабыз? Эрежесин айтып бер.

3. Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү санагыла жана аларды катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө.

4. Атоочтуктардын этиштик, сын атоочтук белгилерин айтып бергиле, мисалдар келтирүү менен далилдегиле.

5. Кайсы учурда атоочтуктар заттык маанинде колдонулат?

6. Атоочтуктардын синтаксистик кызматын аныктагыла.

7. Атоочтуктардын оң жана терс формада айтылышына мисалдар келтиргиле.

8. Атоочтук түрмөк деп, этиштин кандай формасын (түрүн) айтабыз?

9. Атоочтук түрмөктүн синтаксистик кызматын көрсөткүлө.

10. Татаал сүйлөм менен атоочтук түрмөктүн айырмасын далилдегиле жана башка.

**273-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө, сүйлөмдөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө. Атоочтуктардын уңгу, мүчөсүн ажыраткыла. Сүйлөмдөгү атоочтук түрмөктөрдү тапкыла, эрежесин айтып бергиле.

1. Жазылган, жазылар, жазылбас, жазылуучу, жазыла элек, жазыла турган, жазылып жаткан.

2. Жамийланын араба айдап кетерине мен эч күмөн санаган жокмун. Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жашаган курдашынан айрылат.

**274-көнүгүү.** Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү санагыла. Ар бирине мисал ойлоп тапкыла. Алардын сын атоочтук же этиштик белгилерин аныктап, суроолорун бергиле.

**275-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөргө атоочтукту уюштуруучу мүчөлөрдү улагыла. Аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Анын суроолорун бергиле. Атоочтук-

тардын сын атоочтук, зат атоочтук жана этиштик белгилерин аныктагыла.

Кайтар, ойно, сүйлө, ойло, бак.

**Үлгү:** жаз, жазган, жаза турган, жазып жаткан, жазып жүргөн, жазар, жазбас, жазуучу, жаза элек.

**276-көнүгүү.** Окуп чыгып, **-ган, -ар, -бас, -уучу, -оочу, -чу, -а + (тур), -а + (жат), -а + (элек)** мүчөлөрү уланган сөздөрдү тапкыла. Алардын эмне үчүн атоочтук экенин же атоочтук эмес экенин далилдегиле. Суроолорун бергиле.

1. Эмгектенбес адам ач калат. 2. Жалкоо адам эч качан эмгектенбес. 3. Көпкө чейин көз ирмебей чыгуучу, жанталашып көп аракетене берүүчү Ышкыналы азыр үргүлөп отурат. 4. Ышкыналы көпкө чейин көз ирмебей чыгуучу, жанталашып, көп аракеттене берүүчү. 5. Калайыкты бийлеген, аял чыгат деп уккам. 6. Аял калайыкты бийлеген. 7. Ойной турган футболисттер талаага чыгышты. 8. Футболисттер талаада ойной турган.

## Атоочтуктарды морфологиялык жактан талдоонун үлгүсү

Оозеки талдоонун үлгүсү:

Окуган балдар келишти. Окуган — атоочтук, уңгусу **-оку**, буйрук ыңгай, мүчөсү **-ган**, атоочтукту уюштуруучу мүчө. Окуган *кайсы?* деген суроого жооп берип турат, *кайсы балдар*? - окуган.

Окуган — атоочтук. Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтөт.

Тартылган сүрөттөр коюлду. Тартылган

- атоочтук, уңгусу **-тарт**, буйрук ыңгай, мүчөлөрү -ыл туюк мамиле этиштин мүчөсү, **-ган** атоочтукту уюштуруучу мүчө. Кандай сүрөттөр? — тартылган.

Баруучу кишилер. Баруучу — атоочтук, уңгусу — бар, буйрук ыңгай, мүчөсү -уучу, атоочтукту уюштуруучу мүчө. Кайсы кишилер? — баруучу.

Айтылбас сөздөр айтылды. Айтылбас - атоочтук, уңгусу **-айт**, буйрук ыңгай, мүчөлөрү **-ыл**, туюк мамиле этиштин мүчөсү, **-бас**, атоочтукту уюштуруучу мүчө. Кандай сөздөр? — айтылбас.

**Жазуу жүзүндөгү талдоонун үлгүсү:**

Окуган, тартылган, баруучу, айтылбас, **же оку + ган, тарт + ыл + ган, бар + уучу, айт + ыл + бас.**

**277-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөргө атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү **(-ган, -ар, -бас, -уучу, -оочу, -а + тур, жүр, -ып жүргөн)** улап, сүйлөм ойлоп жазгыла.

Жаз, ал, тур, бар, оку.



**278-көнүгүү.** Өзүңөр атоочтуктарга мисал ойлоп тапкыла. Алардын синтаксистик кызматын аныктагыла. Эмне үчүн атоочтуктар этиштин өзгөчө формасы экендигин далилдегиле.

Үйүңөрдөн атоочтуктарды катыштырып, окуган адабий чыгармаңар боюнча өзүңөр каалаган темада дилбаян жазып келгиле.

## 96-§. ЧАКЧЫЛДАР

Чакты жана жакты көрсөтпөй туруп, негизги этишти тактап көрсөтүү үчүн анын кошумча кыймыл-аракетин билдирген, сүйлөм ичинде бышыктоочтук милдет аткарган **этиштин өзгөчө түрү чакчылдар** деп аталат.

Чакчылдар накта чакчылдык мааниде турганда *кантип? кандай? кайсы убакка чейин? качан? качанга чейин качантан бери? эмнеликтен? эмнеге? эмне үчүн? эмне себептүү?* деген суроолорго жооп берет. Чакчылдарды төмөнкү мүчөлөр уюштурат:

Чакчылдар ар дайым эле кошумча кыймыл-аракетти билдире бербейт. Кээ бир учурларда **-а, -й, -ып, -ганы** мүчөлөрү аркылуу уюшулган чакчылдар татаал этиштерди уюштурууга активдүү катышат да, негизги кыймыл-аракетти билдирет. Кошумча кыймыл-аракетти андан кийинки айтылган этиштер аткарып калат.

Мисалы: *ала бар, келе бер, барып кел, көрүп бер, сатып ий, чаап жибер, карай калды, сурай берди, алганы келди, сүйлөгөнү жатат, окуганы барды жана башка.*

| Чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөр | Мисалдар: |
| --- | --- |
| 1. -ып (-ип, уп, үп), -п: | Жамийла жылмайып (кантип?) күлдү. Душман сүйдүрүп (кантип?) айтат, тууган күйдүрүп (кантип?) айтат. Эл үчүн эмгектенип (кантип?) келе жатабыз. |
| 2. -а,(-е,-о, -ө), -й, -бай (-ба+й): | Жигит мактана (кандай?) сүйлөдү. ал баарыбызды тегерете (кандай?) карады. Анын сүйлөй бербей (кандай?) адаты бар. Биз тынбай (кандай?) иштедик. |
| 3. -ганы, -каны (варианттары менен) | Окуучулар агайларына учурашканы (эмнеге? эмне үчүн?) келишти. Аңгемени баштаганы - Мыскалды уксун дегени. Шаарга келгени (качан? качантан бери?) турмуш оңолду. |
| 4. -ганча (-гыча), -канча (-кыча): (варианттары менен) | Чарчаганча (качанга чейин?) иштедик. Ал келгенче (качанга дейре?) күтөбүз. Таң аткыча (качанга дейре? качанга чейин) отурдук. |
| 5. -майынча (-мейинче, моюнча, -мөйүнчө): | Окумайынча (эмне үчүн?) билбейсиң. көрмөйүнчө (эмне үчүн?) ишенбейм. Сен келмейинче (эмне үчүн?) барбайм. |
| 6. -гычакты (-кычакты): (варианттары менен) | Күн баткычакты (качанга чейин?) иштедик. Биз кеткичекти (качанга чейин?) жолугушабыз. |

*Биз ала бардык. Алар келе берди. Мен барып келдим. Салый карай калды. Абды сүйлөгөнү жатат жана башка.*

*Алтмыш айры ак бугу, Арбандап кача бергени. Абалкандын Жаныбек, Ага шилтеп*

*салганы. Ак бугуга карабай, Асмандап сызып калганы.*

**279-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөргө чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөрдү улап, сүйлөм түзгүлө. Чакчылдардын эрежесин айтып бергиле.

Жаз, оку, иште, аткар, ойно, күл.

**Үлгү:** бас + ып, баса (берди, отурду), басканы, басканча (баскыча), басмайынча, баскычакты жана башка.

**280-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчылдарды тапкыла. Чакчылдарды уюштурган мүчөлөрдү ажыраткыла.

1. Танабай өргө чыккычакты чыдабай кетер эле. 2. Артынан жоо кууп келаткансып, камчыланып, катуу-катуу теминип жиберчү. 3. Гүлсарынын жонуна ээр токулганы, белине басмайыл тартылганы ар кандай жолдор менен жүрүп келди. 4. Танабай арыктагы суудан кош уучтап, колунун салааларынан агып кеткиче, аптыгып, жута берчү.



**281-көнүгүү.** Окуп чыгып, чакчылдарды гана көчүрүп жазып, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Жапар заводдон иштегени келди. 2. Эки жагына карабай арабакеч аттарын чарчагычакты айдады. 3. Ай чыккычакты кырманда иштеп жүрдүк. 4. Айшанын жакшы иштегени бизге аябай жакты. 5. Таң атканча иштедик. 6. Жакшы эмгектенип, жакшы иштемейинче, жакшы турмуш кайда? 7. Акча издегиче, арга изде.

## 97-§. ЧАКЧЫЛДАРДЫН БЕЛГИЛЕРИ. ЧАКЧЫЛДАРДЫН ТАКТООЧКО ОКШОШ БЕЛГИЛЕРИ

Чакчылдарда этиштик жана тактоочтук белгилер бар. Ошондуктан алар этиштин өзгөчө формасы болуп саналат.

Чакчылдар да, тактоочтор да негизги кыймыл-аракеттин аткарылышындагы ар түрдүү кырдаалын (максатын, себебин, мезгилин жана башка) билдирет. Мисалы: *Ал үстөлүнө кат жазганы отурду. Биз силерди издеп келдик. Балдар бүгүн окуганы келишет (максат). Ынтымак болбой, эл оңолбойт. Көп иштебей, курсагың тойбойт (шарт). Бекташ уялып, сүйлөй алган жок. Кечикпей барайын деп, бүгүн эрте турдум (себеп). Мен ага окууга баратып жолуккам. Орто мектепти бүткөнү көп жолдошторумду көрө элекмин. Жакшы окуучулар тандалып алынмайынча, жеңип чыга албайбыз (мезгил).*

Кээ бир тактоочтор сыяктуу айрым чакчылдарга сын атоочтун салыштырма даражасынын **-ыраак** мүчөсү уланып айтылат.

| Тактоочтор (-ыраак) | Чакчылдар (-ыраак) |
|---|---|
| тез - тезирээк,<br>жана - жанараак,<br>кеч - кечирээк,<br>өйдө - өйдөрөөк,<br>ылдый - ылдыйыраак,<br>эми - эмирээк,<br>көп - көбүрөөк | Алтынай Сулайманова бир аз кечигибирээк келди.<br>Данияр шашылыбыраак сүйлөдү. Ысмайыл сурданыбыраак отурду.<br>Сейде бир аз шашыбыраак үн катты. Баланын ыраңы сүйүнүбүрөөк көрүндү. |

Чакчылдар да тактоочтор сыяктуу эле этиш сөздөр менен байланышып, сүйлөм ичинде бышыктоочтун милдетин аткарат.

Мисалы: *Айткулу шашып турду, мыктап курчанды. Жамийла Даниярды күлүмсүрөй карады. Тойчубек келгени жыргай түштүк. Күн кылкылдап батып бара жатат. Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат жана башка.*

**282-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Чакчылдарга суроо берип, тактоочко окшогон белгилерин аныктагыла. Чакчылдарды уңгу мүчөгө ажыраткыла.

1. Биз күн баткыча иштедик. 2. Инкамал апай катты шаша-буша окуп чыкты. 3. Танабай четтебирээк турду да, улакчыларды карап жатты. 4. Станок шакылдап, иштей баштады. 5. Ал айтмайынча билбейт элем. 6. Мектепти бүткөнү көп жоро-жолдошторумду көрө элекмин.

**283-көнүгүү.** Чакчылдардын тактоочко окшош белгилерин түшүндүргүлө. Оозеки мисалдар келтирүү менен далилдегиле. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн негизги кыймыл-аракеттин максатын, себебин, мезгилин жана башка билдирген кошумча кыймыл-аракетти тапкыла.

1. Танабай Гүлсарыны жазбай тааныды. 2. Биз силер менен сүйлөшкөнү келдик. 3. Сүйлөй-сүйлөй чечен болот, көрө-көрө көсөм болот. 4. Бурулча кымызды толтуруп куйду.



**284-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, чакчылдарга суроо бергиле жана анын тактоочко окшогон белгилерин аныктагыла. Чакчылдарды уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Карагайдын көк-жашыл бүчүрлөрү, бутактары жайылып, кээде теңселип, шуулдай берди. 2. Күлүйпа Сайраны жетелеп келип, биринчи класстын балдарына кошуп отургузду. 3. Мугалим кегиче, Бүбү күтүп турду. 4. Тентинин болжогону келбеди, жамгыр нөшөрлөп жаап, түш оой басылды. 5. Танабай бүгүн шашылыбыраак жөнөдү.

## 98-§. ЧАКЧЫЛДАРДЫН ЭТИШКЕ ОКШОШ БЕЛГИЛЕРИ

Этиштер негизги кыймыл-аракетти билдирсе, чакчылдар анын кошумча кыймыл-аракетин билдирет.

Мисалы: *Ажардын үнү каргылданып чыкты. Биз чарчагычакты иштедик. Алар катталганы келишти.*

Жогорку үч сүйлөмдүн ар биринде экиден кыймыл-аракет бар. Сүйлөмдөрдөгү чыкты, иштедик, келишти деген этиштер негизги кыймыл-аракетти, каргылданып, чарчагычакты, катталганы деген этиштер кошумча кыймыл-аракетти билдирди.

Чакчылдар мамиле этиштин мүчөлөрүнөн кийин да уланып, мамилелик маанини да билдирет. Мисалы:

Иштеш (кош мамиле)
- -ып
- -а
- -й
- -ганы (-галы)
- -ганча (-гыча)
- -майынча
- -гычакты

Жаздыр (аркылуу мамиле)
- -ып
- -а
- -й
- -ганы (-галы)
- -ганча (-гыча)
- -майынча
- -гычакты

Этиштер жак, чак боюнча өзгөрсө, чакчылдар чакты, жакты көрсөтө албайт, чакты өзүнөн кийинки айтылган негизги этиш билдирет.

Мисалы: *Алар жолго камынып жатышат. Чүй боорундагы элдер келип конушту. Эл бул тууралуу сөз укпай тарай баштады. Мунун сырын укмайынча билбедик. Айткулу келгиче, көчүп калдык. Бухараны көргүчөктү келебиз жана башка.*

Эгерде **-ып, -а (-е, -о, -ө), -й** мүчөлөрү уланган чакчылдардан кийин жак, чак мүчөлөр уланып айтылса, нагыз этиш катарында колдонулуп, баяндоочтук милдетти аткарат. Мисалы:

## Жак боюнча

| I жак | III жак | III жак |
|---|---|---|
| Мен барыпмын<br>Мен барамын<br>Мен окуймун<br>Биз барабыз<br>Биз окуйбуз<br>Биз жазабыз | Сен барыпсың<br>Сен барасың<br>Сен окуйсуң<br>Силер барасыңар<br>Силер окуйсуңар<br>Силер жазасыңар | Ал барыптыр<br>Ал барат<br>Ал окуйт<br>Алар барышат<br>Алар окушат<br>Алар жазышат |

## Чак боюнча

| Учур чак | Келер чак | Өткөн чак |
|---|---|---|
| Мен окуп отурамын<br>Абыл келе жатат<br>Алар жазып жатышат<br>Күн жаап турат | Биз барып калабыз<br>Силер күтүп аларсыңар<br>Шаарда окуй алам<br>Мен кайта келем | Айша келип кеткен<br>Киного бара берчүбүз<br>Ал көп ойнобой калды<br>Азыр шаарда адашпай калгам |

**285-көнүгүү.** Жогорку эрежени өз алдыңарча окуп чыгып, чакчылдардын этишке окшош белгилерин үйрөнгүлө. Кошумча кыймыл-аракет менен негизги кыймыл-аракетти ажыраткыла.

**286-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөргө чакчылдарды уюштурган **-ып, -а, -й, -ганы (-галы), -ганча (-гыча), -майынча, -гычакты** мүчөлөрүн улагыла. Аларды катыштырып, кошумча кыймыл-аракетти билдиргендей мааниде сүйлөм ойлоп жазгыла.

Сура, сүйлө, башта, тегизде, изде, токто, кел, кал.



**287-көнүгүү.** Өзүңөр жогорку жадыбалды пайдаланып, үйдөн жак жана чактардын ар бирине бирден сүйлөм түзүп келгиле.

## 99-§. ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨК ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Чакчыл мүчөлөр **-ып, -а (-е, -о, -ө), -й, -ганы (-галы), -ганча (-гыча), -майынча)** менен аяктаган, сөз тизмектери бир нече сөздөрдүн байланыштуу тизмегинен туруп, алар биригип келип, бир гана суроого жооп берген, бир гана сүйлөм мүчөсүнүн (бышыктоочтун) милдетин аткарган сөздөр чакчыл түрмөк деп аталат.

Чакчыл түрмөктөргө *кантип? эмне үчүн? канчага чейин? качантан бери? качан?* деген суроолор берилет.

Мисалы: *1. Акбаранын соңунан желе-жортуп, Ташчайнар барат. 2. Атасынын ооруганын биле коюп, Ысман бөбөктөрүн кучактады. 3. Шаарга көчүп келгени, Бейшендин окуусу жакшырды. 4. Сабагымды жакшылап окуюн деп, Бейше көп аракеттенди. 5. Жакшылап эмгек кылмайынча, жашоо да оңолбойт.*

Жогорку биринчи сүйлөмдөгү Акбаранын соңунан желе-жортуп деген сөз тизмеги чакчыл *түрмөк кантип?* деген суроого; экинчи сүйлөмдөгү атасынын ооруганын биле коюп деген чакчыл түрмөк *эмне үчүн?* деген; үчүнчү сүйлөмдөгү шаарга көчүп келгени деген чакчыл түрмөк *качантан бери?* деген; төртүнчү сүйлөмдөгү сабагымды жакшылап окуюн деп деген чакчыл түрмөктөр *эмне үчүн?* деген; бешинчи сүйлөмдөгү

жакшылап эмгек кылмайынча деген сөз тизмеги *эмнеликтен?* деген суроолорго жооп берип, бышыктоочтун милдетин аткарды.

**Чакчыл түрмөктөргө коюлуучу тыныш белгилер төмөндөгүдөй:**

1. Сүйлөмдүн башында келсе, өзүнөн кийин үтүр коюлат.

Мисалы: *Таягына сүйөнүп, Каныбек бийик асканын башында ырдап турат. Күндөп-түндөп жол жүрүп, Жеңижок Аксыга келди. Эч бир балага ыркын кошпой, Өмүрбек четте турду. Алардын ары-бери баскан турганы, айрымдарынын жөн гана эс алып жатканы Ажардын көзүнө элестеди.*

2. Сүйлөмдүн ортосунда келсе, эки жагына үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: *Асанаалы, өзүнүн жолдошунун келе жатканын көрүп, токтоп калды. Окуучулар, китепканада отурган агайын көрүшмөйүнчө, ийилип саламдашпайт эле. Абылдын, Асандан жаман сөздү укканы*, зээни кейиди.

3. Сүйлөмдүн аягында келсе, өзүнөн мурун үтүр коюлат.

Мисалы: *Машина айдап келе жаткан ким экен? — деди атасы, уулуна улам-улам карап. Окуучуларды класска киргиле деген белги берди, коңгуроонун чырылдап кагылганы. Отургандар бат эле тарап кетишти, бир жыйынтыкка келип-келбей.*

4. Чакчыл түрмөктөр бир өңчөй болуп да келе берет.

*Мисалы: Аккуласын алкынтып, кырк чоросун жулкунтуп, Манас баатыр келе жаткансыйт. Мылтыгын асынып, ок-дарысын камдап, үй-бүлөсүн жайлаштырып, Кожожаш Суречкинин артынан түштү. Көзүн акырын ачып, Ажарды жалдырап карап, Батма бир нерсе айтмакчы болду. Күрсө-күрсө жөтөлүп, Семетейди көтөрүп жүргөндүр байкуш Чыйырды.*

1. Чакчыл түрмөктөрдө баш мүчөлөр болбойт, эгер баш мүчөлөр болуп калса, чакчыл түрмөктүк касиетинен толук ажырайт да, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочторунан болушат.

Мисалы: *Март айы жаңырып, жаз келип, сөөк жукарып, качкындар малдарын сатышып, кыштан аман-эсен чыгышты. Күн чакчайып, чак түш болуп, ысык күчөп, мээ кайнатып турат. Күн бүркөлүп, жамгыр себелеп, жерди жөө туман каптап, Кожомкулдун айылы көрүнбөйт.*

2. Бир өңчөй чакчыл түрмөк болуш үчүн алардын составында айкындооч мүчөлөрдүн орун алышы негизги шарт.

Мисалы: *Баланы жонуна мингизип алып, артуу-артуу белди ашып, аябай кыйын жол басып, карышкыр жүрүп отурду. Кушту көрүп, сүйүнүп кетип, карышкырдын айткан сөзүн унутуп калып, бала анын боосунан кармады. Сарайга кирип барып, алтын көкүл атты көрүп, эсинен танып кала жаздап,*

*бала карышкырдын сөзүн дагы унутуп койду. Менин сөзүмдү угуп болмоюнча, кептин кызыгын угуп бүтмөйүнчө, карыялар үйлөрүнө тарашкан жок. Шаарга жеткенче, шаар менен таанышкыча, санаабыз санга бөлүндү.*

**288-көнүгүү.** Төмөнкү үлгү боюнча көп чекиттин ордуна чакчылдарды уюштурган мүчөлөрдү таап жазып, алардын чакчыл же чакчыл түрмөк экенин аныктагыла.

**Үлгү:** Уулдуу болгондон тарт... (тартып, тарта) Амандык ушул Акшыйракта жашап келе жатат.

1. Аба-ырайынын суук болгонуна кара... биз алга жүрө бердик. 2. Төө-Ашуунун белине чык... караңгы түшүп калды. 3. Чоң арабакечтерди туур..., камчыны сүйрө..., жай-баракат бастым. 4. Сени окусун де..., ата-энеңди шарт түзүп бер... мага жагат. 5. Алиман жардам берди, апасынын чарчап келгенин биле коюу... .

**289-көнүгүү.** Өзүңөр чакчыл түрмөктөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм ойлоп тапкыла. Баяндоочтук милдет аткарып турган чакчыл түрмөктөрдү ажыраткыла.



**290-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, чакчыл түрмөктөрдү тапкыла. Эмне үчүн үтүр коюлуп жатканынын себебин түшүндүргүлө, эрежесин айтып бергиле.

1. Суудан кечүүгө даярданып, этегин белине кыстарып, таягын колуна алып, Бектур-

ган суунун маңдайын карады. 2. Ал катуу-катуу сүйлөдү, арабадан ыргып түшүп. 3. Бектурган эки жагын каранып, ордунан турду. 4. Эки жагын каранып, Бектурган ордунан турду. 5. Оокаттанып алып, анан жөнөбөсөк, азыр кете турган оюбуз жок. 6. Азыр жөнөйбүз, шашпай оокаттанып алып.

## 100-§. КАЙТАЛОО (ЖЫЙЫНТЫКТОО) САБАГЫ

**Чакчылдарды жана чакчыл түрмөктөрдү морфологиялык жактан талдоонун тартиби**

Жазуу жүзүндөгү талдоонун үлгүсү:

*Томсоруп, бармайынча, алганча же томсоруп//,бар//майынча, ал//ганча.*

***Жаман керкисин белине кыстарып алып, Козубек эртең менен кеткен.***

Бул сүйлөмдөгү жаман керкисин белине кыстарып алып деген чакчыл түрмөк, кантип? деген суроого жооп берди, жайылма бышыктоочтун милдетин аткарды. Чакчыл түрмөктөрдөн кийин үтүр белгиси коюлду.



Чакчылдарды катыштырып, «Жаратылышты коргойбуз» деген темада чакан дилбаян жазып келгиле.

## 101-§. КЫЙМЫЛ АТООЧТОР

Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, жөндөмө, таандык, көптүк **(-лар)** мүчөлөрү менен өзгөргөн, өзүнө тиешелүү мөчөлөр аркылуу жасалып, этиштик жана зат атоочтук касиетке ээ болгон, сүйлөм ичинде көбүнчө ээлик, толуктоочтук, кээде аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарган этиштин өзгөчө формасы (түрү) **кыймыл атооч** деп аталат.

Кыймыл атоочтор төмөндөгүдөй мүчөлөр аркылуу жасалат:

| Мүчөлөрү | Мисалдар |
|---|---|
| -оо, -өө: | иштөө, ойлоо, баштоо, жасоо, баалоо, сүйлөө, жазалоо, айыптоо ж.б. |
| -уу, -үү: | келүү, кетүү, баруу, туруу, куруу, билүү, көрүү, ашыруу, жазуу ж.б. |
| -ыш (-иш, -уш, -үш), -ш: | жазыш (кат), бериш (сөз), ырдаш (ыр), иштеш (иш), сүйлөш (сөз) ж.б |
| -мак, (-мек), (-мок, -мөк): | көрмөк, билмек, алмак, бапмак, сүйлөмөк, окумак, бакмак, айтмак ж.б. |
| -май, (-мей, -мой, -мөй): | окумай, жазмай, бармай, турмай, ойномой, ырдамай, билмей ж.б. |

**291-көнүгүү.** Өзүңөр төмөнкү үлгү боюнча этиш сөздөргө жогорку кыймыл атоочту уюштуруучу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Кыймыл атоочту жасоочу мүчөлөрдү үйрөнгүлө. Кыймыл атоочторду

уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Эмне үчүн кыймыл атооч этиштин өзгөчө формасы (түрү) экенин далилдегиле.

Жаз, иште, кел, сүйлө, ойно, бер, бар.
**Ү л г ү:** кур, куруу, куруш, курмак, курмай.

**292-көнүгүү.** Окуп чыгып, кыймыл атоочторду тандап, көчүрүп жазгыла. Алардын кандай суроолорго жооп берип турганын, кандай мүчөлөр аркылуу уюшулганын айтып бергиле.

1. Гүлсары суу ичмекке кетенчиктеп, катардан чыкмакка аракеттенди. 2. Найза саймак эрдиктен, ат жоорутмак тердиктен. 3. Айгүлдүн жүрүш-турушу токтоо. 4. Жол тосууга Дарыяхан кетти. 5. Чачты сылап коюп, биринчи курска барып отуруп калмай. 6. Ат арытмак арзан, журт арытмак кымбат.



**293-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочторду тапкыла. Кыймыл атоочтун эрежесин айтып бергиле. Кандай мүчөлөр аркылуу уюшулуп жатканын далилдегиле.

1. Болуштукту талашуу элди бузат. 2. Илим үчүн күрөшүү келечек үчүн күрөшүү болот. 3. Турмушту түшүнүү, дүйнөнү таануу, коомдук өнүгүштү алга жылдыруу дегендикке жатат. 4. Эгин айдоо байлык айдоого барабар. 5. Чака чапмай, тыйын эңмей, көк бөрү тартмай, жаа тартмай, селкинчек тепмей оюндары башталды.

## 102-§. КЫЙМЫЛ АТООЧТУН ЗАТ АТООЧКО ОКШОШ БЕЛГИЛЕРИ

Зат атооч заттардын, буюмдардын жана башкалардын аттарын билдирип, *ким? эмне? кимдер? эмнелер?* деген суроолорго жооп берсе, кыймыл атооч кыймыл аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, эмне? эмнеге? деген зат атоочтун суроосуна жооп берет.

Мисалы: *Жакшы иштөөгө (эмнеге?) үйрөндүк. Алмактын бермеги (эмнеси?) бар. Билим алуу (эмне?) ийне менен кудук казгандай. Анын сөз баштамагы (эмнеси?) кыйын болду. Жардам беришке (эмнеге?) биз даярбыз. Келе жатышкан Каныбектер бизди көрмөксөнгө (эмнеге?) салышты.*

Кыймыл атоочтор чак жана жак мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Ошондуктан аларга жакчыл таандык, жөндөмө жана көптүк **-лар** мүчөлөрү улана берет.

**-мак** мүчөсү кыймыл атоочту да, максат (ниет) ыңгайды да уюштура берет. Бирок буларды төмөндөгүдөй айырмалоого болот.

1. Эгерде **-мак** мүчөсү уланган сөздөр этиш сыяктуу чак, жак мүчөлөрү менен өзгөрбөй, жөндөмө, аз да болсо таандык мүчөлөр менен өзгөрүп, заттык мааниде колдонулса, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарса, кыймыл атоочтук мааниде кодонулат. Мисалы:

2. Эгерде **-мак** мүчөсү уланган сөздөр жак мүчөлөр менен өзгөрсө, этиштин суроолоруна жооп берсе, максат (ниет) ыңгайдын маанисинде колдонулат.

Мисалы: *келмек+мин келмек+сиң, келмек+сиз, алмак+мын, алмак+сың, алмак+сыз* ж.б.

Ал шаарга бармак, кайра келмек, соода-сатык иштерин жүргүзө бермек. Айткулу калмак болуп, Сагындын алдына барды. Биз ынтымактуу болсок, аларды алып коймокпуз. Сен буларды кимден, кайдан алмаксың?

Максат (ниет) ыңгайды уюштурган **-мак** мүчөсүнөн кийин эмес, бол, эле, экен деген көмөкчү этиштер менен айкашат. Келмек эмес, бармак болду, жазмак эле, окумак экен ж. б.

**294-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кыймыл атоочторду тапкыла. Кандай суроолорго жооп берээрин аныктагыла.

1. Көпчүлүк менен иштөө, көпчүлүктүн талабын аткаруу, көпчүлүккө коюлган талапты орундатуу — эң татаал жумуш. 2. Петя кыргыз тилин үйрөнмөккө Байыш менен дос болду. 3. Анын сабактан кечикмей адаты калды. 4. Айша шаарда калмак (калмай) болду. 5. Максутту жыгач усталыкка үйрөтүш устага кыйын.

**295-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөн **-ш (-уш, -үш, -иш), -мак, -май, -оо, -уу, -үү** мүчөлөрү уланган кыймыл

атоочторду көчүрүп жазгыла. Алардын эмне үчүн кыймыл атооч экенин түшүндүргүлө. Эмне себептен зат атоочко окшошуп жатканын суроо берүү аркылуу айтып бергиле.

1. Кымбаттуу, ата! Мага шаардан окуш өтө эле кыйын болду. 2. Ысмайылдын согуштан качып келгенин Сейде билмексенге, көрмөксөнгө салчу. 3. Танабайдын короону аралап көрмөй, санаасын тындырмай адаты бар. 4. Менин бүгүн районго баруума каршы эмессизби? 5. Сабитахундун негизги оюу Ажарды өзүнө алууда. 6. Качкындардын күн өткөн сайын жашоосу кыйындады.



**296-көнүгүү.** Төмөнкү үлгү боюнча кыймыл атоочко жөндөмө, таандык **(-ым, -ын, -ы)** жана көптүк **(-лар)** мүчөлөрдү улагыла. Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилерин айтып бергиле. Жогорку мүчөлөр уланган кыймыл атоочторду кошуп, оозеки сүйлөм түзгүлө.

Иштөө, куруу, жүрүш, бермек, бармай.

**Үлгү:** жашоонун, жашоого, жашоом, жашооң, жашоолор.

## 103-§. КЫЙМЫЛ АТООЧТУН ЭТИШКЕ ОКОШ БЕЛГИЛЕРИ

1. Кыймыл атоочтордо этишке мүнөздүү болгон кыймыл-аракеттик маани сакталат. Мисалы: Сайма **саюу** — чоң өнөр. Ага **сөз айтыш** кыйын. Улуудан уялыш, кичүүдөн

**ийрмениш** жакшы. Жан сактамай — оной, адам болмок — кыйын. Биздин милдет — элге туура **түшүндүрүү.** Олтуруш көпкө созулду.

Кыймыл атоочтун атоочтук белгилерине караганда этиштик белгилери басымдуулук кылат. Ошондуктан кыймыл атоочтун мүчөлөрү мамиле этиштин мүчөлөрүнөн кийин улана берет. Кыймыл атооч кайсы мамиле этиштен жасалса, ошол мамиленин мааниси сакталат.

Мисалы: **-оо, -уу -ыш, -мак** мүчөлөрү уланган сөздөр дайыма эле кыймыл атоочту уюштура бербейт, алар кээде заттык, сын сыпаттык мааниде колдонулат: окуу, жазуу, батыш, чыгыш, суроо, тааныш, күрөш, уруш, чабыш,өрмөк,оймок жана башкалар.

Мисалы: *Жазуу адам баласынын турмушунда чоң роль ойнойт.*

*Окуу эрте* башталат. *Тааныш* кишилер келишти. *Курөш* көпкө созулду. Балдар *табышмак* айтышты. Мен алыш-бериш жасадым.Энем өрмөк согуп олтурат.

**-ыш** мүчөсү уланган этиштер дайыма эле кыймыл атоочту уюштура бербейт.

1. Эгерде **-ыш** мүчөсү уланган этиштер кыймыл-аракеттин бир нече адам тарабынан аткарылгандыгын билдирип, этиштин суроолоруна жооп берсе, кош мамиле этишти уюштурат.

Мисалы: *Алар сууну кечип чыгышты, өйдө*

*бурулушту. Келин-кесектер бирин-бири түртүшүп, күбүрөшүп, жымыңдашып күлүштү.*

2. Эгер **-ыш** мүчөсү уланган этиштер кыймыл аракеттин атын билдирсе, кыймыл атооч болот да, *эмне?* деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Күүгүмдөгү улак тартыш, ат чабыш, оюндун кумарына каныш кандай кызык.*

**297-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочту тапкыла. Анын этиштик белгилерин түшүндүргүлө. Кайсы мүчөлөр кыймыл атоочту уюштурарын айтып бергиле.

1. Жаа тартмай, тыйын эңмей, жамбы атмай эми башталат. 2. Эмгеги аздын өнмөгү аз. 3. Эрден ашмак бар, элден ашмак жок. 4. Бийиктиктен секирүү — чыныгы чеберчилик. 5. Эл алдында сөз сүйлөш оңой эмес. 6. Адам өзүнүн жүрүш-турушун туура сактап жүрүү керек.

**298-көнүгүү.** Өзүңөр жогорку жадыбалдагы этиштин мисалдарын катыштырып, мисал ойлоп таап, ага кыймыл атоочтун мүчөлөрүн улагыла. Эмне үчүн кыймыл атоочтордо этиштик белгилер басымдуулук кыларын далилдегиле. Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилерин түшүндүргүлө.



**299-көнүгүү. -оо, -уу, -ыш, -мак** мүчөлөрү уланган сөздөр качан кыймыл атоочтук, качан заттык, сын-сыпаттык мааниде колдонуларын оозеки далилдеп, мисалдар келтиргиле.

## 104-§. КЫЙМЫЛ АТООЧТУН СИНТАКСИСТИК КЫЗМАТЫ

Кыймыл атоочтор сүйлөм ичинде ээлик, толуктоочтук, кээде аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат.

Мисалы: Эр-азаматтар жоо менен беттешүүгө *(кайда?)* аттанышты. Эгин-тегиндерин жыйнаштырууга *(эмнеге?)* киришишти (максат бышыктооч). Өткөндөгү окуядан кеп салууну *(эмнени?)* жакшы көрөт. Шашып иштөөнү *(эмнени?)* каалаган эмес. Инисинин жүдөшүн *(эмнесин?)* агасы адегенде жол тартып келгендиги чыгар деп ойлоду (толуктооч). Тартыштар *(эмнелер?)* башталды. Колдогу бирин-эки чолокторубузга ээ кылбай, ылоого минип кетиш *(эмне?)* көбөйдү. Бул өзөндү сүрөттөмөк кыйын. Тоолуу-таштуу жерлерде эчки кайтаруу *(эмне?)* азап. Ээрде олтурушу *(эмнеси?* - ээ) кыт куйгандай бекем.

**300-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочторду тапкыла. Эмне үчүн кыймыл атооч экенин түшүндүргүлө. Уланган мүчөлөрүн ажыраткыла. Сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын аныктагыла, суроолорун бергиле.

1. Жапарга ата-энесинин кайда турарын билүү кыйын болду. 2. Көпчүлүк эл ушул аттамактан өтүшөт. 3. Анын ушундай келбей калмай адаты бар. 4. Биз бүгүн кеч кайтмай болдук. 5. Менин

окушумду көргөндөр ыракмат гана айтышар. 6. Спорт менен машыгуу, көнүгүү — ден соолуктун негизи. 7. Билим алуу оной-олтоң иш эмес да.

**301-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, **-ыш** мүчөсү уланган сөздөрдү тапкыла. Аларга суроо берүү аркылуу этиш же кыймыл атооч экенин аныктагыла. Синтаксистик кызматын айтып бергиле.

1. Ишти аткарышты. 2. Окутуш — менин милдетим. 3. Алар жакшы окуп жатышат. 4. Окуш, жардамдашыш мага кыйын эмес. 5. Талаш-тартыштын пайдасы жок. 6. Дурус окушу мүмкүн. 7. Окуштун да окушу бар.



**302-көнүгүү.** Төмөнкү кыймыл атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Алар ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарып тургандай болсун. Кыймыл атоочтун эрежесин айтып бергиле. **Сүйлөшүү, сырдаш, окумаксан, ырдоо, бармай алыш-бериш** жана башкалар. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн **-мак** мүчөсү уланган сөздөрдү таап, алардын кыймыл атооч же максат (ниет) ыңгай экенин далилдегиле, сүйлөм мүчөлөрүнө ажыраткыла.

1. Ысык күндө муздак суу ичмек кайда. Беккул экөөбүз шаарга бармакпыз. Түн киргиче шаардын көп жерин кыдырып чыкмак болдук. Шаарга киргенде бөлүнүп кетмек элек. Болжошкон жерден жолугушмакпыз. 2. Баланын тосмо таштардан секирип өтмөгү, зыпылдап жөнөмөгү кыйын болду. Келмек турсун дайыны да жок. Китеп жазмак кыйын, чыгармагы оной.

# МАЗМУНУ

**ЛЕКСИКА, ФРАЗЕОЛОГИЯ ЖАНА ЛЕКСИКОГРАФИЯ** ........................................ 4
1-§. Кыргыз тилинин сөздүк курамы .................... 4
2-§. Кесиптик сөздөр ............................................ 5
3-§. Диалектилик сөздөр........................................ 6
4-§. Терминдер ...................................................... 8
5-§. Эскирген сөздөр............................................. 10
6-§. Жаңы сөздөр .................................................. 11
7-§. Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк.............. 13

**ЛЕКСИКОГРАФИЯ** ............................................. 17
8-§. Лексикография жөнүндө түшүнүк.................. 17
9-§. Атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр.................. 21
10-§. Атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр ................ 22
11-§. Этиштен атооч жасоочу мүчөлөр.................. 24
12-§. Этиштен этиш жасоочу мүчөлөр ................. 26
13-§. Сөз жасоонун синтаксистик жолу. Татаал сөздөр ................................................................ 27
14-§. Кош сөздөр..................................................... 29
15-§. Кошмок сөздөр .............................................. 31
16-§. Кыскартылган сөздөр ................................... 32
17-§. Кыскартылган сөздөрдүн жазылышы ......... 33
18-§. Орфография жана орфоэпия. Кыргыз орфографиясынын негизги принциптери ............. 34
19—22-§. Кыргыз орфографиясынын негизги эрежелери ........................................................... 36

**МОРФОЛОГИЯ ЖАНА ОРФОГРАФИЯ** ........... 47
23—30-§. Зат атоочтун V класстагы өтүлгөн материалдарын кайталоо ...................................... 47

**ЗАТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШ ТИПТЕРИ**........ 64
31-§. Аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү ........................................................ 64
32-§. Аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү ........................................ 66
33-§. Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтун жөндөлүшү ........................................ 67
34-§. Таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочтун жөндөлүшү........................................................ 68
35-§. Аягы -ск,-нк,-фть,-кт,-нг,-нд,-мн тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү ........................................................ 70
36-§. Зат атоочтун жакталышы ............................ 72
37-§. Зат атоочко морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби........................................ 74
38—44-§. Сын атооч. ............................................ 75
45—56-§. Сан атооч.............................................. 88
57—73-§. Ат атооч ............................................ 108
74-§. Этиш ............................................................ 139
75-§. Этиштин ыңгайлары.................................... 140
76-§. Баяндагыч ыңгай......................................... 142
77-§. Буйрук ыңгай ............................................. 144
78-§. Шарттуу ыңгай........................................... 146
79-§. Каалоо-тилек ыңгай ................................... 148
80-§. Максат-ниет ыңгай...................................... 150
81-§. Этиштин ыңгайларын морфологиялык жактан талдоонун тартиби.......................................... 152
82-§. Этиштин мамилелери .................................. 153
83-§. Негизги мамиле........................................... 155
84-§. Кош мамиле ................................................ 156

85-§. Өздүк мамиле ........................................................ 157
86-§. Туюк мамиле ........................................................ 159
87-§. Аркылуу мамиле .................................................. 160

**ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ** .............. 162
88-§. Атоочтуктар. Атоочтуктардын морфологиялык жол менен жасалышы .................................................. 162
89-§. Атоочтуктардын синтаксистик жол менен жасалышы..................................................... 164
90-§. Атоочтуктардын этиштик белгилери........... 165
91-§. Атоочтуктардын сын атоочко окшош белгилери........................................................................ 168
92-§. Атоочтуктардын заттык мааниде колдонулушу ........................................................... 170
93-§. Атоочтуктардын синтаксистик кызматы...... 172
94-§. Атоочтук түрмөк............................................ 175
95-§. Атоочтуктарды кайталоо жана жалпылоо.... 178
96-§. Чакчылдар..................................................... 182
97-§. Чакчылдардын белгилери. Чакчылдардын тактоочко окшош белгилери ................................. 185
98-§. Чакчылдардын этишке окшош белгилери .. 187
99-§. Чакчыл түрмөк жөнүндө түшүнүк ............... 190
100-§. Кайталоо (жыйынтыктоо) сабагы ............. 194
101-§. Кыймыл атоочтор.......................................... 195
102-§. Кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилери........................................................................ 197
103-§. Кыймыл атоочтун этишке окош белгилери........................................................................ 199
104-§. Кыймыл атоочтун синтаксистик кызматы. 202

S. Usanaliyev, N. Dustov, A. Kabulov, A. Xamidov

**«QIRG'IZ TILI»**

Umumiy o'rta ta'lim maktablarining 6-sinfi uchun darslik

*(Qirg'iz tilida)*

Toshkent — 2017

Редактор — *Абиба Юнусалиева*
Сүрөтчү дизайнерлер — *Дабижа Лариса, Халима Ходжаева*
Техн. редактор — *Жасур Нурматов*
Корректор — *Гулбайра Эралиева*

Nashriyot litsenziyasi AI № 158. 14.08.2009.
Оригинал-макеттен 2017-жылы 4 майда басууга уруксат этилди
Форматы 60x90$^1/_{16}$. Кегли 12 шпондуу. Арип түрү "Таймс Каз".
Офсет ыкмасы менен басылды. Шартту басма табагы 13,0.
Көлөмү 9,8 накта басма табак.
Нускасы 748. Заказ № 17-295

Оригинал-макет "Mitti Yulduz" ЖЧК компьютер
бөлүмүндө даярдалды. Ташкент ш. Наваий көчөсү, 30.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин
«O'ZBEKISTON» басма-полиграфиялык
чыгармачылык үйү.
100011, Ташкент шаары, Наваий көчөсү, 30.

Телефон: (371) 244-87-55, 244-87-20.
Факс: (371) 244-37-81, 244-38-10
e-mail: uzbekistan@iptd-uzbekistan.uz
www.iptd-uzbekistan.uz

***Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал***

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |

***Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлери боюнча толтурулат:***

| | |
|---|---|
| **Жаңы** | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| **Жакшы** | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| **Канааттандырарлык** | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттанарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| **Канааттандырарлык эмес** | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттанарсыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип, боёп ташталган. Окуу китеби жараксыз. |